**УДК 342.7 (575.2)**
**ББК 67.400.3 (5Кир)**

**К 97**

**“2025-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы.**

**Баяндама, төмөнкү курамдагы комиссия тарабынан даярдалды:**
Джаманбаева Дж.А., Назаралиева А.К., Жоробаев Ж.С.,
Токтосунова Н.Ж., Аралбаев У.С., Абдукеримов А.М.,
Осмонова Р.Т., Доронбеков Ч.Д., Абылгазиева У.Р., Джандаев Э.Дж.
Тункатаров О.А., Касымбекова С.А., Ахметов М.А., Абдрахманова Т.А.,
Мамаев А.А., Сабиров М.С., Андабеков Н.Т., Курманбеков К.Б.,
Узакбаева Ж.А., Бердибаев Р.Ж.

**К97**

“2025-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы.***. - Бишкек.: 2026. - 118 б.**

**ISBN 978-9967-9581-7**

УДК 342.7 (575.2)
ББК 67.400.3 (5Кир)

ISBN 978-9967-9581-9-7

# Мазмуну


Кириш сөз ... 3

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2025-жылдын 18-сентябрындагы № 3407-VII токтому менен бекитилген Акыйкатчынын сунуштарынын аткарылышы ... 5

1- БӨЛҮК. АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУНУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН СЕРЕБИ ... 6

1.1. Жарандардын кайрылуулары ... 10

1.2.Эл аралык кызматташтык ... 15

1.3. Мыйзамдарды өркүндөтүү ... 18

1.4. Жалпыга маалымдоо каражаттары менен байланыш ... 20

2-БӨЛҮК. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ ... 27

2.1. Жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу ... 27

2.2. Эмгек миграциясында жүргөн жарандардын укуктарынын сакталышын камсыз кылууга көмөктөшүү ... 30

2.3. Чет өлкөлүк жарандардын укуктарынын сакталышы ... 32

3-БӨЛҮК. СОТКО ЧЕЙИНКИ СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ ... 35

3.1 Сотко чейинки өндүрүштөгү укуктар ... 35

3.2 Эркиндигин чектөө жана ажыратуу жайларындагы адамдардын укуктары ... 37

4-БӨЛҮК. СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ ... 42

4.1. Сот өндүрүшүндө жарандардын процессуалдык укуктарынын сакталышы боюнча кепилдиктеринин практикасы ... 42

4.2. КРнын Кылмыш-Жаза Процессуалдык кодексине 2024-жылдын февраль жана 2025-жылдын май айларында киргизилген өзгөртүүлөрдү талдоо. ... 44

5-БӨЛҮК. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ ... 47

5.1. Жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укук ... 47

5.2. Билим алуу укугу ... 50

5.3. Турак жайга жана менчик объекттерине кол тийбестик укугу ... 53

5.4. Онкологиялык бейтаптардын саламаттыгын сактоого жана медициналык жардам алууга болгон укуктарынын сакталышы ... 56

5.5. Психиатриялык жардам көрсөтүү тармагындагы системдүү көйгөйлөр ... 63

6-БӨЛҮК. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ ... 71

6.1. Эрте никелерди алдын алуу багытында Кыргыз Республикасынын Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен биргелешкен мониторинг ... 71

6.2. Жазык сот өндүрүшүндө жабырлануучу балдардын укуктарынын сакталышы ... 75

6.3 КР алимент өндүрүү боюнча сот чечимдеринин аткарылышынын көйгөйлөрүнө мониторинг ... 82

6.4. Балдардын укуктары жөнүндө мыйзамдарды ишке ашыруу боюнча Балдар иштери боюнча комиссиялардын ишинин мониторинги ... 87

6.5. Бишкек шаарынын №10 орто жалпы билим берүү мектебинде (күндүзгү жана кечки окуу) окуган балдардын укуктары ... 89

6.6. Медреседе билим алып жаткан балдардын укуктары ... 91

7-БӨЛҮК. ЖАРАНДАРДЫН АЙРЫМ КАТЕГОРИЯЛАРЫНЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ ... 94

7.1. Мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган жарандардын укуктарынын сакталышы ... 94

7.2. Психиатриялык мекемелеринде жайгашкан менталдык (психикалык) ооруларга дуушар болгон адамдардын шайлоого болгон укуктарынын сакталышы. ... 99

7.3. АИВ жана кургак учук менен жашаган адамдардын укуктарынын сакталышы ... 104

7.4. Майыптыгы бар адамдардын эмгек укуктары ... 109

Кыскартуулардын тизмеси ... 112

1-тиркеме ... 114

2-тиркеме ... 115

3-тиркеме ... 116



**Урматтуу Төрага!**
**Урматтуу депутаттар!**

Сиздерге “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык, “2025-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин абалы жөнүндө” жылдык баяндаманы кароонуздарга сунуштайм.

2025 - жыл улуттук укук коргоо институтунун өнүгүшүндө маанилүү этап болду. Конституциялык Мыйзамдын кабыл алынышы Акыйкатчы Институтунун мандатынын кеңейишине алып келди. Ага Улуттук алдын алуу механизминин функциялары берилди, ошондой эле анын укуктук макамы чыңдалды. Бул өзгөрүүлөр адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түздү. Мамлекеттик органдардын тутумунда Институттун көз карандысыздыгын жана ролун күчөттү.

Өзгөчө белгилей кетсем, Институттун ишмердүүлүгүнө өлкө жетекчилиги тарабынан көрсөтүлгөн колдоо чоң мааниге ээ болду. Адам укуктарынын эл аралык күнүнө карата, 2025-жылдын 10-декабрында Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Президенти менен жолугушуп, жолугушуунун жыйынтыгында Институттун ишин уюштурууга байланышкан маселелерди чечүүгө багытталган сунуштар берилди.

Жыйынтыгында, 2025-жылдын 30-декабрында Акыйкатчы Институту 12 кызматтык автоунаага ээ болду. Бул аймактардагы өкүлчүлүктөрдү кызматтык автоунаалар менен камсыз кылууга мүмкүндүк түзүп, Институттун тарыхында биринчи жолу болуп жаткан окуя десем жаңылышпайм. Аймактардагы өкүлчүлүктөрдү кызматтык автотранспорт менен камсыз кылууга мүмкүндүк берди. Институт тарабынан көрүлүп жаткан мындай иш-чаралар жер-жерлерде ыкчам иш алып баруу мүмкүнчүлүктөрүн кыйла кеңейтип, мониторинг жүргүзүүнүн жана жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатат.

Мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан иш-аракеттерге жана адам укуктарын сактоо жаатындагы айрым оң өзгөрүүлөргө карабастан, Кыргыз Республикасында бир катар системалуу көйгөйлөр сакталып калууда. Коомдо адилеттүүлүккө, мыйзамдуулукка жана укуктарды натыйжалуу коргоого болгон талаптардын өсүшү бардык мамлекеттик институттар тарабынан макулдашылган, ырааттуу жана жыйынтыкка багытталган аракеттерди талап кылат. Мындай шартта мыйзамдарды жана укук колдонуу тажрыйбасын өркүндөтүү, жарандык коомдун институттары менен өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүү, ошондой эле адамдын укуктары менен эркиндиктеринин ишке ашырылышын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелеринин алкагындагы контролду күчөтүү өзгөчө мааниге ээ.

2025-жылы өлкөнүн бардык аймактарындагы жарандар менен өткөрүлгөн жолугушууларда, социалдык-экономикалык маселелердин актуалдуулугу сакталып калгандыгы, укук коргоо жана сот органдарынын ишине байланыштуу даттануулар бар экендиги, үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрү, ошондой эле эмгек мигранттарынын укуктарын коргоого байланышкан маселелер арбын экени дагы бир ирет тастыкталды.

Өз милдеттерин ишке ашырууда, Акыйкатчы Институту жарандардын кайрылууларын кароо, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде мониторингдерди жана текшерүүлөрдү жүргүзүү, чара көрүү актыларын киргизүү, ошондой эле мыйзамдарды

өркүндөтүүгө катышуу жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү аркылуу иш жүзүнө ашырды. 2025-жылы жүргүзүлгөн мониторингдердин жана инспекциялардын саны эки эсеге көбөйдү. Ал эми ченемдик укуктук актыларга жүргүзүлгөн экспертизалардын саны 2024-жылга салыштырмалуу 40 пайызга өстү.

2025-жылы Институттун иши укук бузуулардын өзүнчө фактыларына көңүл бурууга гана эмес, алардын себептерин аныктоого жана жоюуга багытталды. 2025-жылдын ичинде саламаттык сактоо тармагында, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары, балдардын укуктары, медиация институтунун учурдагы абалы, ошондой эле алгач ирет жагымдуу айлана-чөйрөдө жашоого болгон укук жаатында Институт тарабынан 15 изилдөө иштери жүргүзүлдү.

Отчеттук мезгилде маанилүү окуялардын бири катары Акыйкатчы Институтунун институционалдык потенциалына жүргүзүлгөн баалоо белгиленди. Аталган баалоонун жыйынтыктары мындан ары өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого, ички процедураларды өркүндөтүүгө жана укук коргоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түздү.

Ошондой эле, Акыйкатчы Институту жалпыга маалымдоо каражаттары менен системдүү жана тыгыз кызматташып, ишмердүүлүктүн ачыктыгын камсыздоого жана коомчулук менен активдүү өз ара аракеттенүүнү улантууда. Жалпыга маалымдоо каражаттары адам укуктарын коргоонун натыйжалуу механизми катары саналат деп айта алам. Резонанс жаралган учурлардагы ыкчам аракеттер мамлекеттик органдарды көңүл бурууга жана өз убагында чараларды көрүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Адам укуктары боюнча Координациялык кеңештин ишине катышуу улантылды. Эл аралык жана аймактык укук коргоо механизмдери менен өз ара кызматташуу Кыргыз Республикасынын адам укуктары жаатындагы эл аралык милдеттенмелерин аткаруусуна өбөлгө түздү.

Сунушталып жаткан баяндамада, адамдын укуктары менен эркиндиктери боюнча негизги тенденцияларга талдоо жүргүзүлүп, аныкталган системалуу көйгөйлөр жана аларды жоюу боюнча мамлекеттик органдарга сунуштар камтылган. Акыйкатчы Институту бул баяндаманы адам укуктарынын конституциялык кепилдиктеринин сакталышына жана корголушуна багытталган маанилүү кадам катары эсептейт.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин урматтуу депутаттарынан баяндаманын сунуштарын колдоону, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо кызыкчылыгында алардын мамлекеттик органдар тарабынан аткарылышына көмөктөшүүнү өтүнөм.

**Урматтоо менен,**
**Дж. А. Джаманбаева**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2025-жылдын 18-сентябрындагы № 3407-VII токтому менен бекитилген Акыйкатчынын сунуштарынын аткарылышы**

2024-жылы Акыйкатчы адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин коргоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында мыйзамдарды жана укук колдонуу практикасын өркүндөтүүгө багытталган сунуштарын мамлекеттик органдарга жөнөткөн. Аталган жыл үчүн КР мамлекеттик органдарына жалпысынан 98 сунуш берилген.

Акыйкатчынын жылдык баяндамасын кароонун негизинде 43 сунуш КР Жогорку Кеңешинин 2025-жылдын 18-сентябрындагы №3407-VII токтомуна киргизилген, калган 55 сунуш токтом кабыл алынган учурга карата аткарылган. Аталган токтомдун 4-пунктун аткаруу максатында Акыйкатчы Институту министрликтер, ведомстволор, сот жана көзөмөл органдары, ошондой эле жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген материалдарды талдап, сунуштардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзгөн.

Талдоо көрсөткөндөй, кабыл алынган чаралардын басымдуу бөлүгү уюштуруучулук мүнөзгө ээ болуп, ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгууда жумушчу топторду түзүүгө, иш-чаралар пландарын бекитүүгө, ошондой эле алдын алуу жана маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө багытталган.

Акыйкатчынын 43 сунушунун ичинен:

- 21 сунуш аткарылган;
- 13 сунуш аткарылууда;
- 2 сунуш аткарылган эмес;
- 7 сунуш боюнча маалымат берилген эмес.

Натыйжада, аткарылган жана аткарылып жаткан сунуштардын үлүшү 79% түзөт. Ошону менен бирге, аткарылышы аяктай элек же таптакыр башталa элек сунуштар да бар (мисалы,“117 Шыр байланыш линиясын”ишке киргизүү же эрте никелер боюнча мониторинг жүргүзүү тутумун түзүү). Ошондой эле айрым мамлекеттик органдар тарабынан көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат берилбеген учурлар да катталган.

Сунуштарды аткарган эмес:

- КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги – 2 сунуш боюнча.

Маалымат берилген эмес:

- КРнын Министрлер Кабинети – 7 сунуш боюнча.

# 1-БӨЛҮК. АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУНУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН СЕРЕБИ

2025-жылы Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары КРнын Конституциясында жана КРнын "Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" конституциялык Мыйзамында бекитилген милдеттер менен аныкталган.

Калктын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты бекемдөө, парламенттик контролдоо механизмдерин өнүктүрүү, мыйзамдарды өркүндөтүү, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун калыбына келтирүүгө жардам берүү Институттун приоритеттүү багыттары катары сакталып келүүдө.

Отчеттук мезгилде, Институттун ишмердүүлүгү адам укуктары чөйрөсүндөгү системдүү көйгөйлөрдү аныктоого жана талдоого, жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин абалын чагылдырууга, ошондой эле кеңейтилген мандатты практикалык ишке ашырууга багытталган.

Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнүн негизги инструменттери катары жарандардын кайрылууларын кароо, мамлекеттик мекемелерге мониторингдерди жана инспекцияларды жүргүзүү, чара көрүү актыларын киргизүү, эксперттик жана аналитикалык иштер, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары жана жарандык коомдук институттар менен өз ара аракеттенүүлөрү болду.

2025-жылы Институтка жалпысынан 9672 кайрылуу түшкөн, алардын ичинен 7429 жаранга (76,8%) оозеки укуктук кеңештер берилген, ал эми 2243 жаран (23,2%) жазуу жүзүндө кайрылган (анын ичинде 96 жамааттык). Ошондой эле "115 Шыр байланышы" аркылуу 3954 адам (40,8%) кайрылган.

2025-жылы жарандардын өз укуктарын коргоого болгон укугун ишке ашыруунун маанилүү шарттарынын бири катары Институттун калкка жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулду.

Кайрылууларды кабыл алуу ар кандай формаларда ишке ашып, оозеки жана жазуу жүзүндөгү кайрылуулар, электрондук байланыш каналдары, жеке кабыл алуулар жана "115 Шыр байланыш" аркылуу жүргүзүлдү.

Кайрылууларда эң көп көтөрүлгөн маселелердин катарына турак жайга ээ болуу укуктарын ишке ашыруудагы көйгөйлөр, саламаттыкты сактоого жана билим алууга болгон укук, социалдык мекемелердеги адамдардын укуктарынын сакталышы, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук фактылары кирди.

Кайрылууларды кароонун жыйынтыгында укук бузууларды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлүп, мамлекеттик органдарга суроо-талаптар жиберилди, жеринде текшерүүлөр жүргүзүлдү жана чара көрүү актылары колдонулду.

Адам укуктарынын бузулушун алдын алуу максатында ар кандай түрдөгү мекемелерде, анын ичинде эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана социалдык коргоо мекемелеринде Институт тарабынан мониторингдер жана инспекциялар жүргүзүлгөн.

Тактап айтканда, 2025-жылы **811 мониторинг** жүргүзүлгөн. Алардын ичинен **328** эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында, **90** аскердик бөлүктөрдө, **48** социалдык стационардык мекемелерде, **133** билим берүү мекемелеринде жана **54** саламаттыкты сактоо мекемелеринде болуп өткөн.

Аныкталган укук бузуулар боюнча мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарга мыйзам бузууларды жоюу жана жарандардын укуктарын калыбына келтирүү боюнча чара көрүү актылары жөнөтүлгөн.

Отчеттук мезгилде, чара көрүү актыларынын аткарылышы туруктуу оң динамиканы сактап, Институттун мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүнүн бекемделип жатканын көрсөттү.

2025-жылы Институт тарабынан 141 чара көрүү актысы жөнөтүлгөн жана алардын 122 аткарылган. Чара көрүү актылары негизинен КР саламаттык сактоо органдарына, билим берүү мекемелерине, ички иштер органдарына жана ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына багытталган.

Жарандардын укуктары менен эркиндиктерине тиешелүү системдүү көйгөйлөр аныкталып, ошол эле учурларда Институт мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды берген.

Эксперттик ишмердүүлүктө КРнын Конституциясына жана адам укуктарынын чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарына шайкештигин текшерүү жаатында келип түшкөн 144 ченемдик-укуктук актылардын долбоорлору талданып, экспертиза жүргүзүлүп, алардын ичинен 43 долбоор боюнча сунуштар жана сын-пикирлер берилген.

2025-жылдагы негизги окуялардын бири "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын күчүнө кириши болду. Бул мыйзамдын кабыл алынышы менен Институттун мамлекеттик бийлик органдары тутумундагы статусу олуттуу жогорулап, анын ишмердүүлүгүнүн укуктук кепилдиктери бекемделди.

Жаңы конституциялык Мыйзам, Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын кеңейтти жана аныктап берди, анын ичинде өзгөчө кырдаал жана аскердик абал шарттарында, көз карандысыздыкты камсыздоочу кошумча кепилдиктерди бекитти. Камак жайларына тоскоолдуксуз кирүү укугун, маалыматтарды, анын ичинде коммерциялык сырдуу маалыматтарды пайдаланууга, ошондой эле жабык соттук отурумдарда кызыктар тараптардын макулдугу менен катышуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болду.

Мыйзамда Институттун, кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Улуттук алдын алуу механизминин функцияларын аткаруусу да каралган.

Ошол эле учурда мыйзамдардын айрым жоболору, анын ичинде жылдык баяндама жактырылбаган учурда Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын токтотуу мүмкүнчүлүгүн караган нормалар, эл аралык стандарттарга, атап айтканда Париж принциптери талаптарына шайкештиги боюнча дагы эле көңүл борборунда калууда.

2025-жылы жарандык жана саясий укуктарды коргоо боюнча Институттун ишмердүүлүгү жарандардын кайрылууларын кароого, шайлоо укуктарын камсыз кылууга жана сот адилеттүүлүгүнө жетүүгө багытталган.

Эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы адамдардын укуктарын коргоого өзгөчө көңүл бурулду. Кайрылууларды талдоо жана жүргүзүлгөн мониторингдердин жыйынтыктары тергөө аракеттеринин жүрүшүндө мыйзам бузууларга жол берилген учурларды, укук коргоо органдары тарабынан иштердин создуктурулушун жана аракетсиздик фактыларын, ошондой эле кармоо шарттарынын, медициналык камсыздоонун жана гумандуу мамиленин бузулушун көрсөттү. Аныкталган фактылар боюнча бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө багытталган тиешелүү чаралар көрүлдү.

Жарандардын соттук процессте укуктарынын сакталышы жаатында Институт онлайн соттук отурумдарга мониторинг жүргүзүп, ошондой эле соттордо процессуалдык кепилдиктердин иш жүзүндө камсыз кылынышын изилдеп чыкты.

Отчеттук мезгилде жарандардын социалдык жана экономикалык укуктарын коргоо боюнча 324 арыз келип түштү. Жарандар негизинен кыймылсыз мүлк, социалдык камсыздоо, билим берүү, эмгек укуктарынын бузулушу жана башка маселелер боюнча кайрылышкан. Билим алууга, турак жайга, саламаттыкты сактоого жана медициналык жардам алууга болгон укуктардын сакталышы боюнча мониторингдер жана изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Аялдардын, балдардын жана үй-бүлөнүн укуктарын коргоо чөйрөсүндө, Институт жарандардын кайрылууларын кароону улантып, балдардын укуктары боюнча мыйзамдардын аткарылышына жана укук колдонуу практикасына мониторинг жүргүздү, ошондой эле мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизди. Алсак, эрте никелердин алдын

алууга жана алименттердин өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган нормалар сунушталды.

Ишмердүүлүктүн өзүнчө багыты катары майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо сакталып келет. Отчеттук мезгилде Институт бул категориядагы жарандардын шайлоо укуктарынын сакталышы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында аныкталган тоскоолдуктарды жоюу боюнча сунуштарды киргизди.

Акыйкатчы Институту аймактардагы ишмердүүлүгүн облусттук өкүлчүлүктөрү аркылуу жүргүзүп, жарандардын кайрылууларын кабыл алууну, мониторингдерди жүргүзүүнү жана жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат. 2025-жылы жеринде жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жана чара көрүү актыларынын маанилүү бөлүгү аймактык өкүлчүлүктөргө таандык болуп, жарандардын укуктары бузулган учурларды түздөн-түз жеринде аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

Ошол эле учурда өкүлчүлүктөрдө кадрдык жетишсиздик, транспорттук камсыздоо жана материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги менен байланышкан институционалдык көйгөйлөр сакталып келген. Өкүлчүлүктөр чектелген ресурстардын шартында иштеп жаткандыгы, купуя кабыл алууларды жана ыкчам сапарларды, айрыкча жарандардын укуктарын коргоо зарылдыгы эң курч турган алыскы жана жетүүгө кыйын райондорго барууну татаалдаштырган.

Укуктук агартуу ишмердүүлүгү адам укуктарынын бузулушунун алдын алуунун жана калктын укуктук сабаттуулугун жогорулатуунун маанилүү элементи катары каралган.

2025-жылы бул багытта Институттун кызматкерлери 167 иш-чара (акциялар, лекциялар жана жеринде кеңеш берүү жолугуулары) өткөрүп, 6676 угуучуну камтыды. Алар жарандарга укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча зарыл түшүндүрмөлөрдү жана кеңештерди беришти.

Институт өз ишмердүүлүгү жана адам укуктары тармагындагы актуалдуу көйгөйлөр тууралуу коомчулукту кабардар кылуу максатында жалпыга маалымдоо каражаттарын жана санариптик каналдарды активдүү колдонду. Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу материалдар улуттук жана аймактык ЖМКларда, ошондой эле расмий интернет булактарында жарыяланып, бул коомчулуктун ишенимин жана ачык-айкындуулукту жогорулатууга салым кошту.

2025-жылы Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттарында, ошондой эле чет өлкөлөрдүн медиа мейкиндигинде жана социалдык тармактарда КР Акыйкатчысынын ишмердүүлүгү тууралуу **3000ден** ашык материал жарыяланган. Алар интервьюлар, пресс-релиздер, комментарийлер, ток-шоу, маалыматтык программалар, телеберүүлөр жана социалдык тармактардагы публикациялар форматында берилген. Мындан тышкары, Акыйкатчынын катышуусунда түз эфирлер уюштурулган. Алсак, эки тилде 230 пресс-релиз, 250 макала, 350 видеоматериал, 50 радиоэфир, анын ичинде жергиликтүү жана чет элдик медиа аянтчаларында материалдар жана комментарийлер жарыяланган.

2025-жылы Акыйкатчы Институтунун жетекчилиги **200дөн ашык** жаранды жеке кабыл алды. Кайрылган жарандардын негизги маселелери сот органдарынын аракеттерине макул эместиги, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган адамдардын укуктарын коргоо, ошондой эле укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан процесстик创 создуктуруулар жана кызматтык милдеттердин талаптагыдай аткарбоосу болду.

Жыл ичинде, Акыйкатчы Институтунун жетекчилиги республиканын бардык облустарында калк менен жеринде жолугушууларды өткөрүү практикасын улантты. Иш-чаралар жергиликтүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда ачык диалог форматында өтүп, болжол менен **2 миңге** жакын жаран келди. Жарандар көтөргөн маселелер негизинен социалдык-экономикалык укуктарга тиешелүү болду.

Институттун 2025-жылдагы эл аралык кызматташтыгы артыкчылыктуу жана стратегиялык маанилүү багыттарынын бири болуп, адам укуктарын коргоо боюнча эл аралык стандарттарды улуттук практикага киргизүүгө багытталды. Эл аралык жана улуттук укук

коргоочу уюмдары менен өз ара кызматташуусу Институттун потенциалын бекемдөөгө жана жарандардын укуктарын коргоонун эффективдүүлүгүн жогорулатууга багытталды.

Институт Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин (КМШ) Адам укуктары боюнча комиссиясынын ишине активдүү катышуусун улантып, анын алкагында аналитикалык материалдар даярдалып, экологиялык укуктар чөйрөсүндөгү изилдөөлөрдү жана КМШ мамлекеттериндеги адам укуктарынын сакталышынын Индексинин методологиясын камтыган баяндамалар сунушталды.

2025-жылы Институттун потенциалын комплекстүү баалоонун жүргүзүлүшү маанилүү баскыч болуп саналат. Баалоонун жыйынтыгы Институттун бекем институционалдык негизге жана олуттуу жетишкендиктерге ээ экенин тастыктоо менен бирге, укуктук мандатка, ресурстук камсыздоого, аймактык өкүлчүлүктөрдү өнүктүрүүгө, санариптик инфраструктурага жана кадрдык потенциалга байланыштуу чектөөлөрдү аныктады. Берилген сунуштар, Институт тарабынан ыраатту ишке ашырууга кабыл алынды.
(https://ombudsman.kg/ru/documents/otchet-ob-ocenke-potenciala-instituta-akyykatchy-2025-g)

Институтка Улуттук алдын алуу механизминин функциялары өткөрүлүп берилгендигине байланыштуу, эл аралык өнөктөштөр жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен активдүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө аталган функцияларды ишке ашыруунун бюджеттик жана уюштуруу параметрлери боюнча маселелер талкууланды.

Жылдын маанилүү окуялары катары Акыйкатчынын Борбор Азия өлкөлөрүнүн омбудсмендеринин жолугушууларына катышуусу, шайлоо процесстеринин алкагында Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) Демократиялык институттар жана адам укуктары (ДИАУ) боюнча бюросунун миссиясы менен өз ара аракеттенүүсү, ошондой эле адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттардын сакталышы боюнча Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) өкүлдөрү менен системдүү диалог жүргүзүүсү кирди.

Акыйкатчы Институту **Париж принциптерине** жана эл аралык **“А” статусуна** толук шайкеш келүүгө багытталган процессти узак мөөнөттүү жана ырааттуу өнүгүү катары карайт. Өткөн жылы Институттун көз карандысыздыгын бекемдөө, аймактык тармакты өнүктүрүү, сунуштамалардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүнү системдөө, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты тереңдетүү негизги приоритеттер бойдон калды.

## 1.1. Жарандардын кайрылуулары





Акыйкатчы Институтуна 2025-жылы 9672 кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен: **7429 (76,8%)** оозеки, **2243 (23,2%)** жазуу жүзүндө (анын ичинде 96 жамааттык), “115 шыр байланыш” телефонуна 3954 (40,8%) адам кайрылган.

2024-жылга салыштырмалуу кайрылган жарандардын жалпы саны 4,2%га көбөйгөн, мында оозеки укуктук кеңеш алгандардын үлүшү 12%га, “115 шыр байланышына” кайрылгандардын саны дээрлик 35%га көбөйгөн, ал эми жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын саны 15%га азайган.

2025-жылы Акыйкатчынын атына жарандардан 2243 жазуу жүзүндөгү кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен 1498 (66,7%) - борбордук аппаратка, ал эми аймактык өкүлчүлүктөргө 745 (33,3%) жаран кайрылган. 2167 (96,6%) кайрылуу каралган, азыркы учурда кароодо – 76 (3,4%). Жарандардын кайрылуулары боюнча тиешелүү жооптор берилди.



2025-жылы каралган жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын 510у арыз ээлеринин пайдасына чечилип, укуктары калыбына келтирилген. Арыздардын 115и боюнча мыйзам бузуулар тастыкталган эмес (четке кагылды). 478 кайрылуу боюнча жазуу жүзүндө түшүндүрмөлөр берилди. Өз ыйгарым укуктарынын чегинде кароо үчүн 467 арыз башка мамлекеттик органдарга жөнөтүлдү.

25 учурда укук бузуулар тастыкталган, бирок сотко кайрылуу же даттануу мөөнөттөрү өтүп кеткенине, ошондой эле укук бузган кызматкерлердин эмгек мамилелеринин токтотулганына байланыштуу укуктарды калыбына келтирүү мүмкүн болгон эмес. Мында арызданууучуларга алардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн мүмкүн болуучу жана зарыл болгон чаралар боюнча укуктук кеңештер жана жазуу жүзүндөгү сунуштамалар берилген.




Сот органдарынын компетенциясына кирген маселелер - 816. 2025-жылы сот отурумуна байкоочу катары Акыйкатчынын өкүлүн жиберүү өтүнүчү менен кайрылган жарандардын саны 572ни түзгөн. Арызданууучулардын айтымында, буга сот системасына ишенбөөчүлүк себеп болгон. Жарандар сот инстанцияларында иштерди адилеттүү жана ачык каралышына болгон укуктарынын бузулгандыгын көрсөтүшөт.

Ошондой эле арыздардын көпчүлүк бөлүгүн укук коргоо органдарынын компетенциясына кирген кайрылуулар ээлеген. Негизинен бул жазык процессинде адам укуктарын коргоо маселелери боюнча арыздар – 468 (сотко чейинки өндүрүш, бюрократия, объективдүү эмес иликтөө), кармоо шарттары боюнча даттануулар - 75, кыйноолорго карата даттануулар – 56.

Жарандардын социалдык-экономикалык укуктары жана эркиндиктери боюнча 324 кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен 90у социалдык камсыздоо маселелери боюнча, 87си турак жай жана жер маселелери боюнча, эмгек укуктарынын бузулушу боюнча - 52, билим берүү жана саламаттык сактоо маселелери боюнча - 95 кайрылуу.


Акыйкатчыга негизинен калктын аярлуу катмары – жумушсуздар, пенсионерлер, майыптуулугу барлар, белгилүү жашаган жери жок, эркинен ажыратылган адамдар кайрылышат.

# ЖАРАНДАРДЫН СОЦИАЛДЫК КУРАМЫ




Акыйкатчы Институтуна кайрылгандардын ичинен:
1037 (46,3%) - айыл жергесинин,
ал эми 1206 (53,7%) - шаарлардын жашоочулары.
Кайрылуулардын басымдуу көпчүлүгү Кыргызстандын жарандарынан келип түшкөн. Ошол эле учурда чет өлкөлөрдөн (анын ичинде КМШ):
Россия Федерациясынан - 14,
Өзбекстан Республикасы - 8,
Казакстан Республикасы - 2
жана Беларусь Республикасынан - 1 жаран кайрылган.
Ал эми, алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен:
Түркия - 3, Ооганстан - 2, Пакистан - 2, Ливия – 1, Чехословакия – 1, Германия – 1 жана Египеттин – 1 жаранынан кайрылуулар келип түшкөн.

## КАЙРЫЛУУЛАРДЫН МҮНӨЗҮ БОЮНЧА БИЙЛИК ОРГАНДАРЫНА КАРАТА ДАТТАНУУЛАР ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ:



# Жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын мүнөзү

**1. Сот органдарынын компетенциясына кирген маселелер**

**816**

- Акыйкатчынын өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү жөнүндө — 572
- Сот чечимдери менен макул эместиги жөнүндө — 77
- Соттук чечимдердин аткарылбашы боюнча (сот аткаруучуларга карата даттанууларды кошкондо — 19
- Алимент боюнча — 56
- Соттордун аракеттери жана аракетсиздиги жөнүндө — 35

**2. Ички иштер органдарынын компетенциясына кирген маселелер**

**347**

- Милиция кызматкерлеринин аракеттери жана аракетсиздигине даттануулар — 258
- Үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу — 29
- Аялдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө — 10
- Балдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө — 32

**3. Прокуратура органдарынын компетенциясына кирген маселелер**

**121**

- Прокуратура кызматкерлеринин аракеттери жана аракетсиздигине даттануулар — 99

**4. Облустук, райондук, шаардык администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракеттерине жана аракетсиздигине даттануулар**

**177**

- Жер тилкелерин, турак үйлөрдү бөлүп берүү жөнүндө — 87
- Социалдык камсыздоо маселелери — 90

**5. Саламаттык сактоо мекемелеринин компетенциясына кирген маселелер**

**48**

- Алардын ичинен: саламаттык сактоо кызматкерлерине болгон даттануулар — 32
- Аялдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө — 12;
- Балдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө — 4

**Паспорт же күбөлүктөрдү берүү жана жарандык маселелер боюнча** — **53**

**Эмгек укуктарынын бузулушу жөнүндө** — **52**



**ЖАМКнын компетенциясына кирген маселелер** — **98**

**Кыйноолорду колдонуу боюнча даттануулар** — **56**

**Башка маселелер** — **351**

Аялдардын укуктарынын бузулушу боюнча - 47 арыз келип түшкөн, үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча - 29, жашы жете элек балдардын укуктарынын бузулушу боюнча - 36, алимент боюнча – 56.

2025-жылы Акыйкатчы Институту жалпысынан 3475 жаранды кабыл алган.

Оозеки, жазуу жүзүндөгү, жамааттык жана жеке кайрылууларда, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында көтөрүлгөн адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо тууралуу маселелерди чечүү үчүн, Акыйкатчы мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чет өлкөлүк укук коргоо уюмдары жана мамлекеттик баардык уюмдар менен тыгыз иш алып барат. Мисалга алсак, 2025-жылы Акыйкатчынын Борбордук Аппараты тарабынан кайрылууларда көрсөтүлгөн маселелер боюнча тиешелүү уюмдарга жана мекемелерге 3470 кат жөнөтүлгөн.

**Чара көрүү актылары**

Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушунун аныкталган фактылары боюнча, ошондой эле аларды жоюу максатында Акыйкатчы Институту тарабынан мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына чара көрүү актысы жиберилет.

2025-жылы Акыйкатчы Институту тарабынан жалпысынан 141 чара көрүү актысы жөнөтүлгөн, алардын ичинен 122си аткарылган (86,5%), 9 - каралууда, 10 - аткарылган эмес.

Чара көрүү актыларынын көпчүлүгү КР саламаттыкты сактоо мекемелерине 27, билим берүү мекемелерине 19, ички иштер органдарына 19, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына 14, райондук мамлекеттик администрацияларга 12, эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция органдарына 10, сот аткаруучулар кызматына 9, жазаларды аткаруу кызматына 6 жана башка мамлекеттик органдарга 25 багытталган.

Жыйынтыгында жалпысынан 109 мамлекеттик органдардын кызмат адамдары жана кызматкерлери тартиптик жоопкерчиликке тартылган, алардын ичинен 15и укук коргоо органдарынын кызматкерлери.

Акыйкатчынын сунуштарын аткарбаган мамлекеттик органдар: сот органдары - 3, сот аткаруучулар кызматы - 2, прокуратура органдары - 1, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - 1, саламаттыкты сактоо мекемелери - 1, билим берүү мекемелери - 1, ички иштер органдары - 1.




## 1.2 Эл аралык кызматташтык

2025-жылы эл аралык кызматташтык КР Акыйкатчы Институтунун артыкчылыктуу жана стратегиялык маанилүү иш багыттарынын бири болду. Эл аралык уюмдар жана башка өлкөлөрдүн укук коргоочу уюмдары менен өз ара аракеттенүү өнөктөштүк байланыштарды колдоого гана эмес, туруктуу кызматташтыктын формаларын илгерилетүүгө, тажрыйба алмашууга жана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жаатындагы көйгөйлөрдү чечүүнүн макулдашылган ыкмаларын иштеп чыгууга багытталган.

Институт эл аралык форумдарга, долбоорлорго жана окутуу программаларына катышып, бул институционалдык потенциалын чыңдоого, кызматкерлердин кесиптик

компетенттүүлүгүн жогорулатууга жана улуттук укук коргоочу тутумуна мыкты эл аралык тажрыйбаларды киргизүүгө өбөлгө түздү.

Эл аралык кызматташтыктын негизги багыттарынын бири катары Институттун КМШнын Адам укуктары боюнча комиссиясынын (Комиссия) ишине катышуусу саналат. Комиссиядагы өкүлчүлүктүн алкагында Институт КМШга мүчө мамлекеттерде адам укуктарынын сакталышынын индексинин методологиясынын долбоорун иштеп чыкты. Ошондой эле Акыйкатчы Институту Комиссияга мүчө мамлекеттерде жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укукту ишке ашыруу боюнча изилдөөнүн жыйнакталган баяндамасын даярдап, Минск шаарында (Беларусь Республикасы) Комиссиянын кезектеги жыйынында каралган. Баяндама учурдагы көйгөйлөрдү жалпы түшүнүүгө жана бул жааттагы мындан аркы кызматташтыктын багыттарын аныктоого көмөктөштү.

Муну менен катар Акыйкатчы Институту Евразиялык омбудсмендер альянсы, Азия-Тынч океан аймагындагы улуттук укук коргоочу уюмдарынын форуму (АТФ), Азия Омбудсмендер Ассоциациясы жана Европалык омбудсмендер институту сыяктуу эл аралык кесиптик бирикмелердин мүчөсү болуп саналат. Институт БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы (АУЖКБ), ЕККУнун Борбордук Азия боюнча парламенттик ассамблеясы жана ЕККУнун улуттук азчылыктар боюнча Жогорку комиссары менен да өз ара аракеттенүүнү жүргүзүп келет. Бул Институттун аймактык жана эл аралык координациялык аянтчаларга катышуусун камсыз кылат.

2025-жылы Азия-Тынч океан форумунун (АТФ) жана Кыргызстандагы БУУнун агенттиктеринин колдоосу менен Институттун потенциалын комплекстүү баалоо институционалдык өнүгүүнүн маанилүү баскычы болду. Баалоо уюмдун түзүмүн, жол-жоболорун жана функционалдык механизмдерин талдоого багытталган, ишмердүүлүктү андан ары өркүндөтүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо максатын көздөгөн. Баалоо акыркы жылдардагы бекем институционалдык негиздин жана маанилүү жетишкендиктердин бар экендигин тастыктап, ошол эле учурда укуктук мандат, ресурстук камсыздоо, аймактык өкүлчүлүктөрдү өнүктүрүү, санариптик инфраструктура жана кадрдык потенциал менен байланышкан системалык чектөөлөрдү аныктады. Институционалдык потенциалды этап-этабы менен чыңдоого жана Институттун мандатын ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган тиешелүү сунуштар ишке ашыруу үчүн кабыл алынды.

Институционалдык өзгөрүүлөрдүн шартында "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын күчүнө кириши өзгөчө мааниге ээ болду, ага ылайык улуттук алдын алуу механизминин (УАМ) функциялары Акыйкатчы Институтуна өткөрүлүп берилди. УАМдын жаңы түзүмүн түзүүгө байланыштуу Институт эл аралык өнөктөштөр жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен кеңешмелерди өткөрдү. 2025-жылы БУУ системасынын уюмдары менен бир катар жумушчу жолугушуулар болуп өттү. Анын ичинде БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин алдындагы өкүлдөрү менен Улуттук алдын алуу механизминин функцияларын ишке ашыруунун бюджеттик жана уюштуруу параметрлерин аныктоо маселелери боюнча талкуулар жүргүзүлдү.

Ошол эле учурда, Институттун учурдагы ишмердүүлүгүн талдоо системалуу жана ырааттуу чечүүнү талап кылган бир катар маселелердин бар экендигин көрсөтөт. Негизги маселелердин бири бул укуктук мандат маселеси. Эл аралык статусту, атап айтканда, Париж принциптерине ылайык "А" статусун сактоо Институттун көз карандысыздыгын камсыз кылууну көздөйт. Ошол эле учурда, жаңы конституциялык Мыйзамдын айрым жоболору, анын ичинде КР ЖК Акыйкатчынын жылдык баяндамасын жактырбоо учурунда ыйгарым укуктарын токтотуу мүмкүнчүлүгүн караган ченемдер Институттун мандатынын туруктуулугу жана анын эл аралык талаптарга шайкештиги үчүн тобокелдик факторлору катары каралат.

Көрсөтүлгөн аспектилерди талкуулоо жана мындан аркы аракеттердин мүмкүн болгон багыттарын аныктоо максатында 2025-жылдын ноябрь айында КР Акыйкатчысы Дж.А.Джаманбаева Хельсинки шаарында (Финляндия) Борбордук Азия өлкөлөрүнүн омбудсмендеринин "А статусуна карай: Париж принциптерин ишке ашырууну чыңдоо" деген

темадагы жолугушуусуна катышты. Бул иш-чарага катышуу улуттук укуктук өзгөрүүлөрдү эл аралык практика менен салыштырууга жана институционалдык көз карандысыздык маселелерин талкуулоого мүмкүндүк берди.

2025-жылы өлкөдөгү маанилүү коомдук-саясий окуя катары КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоосу болуп өттү. Буга байланыштуу 2025-жылдын октябрь айында ЕККУнун ДИАУБ миссиясынын өкүлдөрү менен шайлоого даярдык көрүү, ошондой эле учурдагы мандаттын алкагында шайлоо процесстерине мониторинг жүргүзүү маселелери боюнча жолугушуу болуп өттү.

Мындан тышкары, өлүм жазасын киргизүү боюнча коомдук талкуу жүрүп жаткан учурда КР Акыйкатчысы Дж.А. Джаманбаева БУУнун КРдагы туруктуу координатору Антье Граве жана БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын Борбордук Азия боюнча аймактык өкүлү Матильда Богнер менен жолугушту. Жолугушуунун жүрүшүндө Акыйкатчынын адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга негизделген позициясы билдирилди.

Жыл сайын 10-декабрда Акыйкатчы Институту салттуу түрдө Адам укуктары боюнча улуттук диалог өткөрүп, анын алкагында мамлекеттик органдар, эксперттер, жарандык коом жана эл аралык өнөктөштөр менен биргеликте негизги маселелер талкууланып, сунуштар иштелип чыгат. 2025-жылы Улуттук диалог кыйноолордун жана башка катаал мамилелердин алдын алуу маселесине арналды, анда БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын Факультативдик протоколунда каралган Улуттук алдын алуу механизмин ишке ашыруунун планын, түзүмүн жана тартибин иштеп чыгуу боюнча Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер чагылдырылды.

Жалпысынан 2025-жылы Акыйкатчы Институтунун эл аралык кызматташтыгы системалуу жана практикага багытталган мүнөзгө ээ болуп, институционалдык потенциалын чыңдоого, ченемдик - укуктук базасын өнүктүрүүгө жана мандатын ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

## 1.3. Мыйзамдарды өркүндөтүү

2025-жылы мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекттеринин активдүүлүгүнүн өсүшү байкалган: 144 ченемдик укуктук актылардын долбоору карооого келип түшкөн, бул 2024-жылга салыштырмалуу (101 долбоорго) 42,5%га көп. 2024-жылы 101 ченемдик укуктук актылардын долбоорунун 38 боюнча, ал эми 2025-жылы 144 долбоордун ичинен 43 боюнча сын-пикирлер жана сунуштар берилген.

**Акыйкатчы Институтуна келип түшкөн ЧУА долбоорлорунун саны**

| № | Жөнгө салуу чөйрөсү | Келип түшкөн ЧУА долбоорлорунун жалпы саны | Сунуштар жана пикирлер берилген ЧУА долбоорлорунун саны |
|---|---|---|---|
| **1** | Социалдык маселелер | 11 | 5 |
| **2** | Эмгек укуктары | 1 | |
| **3** | Кылмыш-жаза, кылмыш процесстик жана кылмыш-жаза аткаруу укугу | 16 | 6 |
| **4** | Сот тутумун жөнгө салууга байланыштуу маселелер | 4 | 1 |
| **5** | Балдардын укуктары | 3 | 2 |
| **6** | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды өркүндөтүү | 42 | 12 |
| **7** | Бюджет маселелери | 11 | 1 |
| **8** | Үй-бүлө маселелери | 5 | 3 |
| **9** | Саламаттык сактоо маселелери | 6 | 1 |
| **10** | Маалыматка жеткиликтүүлүк укугу | 1 | |
| **11** | Коопсуздук маселелери | 1 | |
| **12** | Жарандуулук маселелери | 1 | 1 |
| **13** | Башкалар | 42 | 11 |
| **Баары:** | | **144** | **43** |

Мисалы, Акыйкатчы Институту КР ЖК тарабынан кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамына (2025-жылдын 25-июну № 3277-VII) карата эки же андан көп аял алуу үчүн кылмыш жоопкерчилигин алып салуу, ошондой эле КР Кылмыш-жаза кодексин жазадан кепилдик белгилөө менен бошотуу жөнүндө беренеси менен толуктоо тууралуу норма боюнча сунуштарды киргизген. Ушундай эле позицияны КР Президенти да колдоп, аталган Мыйзамды Жогорку Кеңешке кайрадан иштеп чыгууга кайтарды. Натыйжасында, бул Мыйзам жогоруда көрсөтүлгөн сунуштарды эске алуу менен кайрадан иштелип чыккан.

2025-жылдын аралыгында КР Конституциялык сотунан келип түшкөн кайрылуулардын негизинде Акыйкатчы конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болгон колдонуудагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары боюнча өзүнүн укуктук позициясын бир нече жолу билдирген, алардын экөө төмөндөгүдөй чагылдырылган:

1) балдарга карата зордуктоо жасаган жана/же зордуктоо менен коштолгон адам өлтүрүү кылмыштарын жасаган адамдарга өлүм жазасын колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү тууралуу" Мыйзам долбоору боюнча Акыйкатчы аталган мыйзам долбоорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 6-беренесинин талаптарына жана II факультативдик протоколго карама-каршы келерин билдирген.

2025-жылдын 10-декабрында КР Конституциялык соту жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам долбоорун КР Конституциясына шайкеш келбейт деген корутунду чыгарып, аны кабыл алуу

боюнча демилгени ишке ашырууга байланышкан бардык жол-жоболор токтотулууга тийиш экенин белгилеген.

2) мурда КР жарандыгын алган, ошол эле учурда КР улуттук коопсуздугуна коркунуч жараткан ишмердикти жүзөгө ашырган же чет мамлекеттин куралдуу күчтөрүндө, укук коргоо органдарында же атайын кызматтарында аскердик кызмат өтөгөн адамды КР жарандыгынан ажыратуу мүмкүнчүлүгүн караган норманын Конституцияга каршы келгендиги боюнча, Акыйкатчы бул норманы Конституцияга каршы деп таанууну максатка ылайыктуу деген укуктук позициясын билдирген.

Акыйкатчынын потенциалын күчөтүү максатында Институт тарабынан “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” конституциялык Мыйзам долбоорун иштеп чыгууга жана аны мындан ары (үч окууда кабыл алуу процессинде) өркүндөтүүгө, ошондой эле аны ишке ашыруунун алкагында иштелип чыккан долбоорлорду даярдоого көмөк көрсөтүлгөн:


- “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (Кыргыз Республикасынын “Согуштук абал жөнүндө”, “Өзгөчө абал жөнүндө” конституциялык мыйзамдарына)” конституциялык Мыйзамы.


Институт жогоруда аталган мыйзамдарды кабыл алгандыгы үчүн Жогорку Кеңештин VII-чакырылышынын депутаттарына ыраазычылык билдирет. “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” конституциялык Мыйзам долбоору үч окууда кабыл алуу жол-жоболорунун жүрүшүндө Акыйкатчынын жылдык баяндамасы жактырылбаган учурда анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотууну караган колдонуудагы норма менен толукталган, бул Париж, Белград жана Венеция принциптерине шайкеш келбейт.

## 1.4. Жалпыга маалымдоо каражаттары менен байланыш

Акыйкатчы Институтунун басма сөз кызматы жалпыга маалымдоо каражаттары жана журналисттер, блогерлер менен тыгыз кызматташып келет. Алар Акыйкатчы Джамиля Джаманбаева жана Институттун жалпы ишмердүүлүгү, жарандардын укуктарын коргоо багытындагы жасалган иштери тууралуу маалыматтарды жарыялап турат. Институттун расмий маалыматтары жергиликтүү гана эмес, чет өлкөлүк басылмаларда дагы такай чагылдырылат.




Мындан тышкары, басма сөз кызматы Институттун социалдык тармактардагы расмий баракчалары аркылуу коомдун укуктук сабаттуулугун жогорулатуу багытында дагы иш алып барат. Бул максатта жарандардын укуктары жана эркиндиктери тууралуу видео жана текст түрүндө материалдар даярдалып, анда Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери адам укуктары, милдеттери жана жоопкерчилигин түшүндүрүп, бул жааттагы суроолорго жооп беришет.




2025-жылы жергиликтүү жана чет өлкөлүк массалык маалымат каражаттарында, ошондой эле социалдык тармактарда Акыйкатчынын ишмердүүлүгү тууралуу 3000ден ашык материал (интервью, пресс-релиз, комментарийлер, ток-шоу, түз эфир жана макала түрүндө) жарыяланган.




230дан ашык пресс-релиз эки тилде даярдалып, макала - 250, видеоматериал - 350, радиоэфир - 50 жана бир нече макала, статистикалык маалымат, комментарийлер жергиликтүү жана чет элдик медиа аянтчаларга жарыяланган.

Белгилей кетсек, Акыйкатчы Джамиля Джаманбаеванын катышуусуна түз эфирлер жыл ичинде байма-бай уюштурулуп, анда журналисттердин гана эмес, жарандардын дагы суроолоруна жооптор берилет. Медиа өкүлдөрү менен дагы такай жолугушуулар өткөрүлүп, анда өлкөдө адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы боюнча пикир алмашуу болот.




Адам укугунун бузулушуна байланышкан бир дагы маалымат жана окуя Акыйкатчынын көз жаздымында калбай, ыкчам чара көрүлүп, билдирүүлөр жана чакырыктар медиа аркылуу кеңири таратылат. Институттун дээрлик бардык расмий маалыматтары социалдык тармактарда активдүү талкууланып, коомчулукта резонанс жаратат. Пресс-релиздер пабликтерде жана миллиондогон аудиториясы бар ЖМКлардын баракчаларында жайгаштырылып, социалдык тармактарда миңдеген көрүүлөрдү жана билдирүүлөрдү топтойт.



Мисалы, Акыйкатчынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунда эки жыл бою өгөй атасы тарабынан зордукталган өспүрүм кыздын укуктарын коргоого чакыруусу медиада активдүү чагылдырылган. Пресс-релиз жарыяланган соң шектүү кармалып, мамлекеттик органдар жабырлануучу жана анын сиңдилерине колдоо көрсөтүү боюнча иштерди баштаган.




Акыйкатчы Джамиля Джаманбаева укук коргоо органдарынан 15 жаштагы кыздын коопсуздугун толук камсыз кылуу жана окуяны калыс тергөө боюнча комплекстүү чараларды көрүүнү талап кылган. Соттун өкүмү менен өгөй ата өмүр бою эркинен ажыратылды.

Эрте никеге туруу фактылары боюнча пресс-релиз коомчулукта кызуу талкуу жаратып, коомдогу бул орчундуу көйгөй түз эфирлерде, атайын берүүлөрдө чагылдырылып, коомчулуктун көңүл бөлүүсүнө түрткү болду.

Мониторинг учурунда Институттун өкүлдөрү мектеп окуучулары менен баарлашып, сурамжылоо жүргүзүп, медициналык мекемелерде жана ички иштер органдарындагы иш кагаздарын талдап, Сузак районунда бойго жетпей турмуш кургандардын саны көбөйгөндүгүн аныкташкан.





Акыйкатчы мамлекеттик органдардан кыздардын укуктарын камсыз кылууну, ошондой эле өспүрүмдөр менен нике жана диний жөрөлгөлөрдү токтотууга багытталган алдын алуу чараларын көрүүнү талап кылган.

Коомчулукта кызуу талкуу жараткан пресс-релиздердин дагы бирөөсү — Бишкектин борборунда 15 жаштагы кыздын сойкулукка тартылышы тууралуу билдирүү.

Акыйкатчы бул иште айыптоо актын атайылап жеңилдеткен укук коргоо органдарынын ишин сынга алган. Акыйкатчынын кийлигишүүсүнөн кийин сот кылмыш ишин кайра тергөөгө кайтарды.

Ошондой эле коомдо резонанс жараткан маалыматтардын бири — кайынатасы тарабынан зордук-зомбулукка кабылган 20 жаштагы кыздын окуясы. Институттун Instagram баракчасында пресс-релиз 15 миңден ашык жолу каралган жана аны 100дөн көп колдонуучу өз баракчасында бөлүшкөн.




Белгилей кетсек, бул окуя боюнча Институт телеканалдар менен биргеликте ток-шоулорду уюштурган жана өлкөнүн медиа ресурстарына аялдар менен балдардын укуктарын коргоого багытталган атайын материалдарды даярдаган.

Институттун коомчулук менен байланыш кызматы такай жалпыга маалымдоо каражаттарына, интернет булактарга жана социалдык тармакка мониторинг жүргүзүп турат. Жарандардын социалдык тармак аркылуу Акыйкатчыга кайрылуусу ыкчам кабыл алынып, дароо жооптор берилет. Ар бир билдирүү боюнча Институттун тийиштүү бөлүмдөрү андан ары иш алып барат.

Журналисттерден жана Институттун социалдык тармактагы баракчалары аркылуу жарандардан түшкөн кайрылуулардын негизинде Институттун кызматкерлери бир нече жолу жабык мекемелерге барып, аларга жооптор берилген.

Жыл ичинде Акыйкатчы аскер кызматкерлеринин жана жоокерлердин укуктарын коргоо боюнча бир нече жолу билдирүүлөрдү жасады.

Базар-Коргон районуна караштуу Бешик-Жон айылында жайгашкан Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын (ЖАМК) Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү департаментинин №5 батальонунда кызмат өтөгөн жоокердин каза болгондугу тууралуу маалымат берилип, Акыйкатчы мындай кейиштүү окуялардын кайталанып жатканына тынчсызданыусун билдирген. Ал кызмат өтөө шарттарын текшерүүгө жана уставдык талаптарды сактоого чакырган.





Материал жарыяланган соң, КР Президенти Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын төрагасы Ч. Кожошевге сөгүш берген.

Институттун маалыматтарын чет өлкөлүк массалык маалымат каражаттары да кеңири чагылдырышат. Мисалы, Акыйкатчынын россиялык кесиптеши Татьяна Москалькова менен Москвадагы жолугушуусу жана анда 2025-жылдын 10-апрелинде "Бодрость" баня комплексинде биздин жарандар менен болгон окуяга байланыштуу билдирүүсү боюнча пресс-релиз, заматта Россиянын жалпыга маалымдоо каражаттарына жана башка постсоветтик өлкөлөрдүн медиа аянтчаларында тараган.




Акыйкатчынын Түркия Республикасынын Омбудсмени Мехмет Акаржага кайрылуусу боюнча пресс-релиз да көптөгөн эл аралык маалымат агенттиктерине жарыяланып, социалдык тармакта мекендештер тарабынан колдоого алынды. Анда Джамиля Джаманбаева Түркиялык кесиптешинен Стамбул аэропортунда кармалган кыргыз мугалими Азамат Нурмат уулунун укуктарын коргоого көмөктөшүүнү өтүнгөн.




Чет өлкөдөгү кыргыз жарандарынын укуктарын коргоо боюнча Институттун ишмердиги Казакстанга жумуш издеп барып, бирок зомбулукка кабылып, кайра өлкөсүнө кайта албай калган кыздар тууралуу пресс-релизде дагы чагылдырылган.

2025-жылы Джамиля Джаманбаева мамлекеттик жана жеке телеканалдардын коштоосунда Бишкектеги №1 тергөө абагына жана Чүй облусундагы аялдар колониясына барып, кармоо шарттарына текшерүү жүргүзүп, кармалган жана соттолгон жарандар менен маектешти. Акыйкатчы журналисттерге адам укуктарынын бузулушу боюнча аныкталган фактылар тууралуу жеринде маалымат берди.




Институттун ишин чагылдырууда өлкөнүн аймактарындагы Акыйкатчынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ишине өзгөчө көңүл бурулат. Өкүлчүлүктөрдүн кызматкерлери аймактык теле жана радио эфирлерге активдүү катышып турат.

2025-жылы Улуттук теле жана радио корпорациясы менен биргеликте Ысык-Көл, Жалал-Абад, Нарын, Талас, Баткен жана Ош облустарындагы Акыйкатчынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусунда түз эфир жана теле көпүрө уюштурулду. Кызматкерлер Институттун иши жөнүндө кеңири айтып беришип, облус тургундарынын суроолоруна толук жооп беришкен.

# 2-БӨЛҮК. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ

## 2.1. Жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу

КР жарандары өзүнүн бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары системасы аркылуу Конституциянын жана КР мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат.

КР жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу *(Конституция, 2-берене, 3-б, 37-берене 2-б).*

Шайлоолорго мониторинг жүргүзүү шайлоо процессине, шайлоо органдарына жана мамлекеттик бийлик органдарына болгон ишенимди жогорулатууга, жарандардын шайлоо укуктарын коргоого, шайлоо процессинин ачык-айкын болушун камсыздайт.

Ошондуктан, Акыйкатчы Институту 2025-жылдын 29-30-ноябрында Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого мониторинг жүргүзгөн.

Өткөн шайлоонун алкагында мониторинг негизги шайлоо участкаларында гана эмес, айрым аскер бөлүктөрүндө, жабык мекемелерде *(ТИЗО,УКЖ,РПНБ)* ачылган шайлоо участкаларында, ошондой эле аралыктан добуш берүү шайлоо участкаларында да жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы шайлоо менен байланышкан маалыматтар жана кабарлар анализденген.

Мониторинг 124 шайлоо участкасын камтып, анын жүрүшүндө төмөнкү кемчиликтер аныкталган.

2025-жылдын 29-ноябрында КР Коргоо министрлигинин Аскердик комендатура башкармалыгындагы *(гауптвахтада)* шайлоо процессинин жүрүшүнө мониторинг жүргүзүлгөн. Мониторинг учурунда аталган мекемеде кармалып турган камактагы 8 адам шайлоо участогуна баруу мүмкүнчүлүгү болбогондугуна байланыштуу, комендатуранын администрациясы аркылуу Бишкек шаарынын Биринчи Май районундагы №1218 участкалык шайлоо комиссиясына добуш берүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берүү тууралуу арыз менен кайрылгандыгы белгилүү болгон.

29-ноябрда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү күнү №1218 участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү жол-жобосун өткөрүү үчүн аталган жайга *(гауптвахтага)* келишкен. Бирок, камакта кармалып турган адамдар Бишкек шаарынын Биринчи Май району боюнча каттоодо турбагандыгына байланыштуу, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү жол-жобосун жүргүзө алышкан эмес.

Бул жарандар аралыктан добуш бере алышмак, бирок буга КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 14-ноябрындагы №138 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктоо тартиби жөнүндө” жобонун 1.7-пунктунун талаптары тоскоолдук кылат. *Бул жобого ылайык, добуш берүү имараттын сыртында жүргүзүлгөн учурда аралыктан добуш берүү колдонулбайт. Аралыктан добуш берүү шайлоо күнү гана жүргүзүлөт.*

Ошол эле учурда, жогоруда айтылган Жобонун 1.7-пунктунун талаптары боюнча, алар 2025-жылдын 30-ноябрында шайлоо участокторунда гана аралыктан добуш берүү аркылуу шайлоо укуктарын жүзөгө ашыра алышат деп белгиленгендиктен, 29-ноябрда бул категориядагы шайлоочулар үчүн имараттын сыртында добуш берүү каралбагандыгы боюнча маалыматсыз камакка алынган шайлоочуларга келген №1218 шайлоо участогунун мүчөлөрүнүн даярдыгынын жетишсиздигин белгилей кетүү керек.

Кийинчерээк, камакка алынгандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү зарылдыгы боюнча Акыйкатчы Институтунун өкүлдөрүнүн

кийлигишүүсү менен маселе чечилген. 30-ноябрда №1218 шайлоо участогунда жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө камакка алынган адамдар добуш берүү укуктарын ишке ашырышкан.

Жарандардын ден соолугунун абалына же стационардык дарылануудан өтүп жаткандыгына карабастан, алардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча шайлоо процессинде тиешелүү мамлекеттик органдардын жооптуу кызматкерлери, КР Конституциясынын жана шайлоо мыйзамдарынын талаптарын эске алышпай, натыйжада бул категориядагы жарандар үчүн имараттан тышкары добуш берүү шарттары түзүлгөн эмес жана зарыл болгон уюштуруу чаралары көрүлгөн эмес.

Акыйкатчы Институту тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө негизги себептер катары КР ССМ жана ЭСКжМ тарабынан шайлоо мыйзамдарында белгиленген жарандардын тизмелерин өз убагында бербөөсү, ошондой эле шайлоо процессине киргизилген жаңы өзгөчөлүктөр боюнча укуктук даярдыктын жетишсиз деңгээли аныкталган *(7-бөлүмдү караңыз)*.

Ош жана Жалал-Абад облустарындагы тергөө абактарында жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө шайлоо процессинин жетиштүү деңгээлде уюштурулбагандыгынан улам, жалпы жонунан 450дөн ашык шайлоочунун конституциялык добуш берүү укугу бузулгандыгы аныкталган.

Мисалы, ЖАМКнын №25 мекемесинин администрациясы шайлоо мыйзамдарына ылайык, Ош аймактык шайлоо комиссиясына 365 айыпталуучунун тизмесин берген.

Ош аймактык шайлоо комиссиясы өз жообунда № 25 мекеменин администрациясына Ош шаарынын № 5 шайлоо округунда туруктуу каттоосу бар жарандардын гана тизмесин түзүүнү сунуштаган жана добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү тартибин түшүндүргөн. *(“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруунун, өткөрүүнүн жана жыйынтыгын чыгаруунун тартиби жөнүндө жобонун 1.7-пунктуна ылайык, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү учурунда аралыктан добуш берүү колдонулбайт. Ал эми аралктан добуш берүү добуш берүү күнүндө гана жүргүзүлөт”).*

Натыйжада аталган мекемеде кармалып турган 365 жарандан болгону 16 жаранга гана добуш берүү мүмкүнчүлүгү камсыздалган.

Дагы бир учурда, Манас шаарында жайгашкан ЖАМКнын №53 мекемесинин администрациясы тарабынан №11 шайлоо округдук комиссиясына 176 айыпталуучунун тизмеси берилген. Өз кезегинде №11 округдук шайлоо комиссиясы тизмеге киргизилген 176 жарандан болгону 46 жаранга гана ушул округ боюнча добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү тартиби менен добуш берүү мүмкүнчүлүгү болорун билдирген. Мындан тышкары, №11 округдук комиссиясы аралыктан добуш берүү 30-ноябрда жалпы шайлоо участкаларында уюштуруларын маалымдоо менен гана чектелген.

Ошону менен бирге, Бишкек шаарында жайгашкан ЖАМКнын №21 мекемесинде кошумча шайлоо участогу уюштурулуп, анда кармалып турган жарандар аралыктан добуш берүү жана добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү тартиби менен өздөрүнүн конституциялык шайлоо укуктарын ишке ашыра алышкандыктарын белгилей кетүү керек.

Мындай шарттарда Акыйкатчы Институту шайлоо укуктарын чектөө, шайлоону уюштурууга жооптуу органдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жана координациянын жетишсиздигинен келип чыккан деп эсептейт. Облустук жана аймактык шайлоо комиссиялары менен аталган мекемелердин жетекчилигинин ортосунда “суроо–жооп” форматындагы кат алышуу шайлоо укуктарын камсыз кылуу үчүн жетиштүү чара катары каралбайт.

Мониторингдин жүрүшүндө №1121, 1214, 1215, 1145, 1146, 4060, 1167 жана 5286 шайлоо участкаларында пандустардын абалынын талапка жооп бербестиги, ошондой эле айрым участоктордо шайлоо жайына кирүү үчүн багыт көрсөткүчтөрдүн (жебелердин) жана чакыруу баскычтарынын жоктугу аныкталган.

Шайлоочуларды, мөөнөттүү аскер кызматын өтөп жаткан адамдарды жана мажбурлап кармоо жайларында турган жарандарды сурамжылоонун жыйынтыгында, алардын көпчүлүгү КР ЖК депутаттыгына талапкерлер тууралуу маалыматтын жоктугун белгилешкен. Анткени, алар добуш берүүгө чейин тиешелүү талапкерди мүнөздөй турган үгүт жана башка маалыматтык материалдар менен алдын ала таанышкан эмес.

Бул жагдай жогоруда көрсөтүлгөн жарандардын бардык категориялары үчүн тиешелүү шайлоо округу боюнча КР ЖК депутаттыгына талапкерлер тууралуу маалыматтык материалдарга алдын ала жеткиликтүүлүктү камсыз кылуунун зарылдыгын көрсөтөт.

Парламенттик шайлоонун оң тенденциясы катары адамдар көп чогулган жерлерде *(“Asia Mall”, “Бишкек Парк”, “Дордой Плаза” соода борборлорунда ж.б )* шайлоо участкаларын уюштуруу аркылуу аралыктан добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүүнү белгилөөгө болот. Бул жаңылык шайлоочулардын активдүүлүгүн жогорулатып, коомчулук тарабынан оң баага ээ болду.

Ошол эле учурда, соода борборлорунда шайлоо участогунун иштеп жаткандыгы тууралуу маалымдоочу каражаттар жана эскертүү системалары болгон эмес.

Ушуга байланыштуу, шайлоонун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында тиешелүү маалыматтык тактайчаларды жайгаштыруу жана шайлоо тууралуу маалыматтарды камтыган заманбап техникалык эскертүү каражаттарын колдонуу зарыл.

Жогоруда көрсөтүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча КР БШК дарегине чара көрүү актысы киргизилип, анда шайлоо процессин уюштурууда аныкталган бузулууларды жана системдүү кемчиликтерди жоюуга багытталган тиешелүү сунуштар камтылган.

## СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясына:**

1. № 1121, 1214, 1215, 1145, 1146, 4060, 1167 жана 5286 шайлоо участкаларында майыптыгы бар адамдардын шайлоо укугун ишке ашыруусуна тоскоолдук жараткан бөгөттөрдү жойсун, тиешелүү шарттарды түзсүн.
2. ЖАМКнын №53 жана №25 мекемелеринде кармалып турган адамдардын шайлоо укуктарын ЖАМКнын №21 мекемесинде колдонулган тажрыйбага ылайык камсыз кылсын.
3. Жабык типтеги мекемелерде кармалып турган жарандар, ошондой эле аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөп жаткан аскер кызматчылары үчүн талапкерлер тууралуу маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылсын.
4. Шайлоону уюштурууга жана өткөрүүгө жооптуу кызматкерлерди окутуу боюнча чараларды көрсүн, ошондой эле шайлоо жол-жоболорундагы өзгөрүүлөр жөнүндө туура жана өз убагында билдирүүнү камсыз кылсын.
5. Эл көп чогулган жерлерде *(соода борборлору, базарлар ж.б.)* аралыктан добуш берүү тартиби боюнча шайлоо участкаларынын саны көбөйтүлсүн жана жер-жерлерде өткөрүлүп жаткан шайлоолор жөнүндө эскертүүчү заманбап каражаттары колдонулсун.

## 2.2. Эмгек миграцияда жүргөн жарандардын укуктарынын сакталышын камсыз кылууга көмөктөшүү

Акыйкатчы Институту чет өлкөлөрдө жүргөн жарандардын укуктарын коргоо боюнча туруктуу иш алып барат. Институтка жарандардын өздөрүнөн, алардын туугандарынан, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынан жана социалдык тармактардан кайрылуулар келип түшөт.

Ар бир учур боюнча зарыл текшерүүлөр жүргүзүлүп, КР мамлекеттик органдарына, дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө жана башка өлкөлөрдүн омбудсмендерине суроо-талаптар жөнөтүлүп турат.

Жалпысынан, чет өлкөдө жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын басымдуу бөлүгү Россия Федерациясынын аймагында жашап жана иштеп жатышат. Бул бир катар факторлор менен шартталган, атап айтканда, визалык чектөөлөрдүн жоктугу, орус тилин билүү жана алар эмгек ишмердүүлүгүн кыйла артыкчылыктуу шарттарда жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген Евразия экономикалык бирлигинин (ЕАЭБ) алкагында берилген жеңилдиктер.

Бирок, РФ миграциялык мыйзамдарынын катаалдашуусун белгилей кетүү керек, чет өлкөлүк жарандар үчүн талаптардын жана шарттардын тизмеси кеңейтилүүдө, анын ичинде өлкөдө визасыз жүргөндөр үчүн, бул эрежелер биздин мекендештерге да жайылтылууда.

Мигранттардын балдары үчүн билим берүү мекемелерине кабыл алууда милдеттүү тил тесттери киргизилди, чет өлкөлүк жарандардын каттоосу үчүн атайын реестр түзүлдү, ал эми, мыйзам бузуулар аныкталган учурда ага киргизилген адамдарга карата чектөө чаралары, анын ичинде каржылык мүнөздөгү чаралар колдонулушу мүмкүн.

Колдо болгон маалыматтарга ылайык, 2025-жылдын IV кварталына карата РФ миграциялык каттоодо 341 миңге жакын КР жарандары катталган. Ал эми көзөмөлдөгү адамдардын реестрине 100 миңден ашык адам киргизилген, аларга кошумча миграциялык контролдоо чаралары колдонулган.

Мындай кырдаалда Акыйкатчы Институту тарабынан мигранттардын укуктарын коргоого көмөк көрсөтүүсү россиялык кесиптештер менен түзүлгөн өнөктөштүктүн алкагында ишке ашырылууда. Иш аракеттер Россия Федерациясынын адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, ошондой эле адам укуктары боюнча аймактык өкүлдөрү менен тыгыз кызматташтыкта жүргүзүлөт.

Россия Федерациясына үзгүлтүксүз иш сапарлар уюштурулуп, алардын алкагында мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, тармактык ведомстволор, омбудсмен институттары менен жолугушуулар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарын кабыл алуу өткөрүлөт.

Акыйкатчы жумушчу сапарларынын алкагында миграциялык борборлорго жана жабык мекемелерге да барган.

2025-жылы Акыйкатчы Свердлов облусундагы Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен биргеликте Россия Федерациясында болгон иш сапарынын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандарын биргелешип кабыл алуу иш-чарасын өткөргөн. Иш-чарага диаспора лидерлери жана Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Екатеринбург шаарындагы башкы консулу катышышкан.

Жолугушуу учурунда эмгек мигранттарын каттоо, кош жарандуулук, балдардын билим алуусу, Россиянын аэропортторунда текшерүүдөн өтүү ж.б. маселелер көтөрүлдү. Маселелер иш тартибинде каралып, алардын айрымдары боюнча түшүндүрмөлөр жана практикалык сунуштар берилди.

Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде окуп жаткан орус жарандыгы бар мекендештердин балдарынын абалы боюнча кеңештер, анын ичинде мамлекеттик чек арадан өтүүдө документтерди тариздөөнүн мүмкүн болгон жол-жоболору боюнча сунуштар берилди.

Мындан тышкары, 2025-жылдын октябрь айында Акыйкатчынын орун басары Москвада КР жарандарын, анын ичинде студенттерди, ошондой эле эркинен ажыратылган КР жарандарынын туугандарын кабыл алды. Бул иш-чарага РФ адам укуктары боюнча ыйгарым

укуктуу өкүлчүлүгүнүн, ИИМ жана РФ тышкы иштер министрлигинин өкүлдөрү, ошондой эле КР ЭСКжМ министрлигинин өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери катышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө эмгек укуктарын сактоо, анын ичинде эмгек акыны төлөөнү кечиктирүү, миграциялык талаптарды аткаруу, тергөө иштерине байланыштуу маселелер, ошондой эле балдарды мектепке жана мектепке чейинки мекемелерге кабыл алуудагы кыйынчылыктар талкууланды.

Чакырылган өкүлдөр тарабынан көтөрүлгөн бир катар маселелер боюнча түздөн-түз жолугушууда түшүндүрмөлөр жана жооптор берилди. Ошондой эле, катышуучуларга юридикалык кеңештер берилип, кошумча кароону талап кылган кайрылуулар РФ адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т. Н.Москальковага жөнөтүлгөн.

*Мисалы: 2025-жылдын июнь айында Акыйкатчы Институтуна Россия Федерациясында жашаган Кыргыз Республикасынын жараны Б.М., уулу А.Б. өлүмүнүн жагдайларын текшерүүдө тергөө органдарынын аракетсиздиги фактысы жана анын өлүмүндө күч колдонуу менен өлтүрүү белгилери болушу мүмкүндүгү боюнча кайрылган.*

*Кызматташтык механизминин алкагында Институт РФ адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө кайрылуу жолдогон. Жолугушууда РФ ыйгарым укуктуу өкүлү маселени кароонун жыйынтыгы боюнча компетенттүү органдарга өтүнүч киргизилгенин жана текшерүү жүргүзүлүп жатканын, ал эми арыз ээсине кат түрүндө маалымат берилгендигин билдирген.*

Дагы бир учурда, РФ студенттер окуп жаткан окуу жайлары алардын өлкөдө болуу мөөнөтүн убагында узартпай койгондугуна байланыштуу миграциялык эрежелер бузулганына наараазы болушкан.

РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кызматкери С.Футо мындай көйгөйлөр Өзбекстандан келген студенттерде да кездешерин белгилеп, студенттерге өлкөдөн чыгуунун зарылдыгы жок экенин, бул маселе РФ омбудсмени тарабынан көзөмөлгө алынарын белгилеген.

РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кабыл алган кайрылууларды кароонун жыйынтыгы боюнча студенттердин келүү маселеси жарым-жартылай чечилди, мында РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кырдаалды андан ары көзөмөлгө алган.

Ошондой эле, “Сахарово” чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоо борборуна КРнын РФдагы Элчилигинин жана КР ЭСКжМ министрлигинин өкүлчүлүгүнүн катышуусу менен биргелешкен иш сапар жүргүзүлдү. 2025-жылдын 9 ай ичинде РФнын “Сахарово” борбору аркылуу КРна 2808 жаран чыгарылган (2024-жылы 3928).

Мекемеге барган учурда 160 КР жараны болгон. Иш сапардын жүрүшүндө кармоо шарттары каралып, ал жактагы жарандар менен маектешип, даттануулары угулуп, укуктук кеңештер берилген.

Иш сапардын жыйынтыгында тийиштүү маселелер жана сын-пикирлер мекеменин администрациясы менен талкууланып, андан аркы ишке кабыл алынган.

Чет өлкөлөрдө жүргөн КР жарандарынын укуктарын коргоо боюнча иштин алкагында Акыйкатчы Институту төмөнкүдөй кайрылууларга көмөк көрсөткөн:

- Тажикстанда соттолгон Кыргызстандын жараны К.Т.ны которуу маселеси боюнча Тажикстандын Омбудсменине кайрылуу жөнөтүлүп, арыз ээсине андан аркы жол-жобосу түшүндүрүлгөн;
- Өзбекстанда жаза өтөп жаткан мүмкүнчүлүгү чектелген Кыргызстандын жараны М.Б.нын укуктарын коргоо боюнча КР ТИМи, Башкы прокуратурасы, ИИМи жана Өзбекстандын Омбудсмени тартылган;
- Казакстандан соттолгон Ф.С.ны Кыргызстанда жаза өтөөсү үчүн которуу өтүнүчү боюнча соттук материалдар жана Башкы прокуратуранын позициясынын негизинде укуктук түшүндүрмөлөр берилген;

- Кыргыз Республикасынын жараны Н.В.га Россия Федерациясында мүлктүк келишимдерди түзүү үчүн документтерди алуу маселеси боюнча камкорчулук органдарына кайрылуу тартиби түшүндүрүлгөн.

Мисалы, арыз ээси М.С. 2024-жылдын апрель айында К.К. аттуу жаран иш менен камсыз кылуу шылтоосу менен анын 2006 жана 2008-жылы туулган кыздарын Кыргыз Республикасынан Казакстан Республикасына алып кеткенин билдирген. Эненин айтымында, К.К. кыздарын кайтарып берүүдөн баш тартып, алар кеминде 3 жыл “иштеп бериши керек” экенин айткан. Кыздарына физикалык зомбулук көрсөтүлгөнү жана оор жумуштарга, анын ичинде базарда оор жүктөрдү көтөрүүгө мажбурлангандыгы тууралуу маалымат берилген.

Акыйкатчынын шашылыш кайрылуусунун негизинде КР ТИМ Алмата шаарындагы КР Башкы консулуна тапшырма жөнөткөн. Консулдук мекеме кыргыз диаспорасынын көмөгү менен издөө иштерин жүргүзүп, 2025-жылдын 9-октябрында кыздар Чымкент шаарында К.К.нын жашаган жеринен табылган. Бардык зарыл процедуралар аяктагандан кийин 2025-жылдын 13-октябрында М.С.нын кыздары Кыргыз Республикасына кайтарылып, апасына өткөрүлүп берилген.

Ошентип, Акыйкатчы Институту чет өлкөлөрдө жүргөн жарандардын укуктарын коргоодо кеп-кеңеш берүү, компетенттүү органдар менен өз ара аракеттенүү жана кайрылууларды кароонун бардык баскычтарында коштоп жүрүү аркылуу комплекстүү жардамды камсыз кылууда.

Институт мигранттарга карата киргизилип жаткан жаңы тенденцияларды жана чараларды кылдат көзөмөлдөп турат. Бул маселелерди чечүү убакытты жана мамлекеттик органдардын чет өлкөлүк кесиптештер менен тыгыз кызматташуусун талап кылат.

## 2.3. Чет өлкөлүк жарандардын укуктарынын сакталышы

Акыйкатчы Институту тарабынан чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды убактылуу жайгаштыруу пунктунда *(мындан ары - убактылуу жайгаштыруу борбору)* чет өлкөлүк жарандардын, ошондой эле Түштүк Азия өлкөлөрүнөн келген чет өлкөлүк студенттердин укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн.

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасы Түштүк Азия өлкөлөрүнөн, айрыкча Индия, Пакистан жана Бангладештен келген студенттер үчүн жогорку билим алууга жагымдуу багыттардын бири болуп калды. Бул билим берүү секторунун, экономиканын жана өлкөнүн эл аралык аброюнун өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

КР Конституциясынын 52-беренесине ылайык, чет өлкөлүк жарандар КР жарандары менен тең укуктарга жана милдеттерге ээ, ал эми “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык дискриминациянын бардык түрлөрүн алдын алуу парламенттик көзөмөлдүн максаттарынын бири болуп саналат.

Мониторингдин алкагында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери “Оазис” коомдук фонду менен биргеликте Түштүк Азия өлкөлөрүнөн келген 355 студентти сурамжылап, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга расмий суроо-талаптарды жөнөтүшкөн. Чет өлкөлүк студенттердин көпчүлүгү Бишкек шаарында топтолгондугуна байланыштуу өзгөчө көңүл Бишкек шаарына бурулду.

КР ТИМ маалыматы боюнча 2025-жылдын май айына карата Индия, Пакистан жана Бангладештен келген студенттик визасы бар чет өлкөлүк студенттердин саны 2024-жылдагы 48 524 адамдан 2025-жылы 11 645 адамга чейин кыскарган.

Түштүк Азия өлкөлөрүнөн келген студенттердин КР билим алууга болгон кызыгуусун аныктаган негизги факторлор болуп, өлкөлөрүндө медициналык кадрларга болгон жогорку суроо-талап, окуу акысынын жеткиликтүүлүгү, кабыл алуу талаптарынын салыштырмалуу жумшактыгы жана Түштүк Азия өлкөлөрүндө студенттерди мамлекеттик колдоо программаларынын болушу эсептелет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө бир катар системалуу көйгөйлөр аныкталды, атап айтканда:

- Чет өлкөлүк студенттердин көпчүлүгү (79%) турак жай табууда, ижара акысынын негизсиз жогору коюлушу, этникалык белгиси боюнча баш тартуулар, тилдик тоскоолдуктар

жана ортомчулардын алдамчылык аракеттери сыяктуу кыйынчылыктарга туш болушат. Көп учурларда турак жай ижара келишими түзүлбөстөн жүргүзүлөт. Бул студенттердин укуктук жактан алсыздыгын күчөтөт. Жатаканалар жана хостелдер салыштырмалуу коопсуз болгондугуна карабастан, студенттер алардын корголуу деңгээлине тынчсызданууларын билдиришет.

- Коомдук транспортто жана коомдук жайларда дискриминациялык мамиле олуттуу көйгөй бойдон калууда. Чет өлкөлүк студенттер жүргүнчүлөрдүн терс мамилеси, уурулук, сөз менен кемсинтүү жана коркутуулары тууралуу билдиришкен. Сурамжылоого катышкандардын 40%дан ашыгы физикалык коркутууларга жана кол салууларга туш болгон.
- Чет өлкөлүк студенттердин шаардын маданий жана коомдук жашоосуна катышуусунун төмөн деңгээли белгиленет, бул окуу жайларынын аларды интеграциялоо боюнча жетишсиз иштери менен байланыштуу.

Окуу визасы боюнча эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө мыйзам тарабынан тыюу салынганына карабастан, алар көбүнчө эксплуатация жана эмгек укуктарын бузуу шарттарында чет өлкөлүк студенттердин болжол менен 17% окууну иш менен айкалыштырат. Ошол эле учурда, студенттердин басымдуу бөлүгү КР билим алуучу өлкө катары карашып, эмгек ишмердүүлүгү үчүн калууну пландашпайт.

Мындан тышкары, чет өлкөлүк студенттердин укук коргоо органдарына болгон ишенбөөчүлүк деңгээли тынчсыздануу жаратат. Жабыркагандардын 70%дан ашыгы укук коргоо органдары менен болгон терс тажрыйбадан улам жардам сурап кайрылышпайт. Жеткиликтүү психологиялык жана юридикалык жардамдын жоктугу алардын алсыз абалын дагы да күчөтөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары чет өлкөлүк студенттердин укуктарын коргоого, дискриминацияны алдын алуу, коопсуздукту жогорулатуу жана мамлекеттик институттарга ишенимди бекемдөө максатында комплекстүү чараларды көрүүнүн зарылдыгын көрсөтөт.

Акыйкатчы Институту адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөл жүргүзүү менен укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу даттануулар боюнча кайрылууларды кабыл алат.

Мисалы, 2025-жылдын 28-октябрында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери Афганистан Республикасынын жараны, башпаанек издеген жаран Н.А. аттуу айымдын кайрылуусунун негизинде Манас аэропортунун аймагында жайгашкан чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын убактылуу кармоо пунктуна *(убактылуу жайгаштыруу пункту)* мониторинг жүргүзүшкөн. Бирок, жерине барганда Институттун кызматкерлерине борбордун аймагына кирүүгө тоскоолдук көрсөтүлгөн.

Бул факт боюнча тиешелүү чара көрүү актысы түзүлүп, кароого КР Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн. Өз кезегинде Аскер прокуратурасы мыйзам бузууларды жоюу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга сунуш киргизген. Натыйжада күнөөлүү кызмат адамы дисциплинардык жоопкерчиликке тартылган.

Андан кийин гана, 2025-жылдын 3-ноябрында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлерине Убактылуу жайгаштыруу пунктунда мониторинг жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Текшерүүнүн жыйынтыгында чет өлкөлүк жарандарды кармоо шарттары жана алардын укуктарынын сакталышында бир катар мыйзам бузуулар аныкталган.

Мониторинг учурунда Убактылуу жайгаштыруу пунктунда жалпы 160 чет өлкөлүк жаран кармалып турганы аныкталган. Алардын ичинен: Бангладеш – 86, Пакистан – 65, Вьетнам – 6, Өзбекстан, Кытай жана Түркия мамлекеттеринин ар биринен 1 ден жарандар.

Текшерүүнүн жыйынтыгында, чет элдик жарандардын санитардык-гигиеналык жана жашоо шарттар талапка жооп бербестиги аныкталган. *(имараттын ичинде дааратканалар жеткиликсиз, короодо 160 адамга болгону үч биотуалет орнотулган).* Имарат жылытуу системасы жок эки блоктон турат, кондиционерлер төрт гана бөлмөдө иштейт. Короодогу душ кабиналары убактылуу жана колго жасалган. Штаттык ашпозчу бар экенине карабастан, кармалгандар тамакты көчөдө даярдашат, бул коопсуз жана тең салмактуу тамактануу талаптарын бузат. Мындан тышкары, кармалгандар юридикалык жардамдан жана байланыш

каражаттарынан ажыратылган: уюлдук телефондору алынган, туугандары, адвокаттары жана котормочулар менен байланышуу мүмкүнчүлүгү чектелип, бул КР Конституциясын жана "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" мыйзамды бузат.

Чет өлкөлүк жарандардын Убактылуу жайгаштыруу пунктундагы кармоо шарттары убактылуу кармоо жайларындагы адамдарга карата жалпы кабыл алынган гумандык стандарттарга жооп бербейт.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Акыйкатчы Институту КР Министрлер Кабинетине аныкталган кемчиликтерди жоюу, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн санитардык-гигиеналык, турмуштук жана укуктук шарттарды камсыз кылуу боюнча рекомендациялык сунуштарды жолдогон.

Кийинчерээк, сунуштарды кароонун алкагында, КР ИИМ маалыматына ылайык, чет өлкөлүк жарандар жашаган блоктордун биринде эки кабатта оңдоо иштери жүргүзүлгөн. Атап айтканда, жылытуу батареялары орнотулуп, желдетүү системасы коюлуп, электр зымдары толугу менен алмаштырылган. Ошондой эле 60 кондиционер оңдолуп, талаптарга ылайык келтирилген.

Мындан тышкары, эки душ бөлмөсү (ар биринде 6 душ кабинасы жана 6 раковина), эки санитардык түйүн жана эки кир жуучу жай оңдолуп, кир жуугуч машиналар менен жабдылган.

Ички иштер министрлиги Убактылуу жайгаштыруу пункту атайын режимдеги объекттерге коюлган коопсуздук талаптарын сактоо менен иштей турганын белгилеген. Ошол эле учурда, текшерүүлөрдү алдын ала макулдашуу сыяктуу убактылуу чектөөлөр, Акыйкатчы Институтунун мыйзамдуу ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу максатын көздөбөгөндүгүн маалымдаган.

Ошондой эле, учурда Убактылуу жайгаштыруу пунктундагы чет өлкөлүк жарандардын тамактануусу ИИМдин Ички аскерлеринин бөлүктөрү тарабынан белгиленген тартипте уюштурулуп, жооптуу кызмат адамдарынын көзөмөлүндө турат.

Ички иштер министрлиги Убактылуу жайгаштыруу пунктунда чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча иштерди улантууга жана бул багытта Акыйкатчы Институту менен тыгыз кызматташууга даяр экенин билдирген.

## СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Чет өлкөлүк студенттерге карата дискриминацияны алдын алуу программалары иштелип чыксын жана киргизилсин.
2. Жогорку окуу жайларда чет элдик студенттерди адаптациялоо үчүн психологиялык жана укуктук колдоо механизмдери, менторлук программалары түзүлсүн.
3. Чет өлкөлүк студенттерге чектелген жумуш убактысы менен иштөөгө уруксат берүү үчүн мыйзамдарды өзгөртүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

# 3-БӨЛҮК. СОТКО ЧЕЙИНКИ СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 3.1 Сотко чейинки өндүрүштөгү укуктар

КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине ылайык, сотко чейинки өндүрүш – бул арызды, кылмыш жөнүндө билдирүүнү Кылмыштардын бирдиктүү реестрине каттоодон, тергөөгө чейинки текшерүүдөн, тергөөдөн жана прокурордун иш материалдарын сотко кароо үчүн жөнөтүүдөн турган кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бир бөлүгү.

"Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" конституциялык Мыйзамга ылайык, Акыйкатчы маңызы боюнча сот өндүрүшүнүн предмети болуп саналган даттануулар боюнча иштин жагдайын карай албайт.

Процессуалдык мыйзамдарга ылайык, мыйзамда каралган прокурордун макулдугун же тергөө судьясынын чечимин алуу учурларын кошпогондо, тергөөнүн багытын жана тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө бардык чечимдерди тергөөчү өз алдынча кабыл алат.

Ошентип, сотко чейинки өндүрүштүн мыйзамдуулугуна прокурордук көзөмөл жана соттук көзөмөл жүргүзүлөт.

Буларга карабастан, Акыйкатчы Институтуна сотко чейинки өндүрүш жагдайларына тиешелүү даттануулар көп түшүүдө.

Институтка келип түшкөн 2243 кат жүзүндөгү кайрылуунун ичинен 588и (жалпы санынын 26%) сотко чейинки өндүрүштө адам укуктарынын бузулушуна тиешелүү болгон. Алардын ичинен 441 арыз шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын укуктарына, 147си жабырлануучулардын жана жабыркагандардын укуктарына тиешелүү болгон.

Бардык келип түшкөн арыздардын ичинен 357си (61%) ички иштер органдарынын аракеттерине жана аракетсиздигине, 121и (21%) прокуратура органдарына, 77си (13%) тергөө судьяларына, 33ү (5%) УКМК органдарына тиешелүү болгон.

2025-жылдагы маалыматтар көрсөткөндөй, арыздардын жана даттануулардын көпчүлүгү ички иштер органдарына туура келет.

Жарандардын арыздарында көбүнчө тергөөчүлөрдүн тергөөнү создуктуруп, айыпталуучулардын же жабырлануучулардын жүйөлөрүнө көңүл бурбай, тергөөнү айыптоо багытында жүргүзүп, орой мамиле жасаганы тууралуу жагдайлар көрсөтүлөт. Талдоо көрсөткөндөй, жарандардын укук коргоо жана сот органдарына болгон ишенимсиздиги айрым учурларда негиздүү болуп, өз оордун тапкан учурлар да кездешет.

*Мисалы, 2025-жылдын 21-майында Акыйкатчы Институтуна жаран К.У. өзүнүн укуктарын коргоо үчүн жарандык никедеги күйөөсү Э.Т. тарабынан үй-бүлөлүк зомбулук көрсөтүлгөн факты боюнча кайрылган. Жабырлануучу катуу сабалгандыгынан улам бетинин сөөгү сынганына карабастан, милиция органдары 2025-жылдын 9-мартынан тарта күнөөлүү адамга карата эч кандай чара көргөн эмес. К.У. Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда болгон, жыйынтыгында Башкы прокуратурага бул факт боюнча кылдат текшерүү жүргүзүү сунушу менен кайрылуу жөнөтүлгөн.*

*Акыйкатчы Институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында, 2025-жылдын 22-майында Бишкек шаарынын Ленин райондук ички иштер башкармалыгы тарабынан КР Кылмыш-жаза кодексинин 130-бер. 1-бөл. каралган кылмыштын белгилери боюнча кылмыш иши козголуп, ошол эле күнү Э.Т. шектүү катары кармалып, ага айыбы угузулуп, сот тарабынан камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы тандалган.*

2025-жылдын 4-апрелинде адвокат М.И. Чүй районунун ИИБнын тергөөчүсү С.С.нын аракеттерине, сотко чейинки өндүрүш боюнча анын өтүнүчүн кароодо этика ченемдерин бузгандыгы жана ишти создуктуруу тууралуу арызы менен кайрылган.

*Институт бул факт боюнча Башкы прокуратурага кызматтык иликтөө жүргүзүүнү сунуштаган. Чүй облусунун ИИББ тарабынан жүргүзүлгөн кызматтык иликтөөнүн натыйжасында тергөөчүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы, этиканы бузгандыгы аныкталган жана облустук ИИББнын начальнигинин буйругу менен тергөөчүгө тартиптик жаза колдонулган.*

*2025-жылдын августунда Акыйкатчы Институтуна жаран У.Х. милиция органдары тарабынан анын арызын кароодо негизсиз создуктуруу фактысы боюнча кайрылган. 2025-жылдын июнь айында ал милиция органдарына көп аял алуу фактысы боюнча М.М.га карата кылмыш ишин козгоо өтүнүчү менен кайрылган. Анын айтымында, М.М. А.А. менен катталган никеге туруп, кыргыз салты боюнча аны менен баш кошуп, балалуу болушкан. Бирок баласынын оорусу аныкталганда, М.М. аларды таштап кеткен. Өз сөзүнө далил катары ал атасы болуп М.М. көрсөтүлгөн баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн, ошондой эле алардын биргелешкен үй-бүлөлүк жашоосун тастыктаган фото жана видеоматериалдарды көрсөткөн. М.М.нын аракеттеринде КР Кылмыш-жаза кодексинин 176-бер. (эки же андан көп аял алуу) каралган кылмыштын белгилерине карабастан, укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголгон эмес.*

*Акыйкатчы Институтунун Башкы прокуратурага кайрылуусунан кийин гана, 2025-жылдын 1-декабрында Бишкек шаарынын Октябрь районунун ИИБнын тергөө кызматы тарабынан көрсөтүлгөн факты боюнча кылмыш иши козголгон.*

*2025-жылдын 16-декабрында М.М. КР Кылмыш-жаза кодексинин 176-бер. каралган кылмышты жасагандыгы үчүн айыпталып, ага карата электрондук көзөмөл түрүндөгү бөгөт коюу чарасы колдонулган. 2025-жылдын 23-декабрында кылмыш иш бекитилген айыптоо актысы менен бирге, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотуна негизинен кароо үчүн жөнөтүлгөн.*

*2025-жылдын май айында Акыйкатчы Институтуна жашы жете элек И.Б.нын апасы жана адвокаты кайрылып, сойкулукка тартуудан жабыр тарткан баланын укуктарын коргоону өтүнүшкөн. 2024-жылдын сентябрь айында милиция кызматкерлери 14 жаштагы кызды интимдик кызмат көрсөтүүгө мажбурлаган даректен табышкандыгы аныкталган. Бул факты боюнча КР Кылмыш-жаза кодексинин 159-беренесинин 3-бөлүгү (баланы сойкулукка тартуу) боюнча кылмыш иши козголгон.*

*Бирок, тергөө учурунда айыпталуучулар Х.Ж. жана А.А. кызынын аракеттери негизсиз түрдө бойго жеткен адамдарды тартуу үчүн жоопкерчиликти караган ошол эле берененин 1-бөлүгүнө кайра квалификацияланган. Адвокаттын айтымында, тергөөчү баланын жактоочусу жоктугунан жана мыйзамдуу өкүлдүн укуктук сабатсыздыгынан пайдаланып, айыпталуучуларга өзгөчө оор кылмыш үчүн катуу жоопкерчиликтен качууга жардам берген. Натыйжада, 2025-жылдын январь айында Биринчи май районунун прокуратурасы айыпталуучу А.А. кызы менен күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашууга жетишип, март айында сот 100 000 сом өлчөмүндө айып пул салууга гана өкүм чыгарган.*

*Акыйкатчы Институтунун кийлигишүүсүнөн кийин Башкы прокуратура одоно мыйзам бузуулар болгонун тапкан. Мамлекеттик айыптоочуларга сотто ишти тиешелүү берене (КР Кылмыш-жаза кодексинин 159-беренесинин 3-бөлүгү) боюнча айып коюу үчүн прокурорго кайтаруу жөнүндө өтүнүчтү колдоо тапшырылган. Натыйжада Биринчи май райондук соту айыпталуучу Х.Ж.га карата күнөөнү моюнга алуу жөнүндөгү макулдашуудан баш тартуу тууралуу өтүнүчтү канааттандырып, ишти жаңы айыптоо актысын түзүү үчүн кошумча тергөөгө жөнөттү.*

## 3.2 Эркиндигин чектөө жана ажыратуу жайларындагы адамдардын укуктары

Камактагы же жазасын өтөп жаткан адамдардын укуктарын камсыз кылуу - Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Эркиндигинен ажыратылган адамдар укук коргоо органдарына жана жабык мекемелердин администрацияларына толук көз каранды болгон аярлуу категориядагы жарандар болуп эсептелет.

Учурда, ЖАМК системасында 9 түзөтүү мекемеси иштеп, анда 4,5 миңге жакын соттолгон адам жазасын өтөп жатат. Ошондой эле, 6 тергөө изолятору иштөөдө, алардын атайын контингенти 1,5 миңге жакын адамды түзөт. Мындан тышкары, ИИМ системасында 45 убактылуу кармоочу жай бар.

Акыйкатчы Институтунун мандатынын алкагында ЖАМК, ИИМ жана УКМК жабык мекемелеринде Институттун кызматкерлери тарабынан 328 инспекция жана мониторинг жүргүзүлдү. Мониторигдердин жүрүшүндө тергөөдө камакка алынгандардан жана соттолгондордон 190 жазуу жүзүндөгү арыз келип түшкөн (анын ичинен 56 кыйноо фактылары боюнча). Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча 6 чара көрүү актысы киргизилип, 4 кызматкерге карата тартиптик жаза колдонулган.

Мониторинг жүргүзүүдө көрсөтүлгөн мекемелерде кармалган адамдардын кармоо шарттарына, тийиштүү медициналык камсыздоого жана аларга гумандуу мамиле жасоого өзгөчө көңүл бурулат.

2025-жылдын январь айында Степное айылында жайгашкан ЖАМК №2 түзөтүү мекемесиндеги камактагы аялдарга, эмчек эмизген энелерге жана алардын балдарына мамиле кылууга байланыштуу БУУнун Бангкок эрежелерин сактоо боюнча комплекстүү мониторинг жүргүзүлгөн. Текшерүү учурунда адам укуктарынын жана санитардык нормалардын одоно бузулушу аныкталган.

Мекеменин балдар үйүндө жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен сүт жана колдонууга мүмкүн болбогон жашылчалар таратылып жаткан учурлар аныкталган. Соттолгон энелер тамак-аштын сапатына байланыштуу арыздарына көңүл бурулбай, ал эми администрация тарабынан коркутуулар жана куугунтуктоолор болуп жатканын билдиришкен. Негизги гигиеналык каражаттардын (памперстердин, витаминдердин жана жууп-тазалагыч каражаттардын) жоктугунан улам абал курчуп баратат. Аялдарга керектүү буюмдардын ордуна эки айга бир гана кир самын берилип келген, бул БУУнун Бангкок эрежелерин түздөн-түз бузуу болуп саналат.

Имараттардын материалдык-техникалык абалы канааттандырарлык эмес деп табылды. Турак жай бөлмөлөрү эскилиги жеткен терезелердеги сынган айнектерден улам кыш мезгилинде суук. Аялдар бөлмөлөрүн жылытуу үчүн изоляциясы жок зымдарды колдонуу менен колдо жасалган электр жабдыктарын пайдаланууга аргасыз болушууда. Көрсөтүлгөн абал өрт коопсуздугун пайда кылуу менен соттолгон аялдардын электр тогуна урунуу коркунучун жаратат. Имараттын ичиндеги санитардык түйүн (саркынды суу агуучу түтүк ажатканада жана жуунуучу бөлмөлөрдө жарактан чыккан) иштебеген абалда. Ошол себептен, балдары бар аялдар сыртта орнотулган, таптакыр санитардык талаптарга жооп бербеген, шарты жок ажатканы колдонууга аргасыз болушууда. Бул тазалык жана адептүүлүк шарттарын сактоону талап кылган Нельсон Манделанын эрежелерин одоно бузуу болуп эсептелет.

Мекемедеги медициналык жардам көрсөтүүнүн абалы жана кызматкерлердин мамилеси өзгөчө тынчсызданууну жаратат. Педиатрдын үзгүлтүксүз текшерүүлөрүнө карабастан, балдар эмделген эмес, себеби соттолгон энелерге балдары менен бейтапканага барууга тыюу салынган. Мындан тышкары, жазасын өтөп жаткан соттолгон аялдардын көпчүлүгү медициналык бөлүмгө, атап айтканда, медициналык кызматкерлердин орой жана шалаакы мамилелерине даттанышкан. Медициналык жардам сурап кайрылуу, режимди бузуу катары бааланган учурлар болгон. Айтсак, онкологиялык оорусу бар жана медициналык текшерүүдөн өтүүнү суранган соттолгон А.И. туруктуу укук бузуучу деп табылып, камакта

кармоонун катаал шарттарына которулган. Өпкөнүн оор өнөкөт оорулары менен ооруган соттолгондор дарыланууга жетүүдө ушундай эле көйгөйлөргө туш болушкан. КР мыйзамдарына ылайык, администрация толук кандуу медициналык тейлөө үчүн шарттарды түзүүгө милдеттүү, бирок №2 мекемеде бул нормалар системалуу түрдө бузулган.

2025-жылдын 6-февралында Акыйкатчы Институтунун мониторингинин жыйынтыгы боюнча ЖАМКнын төрагасына жарандардын укуктарын бузууларды четтетүү жөнүндө сунуштама киргизилген. Сунуштаманы кароонун жыйынтыгында №2 мекеменин наристелер үйүндө даараткананын суу түтүгү, жуунучу бөлмөдөгү канализация оңдолуп, жаңы 100 литрлик суу жылыткыч орнотулган. Муздаткыч алмаштырылып, жаңы кир жуугуч машина орнотулган. Ошондой эле бөлмөлөрдүн терезелери алмаштырылган.

2025-жылдын 29-декабрында Акыйкатчы №2 мекемеге кайрадан барган учурда мекеменин администрациясынын ишинде оң өзгөрүүлөр катталган. Балдар үйү, медициналык бөлүк, мекеменин катуу жана жалпы режимдеги бөлмөлөрү текшерилди. Соттолгондорду кайра социалдашуу программасына ылайык, мекемеде 110 жумуш орундуу тигүү цехи, 14 жумуш орундуу нан бышыруу цехи иштеген. Жаза мөөнөтүн өтөп жаткан 292 аялдын 62си Акыйкатчы менен маектешүүнү каалаарын билдиришкен. Бул жолу арыздар шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу, паспорт алуу, ырайым кылуу, экстрадиция жана сот өкүмдөрүн кайра кароо маселелерине тиешелүү болду.

Соттолгондор кармоо шарттары жана адамгерчиликсиз мамиле боюнча арызданбаганына карабастан, Акыйкатчы мекеменин администрациясына аялдардын кармоо шарттарын, алардын турмуш-тиричилик жана медициналык-санитардык жактан камсыздоону жакшыртуу боюнча сунуштарды берди.

2025-жылдын 21–22-майында Акыйкатчы Институту ЖАМКнын №21 мекемесинде камакта кармалган адамдарды тамак-аш азыктары менен камсыз кылуу бөлүгүндөгү укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзгөн. Текшерүү күнүмдүк тамак-аш нормалары толук көлөмдө сакталып жатканын жана бул тармакта эч кандай бузуулар аныкталбаганын көрсөттү.

Ошону менен бирге, берүүлөрдү кабыл алуу пунктунун ишинде бир катар көйгөйлөр катталды. Берип жиберүүлөрдү текшерүү процессинин жай жүрүп жатканынан улам келүүчүлөрдүн көпчүлүгү бир нече саат кезекте турууга аргасыз болгондугу мониторингде аныкталган. Айыпталуучулар алардын жакындары көп учурда буюмдарын өз убагында жеткире албай, аба ырайынын ысык мезгилинде жана узак күтүүдөн улам тамак-аш азыктары жараксыз болуп каларын билдиришкен. “Кылмыш жасоого шектелип жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоо тартиби жана шарттары жөнүндө” Мыйзамына ылайык, шектүүлөр айына жалпы салмагы 100 кг чейинки берүүлөрдүн санын чектөөсүз алууга укуктуу, бирок берүүлөрдү кабыл алуу пункттун иштөөсүнүн учурдагы уюштурулушу бул укукту толук кандуу ишке ашырууга тоскоолдук жаратууда.

2025-жылдын 27-майында Акыйкатчы Институту тарабынан аныкталган кемчиликтерге байланыштуу ЖАМК жетекчилигине кабыл алуу пунктунун ишин жакшыртуу боюнча сунуштар жөнөтүлгөн. 2025-жылдын 12-июнундагы ведомствонун расмий жообунда көрүлгөн чаралар тууралуу маалымат берилген: №21 мекемеде нөөмөттө турган кызматкерлердин саны көбөйтүлгөнү, электрондук кезек системасы киргизилгени, ошондой эле кире беришке чатыр жана күтүп тургандар үчүн кошумча отургучтар орнотулганы жөнүндө белгиленген. Кийинки жолугушуу учурунда камактагылар жардам үчүн ыраазычылык билдиришип, кабыл алуу пунктунун ишинин кыйла жакшырганын жана тамак-аш менен буюмдарды өткөрүп берүү жол-жобосунун жөнөкөйлөштүрүлгөнүн белгилешкен.

2025-жылдын 15-декабрында №21 мекемеге мониторинг жүргүзүүнү Акыйкатчы өзү жетектеп, анын жүрүшүндө 19 камерага жайгаштырылган 129 аялдын кармоо шарттары текшерилди. Маектешүүлөрдүн жүрүшүндө аялдардын көпчүлүгү мекеменин эки кызматкери тарабынан системалуу түрдө орой мамилеге кабылгандыгын белгилешти. “Кылмыш жасоого шектелип жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоо тартиби жана шарттары жөнүндө” Мыйзамга ылайык, мындай мекемелердеги режим гуманизм жана адамдык кадыр-

баркты сыйлоо принциптерине негизделип, физикалык же моралдык азап тартууга алып келген ар кандай аракеттер менен коштолбошу керек. Аныкталган бузууларга жооп катары мекеменин администрациясы ошол эле күнү аталган кызматкерлерди атайын контингент менен байланышы жок башка бөлүмдөргө которгон.

Ошондой эле, мониторингдин жүрүшүндө камералар кыдырылып, №21 мекемеде кармалган 209 эркек киши менен баарлашуу жүргүзүлдү. Айтылган даттанууларды 2 топко бөлүүгө болот: тергөө жана сот маселелерине тиешелүү, ошондой эле №21 мекемеде камакта кармоо шарттарына тиешелүү болгон даттануулар. Атап айтканда, айыпталуучулар К.А. жана Ш.А. тергөөдөгүлөргө карата жол берилгис таасир этүү ыкмалары колдонулганын билдиришти. Алардын айтымында, мекемеде мажбурлоо менен камактагы адамдардын чачын тыкыр алуу, кийим формасына негизсиз талаптарды коюу (“ак калпак” улуттук баш кийимин кийүүгө тыюу салуу) жана күч колдонуу же карцерге камоо коркунучу астында кемсинткен абалда жүрүүгө мажбурлоо практикаланат. Мында камактагыларга өз укуктарын жана милдеттерин билүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, ички тартиптин эрежелери менен таанышууга мүмкүнчүлүк берилбейт.

Тергөөдөгүлөрдүн көпчүлүгү медициналык бөлүмдүн ишинин сапаты начар болгонуна наараазычылык билдиришти. Мониторингдун жыйынтыгы боюнча ЖАМК жетекчилигине тергөө абагындагылар тарабынан айтылган бардык жагдайлар боюнча мыйзамсыз мамиле ыкмаларына бөгөт коюу максатында кылдат кызматтык иликтөө жүргүзүү сунушу жөнөтүлгөн.

2025-жылдын июнь-июль айларында Акыйкатчы Институту Чүй облусунун ИИБ убактылуу кармоочу жайларына масштабдуу мониторинг жүргүздү. Текшерүүнүн максаты – кармоо шарттарынын улуттук мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга, анын ичинде адамгерчиликтүү мамиле жасоого жана инсандын кадыр-баркын урматтоого кепилдик берген Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга ылайык келүүсүн аныктоо болду.

Мониторингдин жыйынтыгында Жайыл, Сокулук, Москва, Кемин жана Ысык-Ата райондорунда тиричилик жана санитардык нормалардын системдүү бузулушу аныкталды. Ички тартип эрежелерин бузуу менен катар, камералар керектүү эмеректер менен дээрлик жабдылган эмес: столдор, суу крандары, текчелер жана ичкенге суу куюлган челектер жок болгон. Санитардык түйүндөрдүн абалы өзгөчө оор - Москва районунда санитардык түйүндөрдөгү канализация иштебей калгандыктан, шектүүлөр жана айыпталуучулар короодогу даараткананы колдонууга аргасыз болушкан. Калган райондордо санитардык түйүндөр жана душ кабиналары ИИБнын короосунда жайгашкан, бул жайгаштыруу стандарттарын одоно бузуу болуп саналат.

Инспекция ошондой эле нөөмөт бөлүктөрүндө кармалгандар үчүн милдеттүү жайлардын жоктугун (Жайыл районунан тышкары) жана ашканалардын талаптагыдай жабдылбагандыгын аныктады. Москва жана Кемин райондорунда душ бөлмөлөрү иштебей, кармалгандар жеке гигиенага болгон укугунан ажыратылган. Текшерилген бардык УКЖдын камераларында желдетүү системасы жок, айрым жарык берүүчү шаймандар иштебейт. Видеокөзөмөл камералары бир нече жерде гана орнотулгандыктан, бөлмөлөрдүн баардык аймактары камтылбайт жана мыйзамсыз аракеттерге жол бербөө боюнча зарыл болгон коопсуздук чараларына жооп бербейт. Мындан тышкары, медициналык аптечкада каражаттардын тийиштүү маркировкасы жок болгондугуна байланыштуу кармалган адамдарга өз убагында медициналык жардам көрсөтүүгө терс таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгүн жаратат.

Белгиленген фактылар Чүй облусунун көпчүлүк райондорунун убактылуу кармоочу жайларында материалдык-тиричилик жактан камсыздоо мыйзамынын талаптарына жооп бербестигин жана камактагы адамдардын укуктарын бузуп жаткандыгын тастыктады. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 2025-жылдын 23-июлунда Акыйкатчы Институту аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү талабы менен КР ИИМ жетекчилигине сунуш киргизди.

Ведомствонун реакциясы ыкчам болду: жооп катары убактылуу кармоочу жайларда матрацтар алмаштырылып, медициналык аптечкалар эрежелерге ылайык келтирилди. Сокулук жана Панфилов райондук ички иштер бөлүмдөрүндө капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлдү. Көп каражат талап кылган маселелер кийинки мезгилге бюджеттик каржылоо планына киргизилди.

2025-жылдын сентябрь айында соттолгондордун туугандарынын жамааттык кайрылуусунун негизинде Акыйкатчы Институту ЖАМК №19 мекемесине мониторинг жүргүздү. Текшерүү соттолгондорго жолугушууларды берүүдө мыйзамдуулуктун сакталышына тиешелүү болду.

КР Жазык аткаруу кодексинин 89-беренесине жана Мамлекеттик кызматтардын реестрине ылайык, кыска мөөнөттүү жолугушуулар (төрт саатка чейин) үчүн бөлмөлөр акысыз берилет. Жогорку ыңгайлуулуктагы жолугушуу үчүн бөлмөлөрүн берүүгө гана акы төлөнөрү белгиленген. Мында жогорку ыңгайлуулуктагы бөлмөлөр үчүн төлөм антимонополиялык орган менен макулдашылышы керек.

Мониторинг белгиленген ченемдердин одоно бузулушун аныктады. Мисалы, 2025-жылдын августунда №19 мекеменин администрациясы өз алдынча тарифтерди жогорулаткан: кыска мөөнөттүү жолугушуунун бир саатына мыйзамсыз түрдө 249 сомдон (мурда бекитилген 79 сомдун ордуна), ал эми узак мөөнөттүү жолугушуунун бир суткасына 319 сомдон (221 сомдун ордуна) алынган. Андан тышкары, жалпы бөлмөлөрдө тор аркылуу бөлүнгөн кыска мөөнөттүү жолугушуулар үчүн акы алуу практикасынын өзү мыйзамсыз болуп саналат. Соттолгондордун туугандары тастыктагандай, “жогорку ыңгайлуулукка” тиешеси жок, негизги шарттар үчүн да акы талап кылынган. Ошондой эле, Акыйкатчы Институту Монополияга каршы кызматтын кыска мөөнөттүү жолугушуулар үчүн акы төлөөнү мыйзамдаштырган буйругу КР Министрлер Кабинетинин токтомуна каршы келээрин аныктады. Иш жүзүндө мекеменин жетекчилери мыйзам боюнча акысыз болгон кызматтарга тарифтерди белгилөө менен өз ыйгарым укуктарынан аша чаап кетишкен.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, 2025-жылдын 13-октябрында Акыйкатчы Институту ЖАМК жана Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына чара көрүү актыларын киргизген. Натыйжада, ведомстволор мыйзам бузууларды четтетишти, №19 мекеменин башчысы жана анын орун басары тартиптик жоопкерчиликке тартылды, ал эми кыска мөөнөттүү жолугушууларга мыйзамсыз тарифтер толугу менен жокко чыгарылды.

Мындан тышкары, жазык-аткаруу тутумундагы оң өзгөрүүлөрдү да белгилей кетүү керек. Мисалы, 2025-жылдын 10-июлунда Москва районунун Беловодское айылында заманбап форматтагы №16 мекеменин расмий ачылышы болуп өттү. Мекеме 14,7 га аянтты ээлейт жана 1400 соттолуучуга ылайыкталган. Мекемеде заманбап жатаканалар, медициналык корпус, айып изолятору, сейилдөө жана спорттук аянтчалар, өндүрүштүк цехтер (эмерек цехи, кирпич заводу, тигүү цехи, күнөскана) курулуп, жаңыланды. Инженердик тармактар – суу менен камсыздоо, канализация жана жылытуу системасы толугу менен жаңыланды. Мекемедеги өндүрүштүк зонада 300гө чейин жумушчу орун түзүлдү, бул соттолгондорду социалдык жактан реабилитациялоого өбөлгө түзөт.

Эркинен ажыратуу жайларында кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча маселени Министрлер Кабинетинин жана Жогорку Кеңештин деңгээлинде системалуу көтөрүп келген Акыйкатчы Институтунун да олуттуу салымы бар.

Белгилей кетүүчү нерсе, КР Жогорку Кеңеши 2025-жылдын 3-сентябрында “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” конституциялык Мыйзамын кабыл алган. Бул Мыйзамга КР Президенти 2025-жылдын 22-сентябрында кол койгон, ал Институттун статусун жогорулатты жана бекемдеди, кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы улуттук алдын алуу механизминин милдеттери менен толукталган.

Кошумча функцияларды берүү менен, Акыйкатчы Институту улуттук алдын алуу механизмин түзүү боюнча эл аралык өнөктөштөр жана жарандык коом уюмдары менен кеңири кеңешмелерди өткөрдү.

2025-жылдын 10-декабрында Акыйкатчы Институту БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын, ЕККУнун жана Европа Биримдигинин жергиликтүү кеңселеринин колдоосу менен "Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын алдын алуу жана аларга каршы туруу" темасы боюнча БУУнун кыйноолорго каршы кичи комитетинин мүчөлөрүн, мамлекеттик органдарды, жарандык коомду, эл аралык уюмдарды жана Кыргыз Республикасында аккредиттелген элчиликтерди чакыруу менен Улуттук диалог өткөрдү.

2025-жылдын 31-декабрында жоюлган Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун штаттык түзүмү жана материалдык базасы Акыйкатчы Институтуна өткөрүлүп берилди.

## СУНУШТАР

**КР Министрлер Кабинетине:**

Бишкек шаарынын сыртында жаңы тергөө изоляторун куруу, ошондой эле жазык-аткаруу тутумунун улуттук мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга жооп берген түзөтүү мекемелерин толук реконструкциялоо мүмкүнчүлүгүн карап чыксын.

# 4-БӨЛҮК. СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 4.1. Сот өндүрүшүндө жарандардын процессуалдык укуктарынын сакталышы боюнча кепилдиктеринин практикасы

2025-жылы Акыйкатчы Институтуна сот өндүрүшүндө жарандардын укуктарын коргоо боюнча жарандардан 816 арыз жана даттануулар төмөнкү маселелер боюнча келип түшкөн:

- сот органдарынын карамагында турган – 57;
- сот чечимдерине макул эместиги – 77;
- сот чечимдеринин аткарылбай калышы, анын ичинде сот аткаруучуларынын аракеттерине (аракетсиздигине) даттануулар – 19;
- алимент өндүрүүгө байланыштуу – 56;
- судьялардын аракеттерине жана аракетсиздигине даттануулар – 35.

2025-жыл ичинде республика боюнча биринчи инстанциядагы соттордо 350 (61,3%), апелляциялык инстанцияда 181 (31,7%) жана КР Жогорку сотунда, башкача айтканда кассациялык тартипте 41 (7,1%) мониторингдер жүргүзүлдү.

572 арыз сот процесстерине мониторинг жүргүзүү өтүнүчү боюнча, анын ичинде:

- кылмыш иштери боюнча — 342 (57,8%);
- жарандык иштер боюнча — 193 (32,5%);
- административдик иштер боюнча — 37 (9,6%).

Акыйкатчы Институтунун аймактык өкүлчүлүктөрүнө сот өндүрүшүндөгү маселелер боюнча келип түшкөн арыздардын саны:

- Талас облусу – 22;
- Ысык-Көл облусу – 52;
- Нарын облусу – 22;
- Ош облусу – 104;
- Жалал-Абад облусу – 35;
- Баткен облусу – 60.
-

**Ар түрдүү инстанциядагы соттордо өткөрүлгөн 270 соттук отурумду мониторинг кылуунун негизиндеги талдоолор төмөнкүлөрдү көрсөттү:**

- 150 (53,1%) соттук отурум белгиленген график боюнча өткөрүлгөн;
- 100 (37%) аз кечигүү менен (10 мүнөттөн 30 мүнөткө чейин);
- 20 (7,4%) - бир сааттан ашык кечигүү менен.

Демек, дээрлик ар бир экинчи отурум (44,4%) белгиленген графикти бузуу менен башталган.

**Сот отурумдарынын графиги сакталбаганынын себептери:**

- мурунку сот отурумдарынын созулуп кетишинен улам болгон кечигүүлөр — 57;
- сот залдарынын бош эместиги — 15;
- иштерди дайындоодогу уюштуруучулук мүчүлүштүктөр — 4;
- сот курамынын толук эмес болушу — 5;
- процесске катышуучулардын кечигип келиши — 25;

- ТИЗОдон адамдарды жеткирүүнү күтүүдөн улам — 10;
- белгисиз себептерден улам — 4.

**270 сот отурумунун ичинен 112си (41,5%) төмөнкү себептер менен кийинкиге жылдырылган:**

- тараптар өтүнүч билдирген - 44;
- кошумча материалдарды талап кылуу, экспертизаларды дайындоо жана соттук сурамдарды жөнөтүү зарылдыгы - 10;
- тараптардын биринин жүйөлүү себеп менен келбей калуусу - 13;
- тараптардын биринин жүйөсүз себеп менен келбей калуусу - 10;
- судьянын жоктугу (ден соолугу боюнча, иш сапар жана башка себептер) - 14;
- соттук кароого башка катышуучуларды тартуу - 10;
- адвокаттын келбей калышы - 8;
- эки ишти бир эле убакытка дайындоо - 1;
- ТИЗО менен интернет байланышынын жоктугу - 2.

**Талдоонун жыйынтыгынын негизиндеги жалпыланган тыянактар:**

Кайрылууларды талдоодо жарандар негизинен Акыйкатчы Институтуна соттук процесстердин жүрүшүнө көз карандысыз байкоо жүргүзүү, процесстик кепилдиктердин сакталышын жана сот өндүрүшүнүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу үчүн кайрылуусун көрсөттү.

Кылмыш иштери боюнча кайрылуулардын басымдуулугу бул категориядагы иштердин социалдык маанисинин жогору экендигин жана кылмыш процессинин бардык баскычтарындагы адамдын укуктары менен эркиндиктерин сактоо маселелери жарандардын тынчсызданууларын айгинелейт.

Мониторингдердин негизги бөлүгү биринчи инстанциядагы соттордо жүргүзүлөт, бул соттук жүктөмдүн дал ушул деңгээлде топтолушун жана анын сот адилеттигинин сапатын жана иштердин мындан аркы каралуусуна таасирин тийгизет.

Ар бир экинчи соттук отурум (44,4%) белгиленген убакытты бузуу менен башталган, бул соттордун ишинде уюштуруу мүнөзүндөгү туруктуу көйгөйдү көрсөтөт. Негизги факторлор болуп судьялардын кароосундагы иштердин көптүгү, мурунку отурумдардын созулуп кетиши, процесстин катышуучуларынын келбей калышы, соттук отурумдар залдарынын бош эместиги саналат.

Отурумдардын 41,5% башка күнгө жылдырылган, бул сот өндүрүшүнүн акылга сыярлык мөөнөттөрү принцибине туура келбейт. Отурумдардын көбүнүн кийинкиге жылдырылышы соттук процесстердин узакка созулушу жана иштердин топтолушу коркунучун жаратууда. Кээ бир учурларда тараптар берилген процесстик укуктарын кыянаттык менен колдонушат, бул териштирүүнүн узакка созулушуна жана процесстин уюштурулушун татаалдаштырууга алып келет. Процесстердин кийинкиге жылдырылышына байланыштуу уюштуруу жана техникалык себептер бар, бирок алар үстөмдүк кылбайт. Алар эпизоддук мүнөзгө ээ болсо да, жалпы алганда соттук процесстин эффективдүүлүгүнө таасир тийгизет.

Сот тутуму жогорку жүктөм жана чектелген ресурстар шартында иштейт. Соттордун иш жүгү, залдардын жетишсиздиги, көптөгөн иштерди катар карашы зарылдыгы жана бардык катышуучуларды координациялоо соттук отурумдардын графиктерин жана мөөнөттөрүн так сактоодо туруктуу кыйынчылыктарды жаратат.

## СУНУШТАР

**КР Жогорку сотуна:**

1. Соттук отурумдардын графигинин сакталышына жана иштердин кароо мөөнөтүнө көзөмөлдү күчөтсүн.
2. Бардык сот залдарын аудио-видео жазуу каражаттары менен толук жабдылышын камсыз кылсын.
3. Соттук отурумдарды жылдыруунун себептерин эсепке алууну жана талдоону камсыз кылсын.
4. Сотторго процесстин катышуучуларынын тартиби боюнча, процесстик укуктарды кыянаттык менен пайдалануу жана катышпоо боюнча чараларды колдонуу практикасын түшүндүрүү менен көзөмөлдү күчөтсүн.

## 4.2. КРнын Кылмыш-Жаза Процессуалдык кодексине 2024-жылдын февраль жана 2025-жылдын май айларында киргизилген өзгөртүүлөрдү талдоо.

2024-жылдын февраль жана 2025-жылдын май айларында КР КЖПКсине өзгөртүүлөр киргизилген, алар тергөө судьясы тарабынан үй камагы же камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү аралыктан кароо маселелерин (КР КЖПКнын 115-беренесинин 4-бөлүгү), ошондой эле жазык-аткаруу тутумунун мекемелеринде, улуттук коопсуздук органдарынын тергөө изоляторлорунда кармалган айыпталуучунун (соттолгондун) соттук териштирүүсүнө аралыктан катышуу маселелерин жөнгө салат (КР КЖПКнын 290-беренеси).

КР КЖПКсине киргизилген өзгөртүүлөр адамдын негизги укуктарына жана эркиндиктерине таасирин тийгизгендигине байланыштуу, Акыйкатчы КР КЖПКнын аталган жоболорун жана аны менен байланышкан укук колдонуу практикасын талдоону демилгелеген. КР КЖПКсинин 290-беренесине киргизилген өзгөртүүлөр камактагы айыпталуучунун соттук териштирүүгө катышуу тартибин олуттуу өзгөртүп, жалпы эреже катары дистанттык форматты белгиледи.

Ошентип, КР КЖПКсинин 115-беренесинин 3-бөлүгү 266-беренеге түздөн-түз шилтеме берет, ал бөгөт коюу чарасын колдонуу жана узартуу жөнүндө өтүнүчтөрдү кароонун жалпы тартибин жөнгө салат. КЖПКнин 266-беренесинин 9-бөлүгүндө төмөнкүдөй императивдик норма камтылган:

*Айыпталуучуну камакта кармоо мөөнөтүн узартуу жөнүндө тергөө судьясынын өтүнүчүн айыпталуучунун катышуусусуз кароого жол берилбейт, айыпталуучу стационардык соттук-психиатриялык экспертизада болгон учурлар жана анын сотко катышуусуна мүмкүнчүлүк бербеген башка жагдайлар буга кирбейт, бул тиешелүү документтер менен тастыкталууга тийиш».*

Демек, көрсөтүлгөн беренелердин ортосунда ички укуктук карама-каршылык келип чыгат. Бир жагынан, КР КЖПКнин 266-беренесинде бөгөт коюу чарасын узартуу маселесин кароодо айыпталуучунун милдеттүү түрдө жеке катышуусу талап кылынса, экинчи жагынан, 115-берене 290-беренеге шилтеме берүү аркылуу иш жүзүндө аралыктан катышуу форматына жол берет. Ошондой эле, КР КЖПКнин 296-беренеси биринчи инстанциядагы сотто ишти кароо айыпталуучунун милдеттүү түрдө катышуусу менен жүргүзүлөрүн түз белгилейт жана анын катышуусуз ишти кароого эки гана өзгөчө учурда жол берет: келүүдөн баш тартуу же КР чегинен тышкары жерде болуу. Бул ченемдер айыпталуучунун жеке катышуусу негизги процессуалдык талап болуп саналат деп болжолдойт. КР КЖПКнин 290-беренесинин 2-бөлүгүнүн жаңы редакциясы, тескерисинче, камакта кармалган айыпталуучунун аралыктан катышуусунун жалпы эрежесин киргизет. Жеке катышууга айыпталуучунун, анын

адвокатынын же мамлекеттик айыптоочунун өтүнүчү болгондо гана жол берилет, бул өз маңызы боюнча муну өзгөчө учурга айландырат, ал эми аралыктан формат - стандарттуу процедурага айланат. Демек, айыпталуучунун жеке катышуусунун императивин белгилеген КР КЖПКнин 296-беренеси, адамды сотко жеткирүүгө объективдүү тоскоолдуктар жок болсо да, жеке катышууну аралыктан катышууга алмаштырууга жол берген КР КЖПКнин 290-беренесинин 2-бөлүгү менен карама-каршы келет.

Мындай дифференцияланган жөнгө салуу объективдүү жана мыйзамдуу критерийлерге негизделбейт, бул сот алдында теңдик жана атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги принцибин бузат. Мындан тышкары, КР КЖПКнин 115-беренесинин 4-бөлүгү тергөө учурунда тергөө судьясы, өтүнүч келип түшкөн күндөн тартып 3 суткадан кечиктирбестен тараптардын катышуусунда ушул эле Кодекстин 290-беренесинде каралган тартипте соттук отурум өткөрөт деп белгилейт, ал кылмыш ишин соттук териштирүү стадиясында кароо маселелерин жөнгө салат. Башкача айтканда, бул учурда КР КЖПКнин 115-беренесинин 4-бөлүгү КР КЖПКнин 290-беренесинде каралган соттук териштирүү стадиясына тиешеси жок.

Укук колдонуу практикасын талдоо учурунда КРда видеоконференц байланыш системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн кылмыш иштери боюнча соттук отурумдардын саны жөнүндө расмий жыйындын статистикасы жок экендиги белгилүү болду. КР Жогорку сотунан алынган маалыматка ылайык, учурда мындай категориядагы иштер боюнча өзүнчө статистика жүргүзүлбөйт, анткени тиешелүү маалыматтар борборлоштурулган эсепке алууга жатпайт. Жүргүзүлгөн сурамжылоонун жүрүшүндө 100 суралган судьянын ичинен 7си гана (кылмыш иштери боюнча) жана 1 тергөө судьясы видеоконференц байланышын колдонуу менен аралыктан соттук технологияларды колдонуу маселелери боюнча окуудан өткөндүгү тууралуу билдиришкен. Бул жагдайлар сот корпусун окутуунун жетишсиздигин көрсөтүп турат.

Ошондой эле сурамжыланган судьялардын анкеталарынан КР КЖПКсине соттук отурумдарды видеоконференция байланыш режиминде өткөрүүнүн тартибин түздөн-түз бекиткен ченемдерди киргизүү зарыл экендиги келип чыгат: айыпталуучунун жактоочу менен купуя сүйлөшүүсүнүн кепилдиктерин аныктоо, корголгон байланыштын бирдиктүү техникалык стандарттарын белгилөө, катышуучулардын милдеттүү маалымдалган макулдугун кароо, ошондой эле соттун коргоо укугун ишке ашыруу үчүн катышуу формасына карабастан бирдей шарттарды камсыз кылуу милдетин бекитүү.

ЖАМК маалыматы боюнча, 2025-жылы жазык-аткаруу тутумунун мекемелеринде видеоконференция байланышын колдонуу менен аралыктан **2156** кылмыш иши боюнча соттук отурум өткөрүлгөн. Мындай жыйындарды өткөрүү үчүн ЖАМК мекемелеринде, зарыл болгон техникалык каражаттар менен жабдылган **25** бөлмө даярдалган.

УКМК айыпталуучулардын аралыктан катышуусун жөнгө салган КЖПКсине өзгөртүүлөр күчүнө киргенден бери УКМКнын тергөө абагында видеоконференция байланышы аркылуу соттук отурумдар өткөрүлбөгөнүн билдирди. Ошол эле учурда мекеме видеоконференция байланыш режиминде соттук отурумдарды өткөрүү үчүн процессуалдык талаптарга жооп берген бир атайын бөлмө менен жабдылган.

Ошентип, учурда видеоконференция байланышы кыйла кеңири колдонулууда, ошону менен бирге өлкөнүн сотторунда видеоконференция байланышын колдонуу боюнча маалыматтарды чогултуунун жана талдоонун бирдиктүү тутуму жок, улуттук деңгээлде бул механизмди колдонуунун масштабын жана тажрыйбасын баалоону кыйындатат.

## СУНУШТАР

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. КР КЖПКнин 115, 266, 290 жана 296-беренелериндеги укуктук карама-каршылыктарды жоюу боюнча КЖПКне өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгесин көтөрсүн.

2. Соттук отурумдарга айыпталуучунун жеке катышуусунун жалпы эрежесин караган, видеоконференц байланышын колдонуу тартибин жана негиздерин аныктаган, ошондой эле аралыктан катышууда купуялуулуктун жана коргоо укугун толук ишке ашыруунун кепилдиктерин бекиткен ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү иштеп чыксын.

**КР Жогорку сотуна:**

1. Видеоконференц байланышын колдонуу маселелери боюнча судьяларды жана сот аппаратынын кызматкерлерин даярдасын.

2. Соттук отурумдарды аудио жана видеого тартуу боюнча учурдагы нускамага толуктоо катары техникалык параметрлер жана тийиштүү сапаттын критерийлери (сүрөт, үн жана байланыштын туруктуулугу), ошондой эле жеке маалыматтарды коргоо бөлүгүндө соттордо видеоконференц байланышын колдонуунун бирдиктүү техникалык стандарттарын иштеп чыксын.

# 5-БӨЛҮК. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ

## 5.1. Жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укук

Акыркы он жылдыктарда Кыргыз Республикасында климаттык күн тартиби түп-тамырынан бери өзгөрүүгө учурап, жалаң гана экологиялык мүнөздөгү маселе болуудан калып, жарандардын жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укуктарын коргоо жана камсыз кылуу тегиздигине өттү.

Нотр-Дам университетине караштуу Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу боюнча глобалдык демилгенин (ND-GAIN) талдоосуна ылайык, Кыргызстан климаттык даярдык деңгээли боюнча дүйнөдө 113-орунду ээлеп, аярлуулук индекси 0,334тү түзөт. Бул көрсөткүчтөр калк үчүн системалуу коркунучтардын бар экендигин чагылдырат: акыркы 70 жылда өлкөдөгү мөңгүлөрдүн аянты 16%га кыскарган, ал эми орточо жылдык температура туруктуу өсүүнү — ар бир он жылда орточо 0,23°Сга жогорулоону көрсөтүүдө. Мындай климаттык өзгөрүүлөр адамдын фундаменталдык укуктарына таасирин тийгизип, жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунучтарды жаратат.

БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын колдоосу менен, Акыйкатчы Институту эксперттер менен биргеликте мамлекеттин жарандарды күчөп бара жаткан климаттык тобокелдиктерден коргоо боюнча аракеттерине ар тараптуу баа берүүгө багытталган изилдөө жүргүздү.

Бул изилдөө климаттын глобалдык өзгөрүү шарттарында жарандардын жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон конституциялык укугунун ишке ашырылышынын натыйжалуулугу жөнүндө объективдүү көз карашты түзүүнү максат кылды.

Изилдөөнүн методологиясы бир катар инспекцияларды жана мониторингдерди камтып, реалдуу абал боюнча тастыкталган маалыматтарды алууга мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, жарандардын жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укуктарын камсыз кылуу багытында мамлекеттик органдардын, сот инстанцияларынын жана прокуратура органдарынын ишмердүүлүгү тууралуу расмий маалыматтарды алуу максатында аларга тиешелүү суроо-талаптар жөнөтүлгөн.

Алынган маалыматтардын негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүн болду. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы кылмыш иштери боюнча чыгарылган сот актыларын талдоо көрсөткөндөй, соттор негизинен КР КЖКнин төмөнкү беренелери боюнча жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, ошондой эле токой ресурстарын коргоого байланышкан иштерди карашат:

- КР КЖКнын 303-беренеси — дарактарды жана бадалдарды мыйзамсыз кыюу;
- КР КЖКнын 310-беренеси — балыкты, же болбосо суу жаныбарларын мыйзамсыз уулоо жана олжолоо;
- КР КЖКнын 302-беренеси — токойду жок кылуу же бүлүнтүү;
- КР КЖКнын 308-беренеси — жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү жок кылуу.

2024-жылы Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы тарабынан 1002 пландуу, пландан тышкары жана контролдук текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгында 2892 мыйзам бузуу аныкталган. Алардын негизинде 1967 протокол түзүлүп, 25,26 млн сом суммасында айып пул салынып, анын 86,4%ы өндүрүлгөн.

90 млн сомдон ашык суммадагы зыяндын ордун толтуруу жөнүндө 512 доо арыз берилип, анын дээрлик 45 млн сому өндүрүп алынган. Ал эми укук коргоо органдарына 157 иш өткөрүлүп берилген, 93 материал соттор тарабынан каралган. Ошондой эле 27 өндүрүштүк кырсык боюнча жагдайлар териштирилген, анын ичине 14ү өлүм менен аяктаган иштер да кирет.

2023–2024-жылдары прокуратура органдары тарабынан 118 арыз каралып, 371 прокурордук чара көрүү актылары келтирилип, 219 адам тартиптик жоопкерчиликке тартылган жана 34 кылмыш иши козголгон. Орду толтурулган зыяндын жалпы суммасы 612 млн сомдон ашыкты түзгөн.

ИИМ тарабынан жер казынасын пайдалануу жаатындагы кылмыш фактылары боюнча 43 кылмыш иши козголгон.

Алынган маалыматтардын негизинде, мамлекет тарабынан жарандардын жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укуктарын камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлүп жатат деген жыйынтык чыгарууга болот. Бирок, аталган чаралар бул чөйрөдөгү бардык көйгөйлөрдү комплекстүү чечүү үчүн жетишсиз бойдон калууда.

Абанын сапаты эң курч көйгөйлөрдүн бири болуп саналып, айрыкча Бишкек шаарындагы абанын булгануу деңгээли өзгөчө олуттуу тынчсызданууну жаратууда. IQAir маалыматы боюнча, 2020-жылдын аягында Бишкек AQI 352 индекси менен дүйнөдөгү эң булганган шаар деп табылган, ал эми 2021–2023-жылдары абанын булгануу деңгээли эң жогору болгон шаарлардын катарына бир нече жолу кирген.

Калктуу конуштарда, айрыкча ири шаарларда жашылдандыруунун кыскарышы олуттуу тынчсызданууну жаратууда. 2000-жылдардын башынан бери Бишкек шаарындагы жашыл фондунун аянты 856 гектарга чейин кыскарган. Эгерде мурда бир шаар тургунуна 6,8 м² жашыл көчөт туура келсе, урбанизациянын жана климаттын өзгөрүшүнүн учурдагы темпинде жагымдуу шаардык чөйрөнү камсыз кылуу үчүн адам башына кеминде 40 м² талап кылынат. Азыркы учурда Бишкекте бир тургунга болгону гана 6–8 м² жашылдандырылган аянт туура келет жана бул көрсөткүч төмөндөөдө.

Жергиликтүү бийликтин аракеттерине карабастан, жашыл көчөттөрдүн аянты көп жылдардан бери кыскарып келет жана бул шаардын адаптациялык даражасын төмөндөтүп, аптаптуу ысык толкундарына жана абанын булгануусуна байланыштуу тобокелдиктерди жогорулатат. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму бир тургунга кеминде 50 м² жашыл көчөт нормасын сунуштайт. Эгерде өсүмдүктөр аймактын 10%дан азын ээлесе, шаар жашылдандыруу шарттары боюнча жагымсыз деп эсептелет. Бишкекте бул көрсөткүч болжол менен 7%ды түзөт. Мында жашыл көчөттөр жараткан көлөкөнүн аянтына баа берүү жүргүзүлбөйт.

Абанын температурасынын жогорулашы тууралуу маселе өзүнчө көңүл бурууну талап кылат. Кыргызстандын ири шаарларында акыркы 15–20 жылда ысык толкундардын саны көбөйдү. Ар бир он жылда ысык күндөрдүн саны 1–5 күнгө өсүшү катталууда. Эң чоң өсүш Бишкек, Кара-Балта, Жаңы-Жер, Талас жана Өзгөн метеостанцияларында катталган.

Ысык толкундары калктын ден соолугуна, өзгөчө аярлуу топторуна — улгайган адамдарга, өнөкөт оорулары бар жарандарга жана балдарга кошумча жүк келтирет. Ушуга байланыштуу бала бакчаларда жана мектептерде тиешелүү шарттардын болушун камсыз кылуу, ошондой эле билим берүү мекемелеринин администрацияларына сабактардын, анын ичинде дене тарбия сабактарынын ырааттамасын түзүүдө климаттык тобокелдиктерди эске алуу боюнча нускама берүү зарыл.

Климаттын өзгөрүшү өзгөчө кырдаалдардын өсүшү аркылуу суу менен камсыздоо жана канализация инфраструктурасынын бузулушуна алып келет. Ошол эле учурда, оору козгогуч микроорганизмдердин көбөйүшүнөн улам суунун булганышы суу ресурстарынын сапатын да төмөндөтөт.

Ошону менен бирге, калктын таза ичүүчү сууга жана санитарияга жеткиликтүүлүгү маселеси өзгөчө мааниге ээ болууда. Коопсуз ичүүчү суунун жетишсиздиги жугуштуу оорулардын, анын ичинде ичеги инфекцияларынын жана мите курт ооруларынын өсүшүнө

өбөлгө түзөт. Божомолдор боюнча, инфекциялардын жайылышы температуранын жогорулашына карай күчөйт.

Азыркы учурда ичүүчү суу менен камсыздоо тутумдарынын 20%дан ашыгы санитардык ченемдерге жооп бербейт, алардын бир бөлүгү тазалоо, сууну даярдоо жана зыянсыздандыруу тутумдары менен жабдылган эмес. КР Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин маалыматы боюнча, 960 калктуу конушта коопсуз ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк жок. Калктын 4%дан ашыгы ден соолукка коркунуч туудурган ачык булактардан алынган (булактар жана арыктар) сууну пайдаланат. Таза суу менен эң аз камтылган аймактар катары Ош жана Баткен облустары болуп саналып келет.

Мониторингдин жүрүшүндө адамдар мамлекеттен толук көз каранды болгон жабык мекемелерге өзгөчө көңүл бурулду. Текшерүүнүн жыйынтыгында климаттык факторлорлордун негизинде курчуп жаткан санитардык ченемдердин одоно бузулушу аныкталды. Бир катар мекемелерде коопсуз ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк жок болуп, канализациялык тутумдар иштебей турган абалда болгон.

Жүргүзүлгөн иш-чаралардын приоритеттүү багыты болуп басымдуу түрдө айыл аймактарындагы билим берүү мекемелеринин абалына мониторинг жүргүзүү саналды. Текшерүүлөр, балдардын ден соолугуна түздөн-түз коркунуч жараткан санитардык инфраструктуранын начар абалын аныктады. Мониторингдин жыйынтыгына ылайык, мектептердин болгону 14,9%ы гигиеналык талаптарга жооп берген ички (суу агызуучу) дааратканалар менен жабдылган, ал эми окуу жайлардын 48,3%ы сырттагы дааратканаларды колдонууну улантып келүүдө.

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Акыйкатчы Институту жарандардын жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон конституциялык укугун камсыз кылууга жана мамлекеттик саясатты климаттын өзгөрүү шарттарына ыңгайлаштырууга багытталган бир катар системдүү сунуштарды иштеп чыкты.

## СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине:**

1. Абанын сапаты жана анын калктын ден соолугуна тийгизген таасири жөнүндө маалыматтарды расмий интернет-ресурстарда жана жалпыга маалымдоо каражаттарында үзгүлтүксүз негизде жарыялансын.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте шаарларды жашылдандыруу боюнча ченемдер, анын ичинде адам башына туура келген жашыл көчөттөрдүн минималдуу аянтына жана жашыл зоналардын жеткиликтүүлүгүнө карата талаптар жаңылансын.
3. Туруктуу негизде жашыл көчөттөрдүн аянтына жана жеткиликтүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү менен жыл сайын ачык отчет берилсин.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:**

1. Температуранын болжолдонгон өсүшү жана ысык толкундарын эске алуу менен санитардык-эпидемиологиялык ченемдерге өзгөртүүлөр киргизилсин.
2. Социалдык жана билим берүү мекемелерине карата санитардык-гигиеналык көзөмөл күчөтүлсүн.
3. Өзгөчө климаттык кырдаалдарга карата клиникалык протоколдор жана чара көрүү пландар жаңылансын.

**Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине:**

Билим берүү мекемелеринде климаттык адаптациялоо чаралары киргизилсин, анын ичинде ысык мезгилде сабактардын ырааттамасы оңдолсун, ичүүчү сууга жана көлөкөлүү

зоналарга жеткиликтүүлүк камсыз кылынсын, жайлар желдетүү жана муздатуу системалары менен жабдылсын.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:**

Климаттык тобокелдиктер жана адаптациялоо чаралары камтылган Аймакты өнүктүрүү башкы пландар боюнча коомдук талкуулар өткөрүлсүн.

## 5.2. Билим алуу укугу

Акыйкатчы Институтунун ишмердигинин негизги багыттарынын бири - билим алуу укугун камсыз кылуу болуп саналат. Ушуга байланыштуу Институт системалык негизде жалпы билим берүү мекемелеринде окуган балдардын, ошондой эле майыптыгы бар балдардын, анын ичинде адистештирилген билим берүү мекемелеринде окуган балдардын билим алуу укугунун сакталышына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүп келет.

**Мамлекеттик тил боюнча котормо экзамендерине жана жалпы республикалык тестирлөөгө мониторинг**

2023-жылы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” конституциялык Мыйзамы кабыл алынып, анда кыргыз тилин сот өндүрүшүндө, мамлекеттик кызматта, ошондой эле жарнама, жалпыга маалымдоо каражаттары жана билим берүү чөйрөсүндө колдонууга талаптар күчөтүлгөн.

КР Агартуу министрлиги мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында, аталган мыйзамдын талаптарын ишке ашыруу максатында жалпы билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тил боюнча котормо экзамендерин киргизген.

Акыйкатчы Институту көчүрүү экзамендери биринчи жолу өткөрүлүп жаткандыгын эске алып, 2025-жылдын 27-30-май аралыгында 5-6-класстардын окуучулары үчүн уюштурулган сынактардын жүрүшүнө жана анда балдардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүздү.

Мониторинг 49 жалпы билим берүү мекемесинде, анын ичинде: Бишкек шаарында-11, Ош облусунда жана Ош шаарында - 7, Баткен облусунда – 8, Жалал-Абад облусунда - 4, Талас облусунда - 3, Ысык-Көл облусунда - 4, Нарын облусунда - 12 билим берүү мекемелеринде өткөрүлгөн.

Мониторингдин жүрүшүндө негизги төмөнкү багыттарга: экзамен өткөрүлүүчү жайлардын жеткиликтүүлүгү, майыптыгы бар балдар үчүн шарттардын түзүлүшү, окуучулар үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарттардын камсыздалышы (анын ичинде жылуулуктун жана жарыктандыруунун сакталышы), экзамен өткөрүү жол-жоболорунун ачык-айкындуулугу жана калыстыгы, бардык окуучулар үчүн бирдей шарттардын түзүлүшү жана тилдик, этностук, социалдык же башка белгилер боюнча басмырлоого жол берилбеши жана медициналык жардам көрсөтүү пункттарынын ишмердүүлүгүн баалоого көңүл бурулган.

Мониторингдин жыйынтыгы көпчүлүк билим берүү мекемелеринде экзамендерди өткөрүү үчүн канааттандырарлык шарттардын түзүлгөнүн, класстар тиешелүү деңгээлде даярдалгандыгын жана тартип сакталганын көрсөткөн. Жалпысынан экзамендер белгиленген тартипке ылайык өткөрүлүп, олуттуу укук бузуулар аныкталган эмес. Мониторинг жүргүзүлгөн мезгилде окуучулардан же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнөн кайрылуулар жана даттануулар түшкөн эмес.

Алгач, мониторинг 53 билим берүү мекемелеринде жүргүзүү пландаштырылган. Бирок, мониторинг жүргүзүүчү топтун өкүлдөрүнө Бишкек шаарындагы № 17, № 24, № 25 жана № 72 орто мектептерге кирүүгө уруксат берилген эмес.

Аталган жагдай боюнча Акыйкатчы Институту КР Агартуу министрлигине расмий кайрылуу жолдогон. Министрликтин берген жообунда котормо экзамендери биринчи жолу өткөрүлүп жаткандыгына байланыштуу уюштуруу иштеринде айрым кемчиликтерге жол берилгендигин билдирип, бул багытта мектеп жетекчилери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөндүгүн маалымдаган.

2025-жылдын 18-23-майына чейин жана 21-23-ноябрына чейинки аралыкта Акыйкатчы Институту жалпы республикалык тестирлөөнүн өлкө аймагында жыл сайын өткөрүлүшү жарандардын билим алуу укугуна түздөн-түз таасир этүүчү маанилүү процесс экендигин эске алып, тынымсыз мониторинг жүргүзүп келет.

Мониторинг жүргүзүү учурунда майыптыгы бар балдар үчүн тестирлөөдөн өтүүгө ылайык шарттардын түзүлүшүнө, анын ичинде пандустардын бар болушуна, медициналык жардам көрсөтүү пунктунун иштешине, ошондой эле укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин катышуусуна өзгөчө көңүл бурулду.

Байкоо жүргүзүлгөн мезгилде тестирлөөгө майыптыгы бар эки бала катышты: бири бөйрөк оорусу менен жабыркаган, экинчиси угуу кемтиги бар. Эки катышуучуга тең алардын укуктары, анын ичинде тестирлөөнү башка күндөрү тапшыруу мүмкүнчүлүгү тууралуу толук түшүндүрмө берилди. Буга карабастан, алар тестирлөөнү белгиленген мөөнөттө тапшырууну тандашкан. Тестирлөөнүн жүрүшүндө укук бузуулар аныкталган эмес.

**Майыптыгы бар балдар үчүн жатак мектеп мекемелерине мониторинг жүргүзүү**

2025-жылдын 13-22-октябрына чейин майыптыгы бар балдар үчүн 13 көмөкчү (адистештирилген) жатак мектептердин ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүлгөн.

**Бишкек шаары:**

1. Кулагы начар уккан жана кеч дүлөй балдар үчүн адистештирилген жатак мектеби.
2. Көрбөгөн жана начар көргөн балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби.
3. Дүлөй балдар үчүн республикалык атайын жатак мектеби.

**Чүй облусу:**

4. Ак-Суу айылындагы акыл-эси кем балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак мектеби.
5. Сокулук районунун оор сүйлөө кемчиликтери бар балдар үчүн адистештирилген жатак мектеби.
6. Красноречка атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак мектеби.
7. Психикалык өнүгүүсү кечиккен балдар үчүн атайын жатак мектеби.

**Ош облусу:**

8. Кара-Суу районундагы дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби.
9. Ош шаарындагы көрбөгөн жана начар көргөн балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби.

**Жалал-Абад облусу:**

10. Ж. Ниязов атындагы Ноокен районундагы акыл-эси кем балдар үчүн көмөкчү жатак мектеби.

**Талас облусу:**

11. Талас облусундагы акыл-эси кем балдар үчүн көмөкчү жатак мектеби.

**Баткен облусу:**

12. Сүлүктү шаарындагы акыл-эси кем балдар үчүн көмөкчү жатак мектеби.
13. Үч-Коргон айылындагы акыл-эси кем балдар үчүн көмөкчү жатак мектеби.

Мониторингдин жыйынтыгы көрсөткөндөй билим берүү мекемелеринде жалпы кемчиликтер аныкталган. Анын көпчүлүгү системдүү мүнөздөгү көйгөйлөр болду, алар төмөнкүлөр:

**1.** Майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү (адистештирилген) мектептердин ишмердүүлүгүн комплекстүү түрдө жөнгө салган бирдиктүү ченемдик укуктук акттын жоктугу.

**2.** 13 мектептин ичинен болгону 2 мектеп гана 11-класстын программасы боюнча окутуп, орто жалпы билим жөнүндө аттестат берет. Калган мектептер 9-класстын деңгээлине чейин гана окутууну камсыздап, муну окуучулардын ден соолугуна байланыштуу толук билим берүү программасын өздөштүрө албайт деп негиздешет. 13 мектептин ичинен 7 мектепте акыл-эси кем жана олуттуу психологиялык бузулууларга ээ балдар окугандыгын эске алганда, мындай практика негиздүү деп эсептелет. Бирок, калган 4 мектепте (угуу жана сүйлөө жөндөмү бузулган балдар үчүн) да аттестат берилбейт, ошол эле учурда бул окуучулар интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша толук орто билим берүү программасын өздөштүрүүгө жөндөмдүү экени анык.

Мындай балдардын жеке менчик мектептерди аяктап, жогорку окуу жайларына тапшырып, ийгиликтүү окуп жатышкан учурлар да бар. Мисалы, угуу боюнча майыптыгы бар С.А. аттуу бала мектепти бүтүргөндөн кийин эл аралык жогорку окуу жайына тапшырып, учурда ошол жерде билим алууда.

Демек, 4 адистештирилген мектептин бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын программалардын жоктугу жана анын натыйжасында аттестат берилбеши алардын жогорку билим алууга болгон укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук жаратат.

**3.** 9 же 11-классты аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөрдүн айрымдары орто кесиптик же жогорку окуу жайларында билим алууну улантышат, бирок алардын олуттуу бөлүгү окуусун улантпайт жана билим берүү мекемелери алар менен андан ары байланышын жоготот.

**4.** Көмөкчү мектептердин имараттарынын жана материалдык-техникалык базасынын абалы өтө канааттандырарлык эмес экендиги аныкталган.

Муну менен катар айрым мекемелерде өзүнчө чара көрүүнү талап кылган мүнөздүү мыйзам бузуулар аныкталды. Алардын катарына өрт коопсуздугунун талаптарынын сакталбашы, санитардык түйүндөрдүн белгиленген ченемдерге жооп бербеши, окуучулардын жеке иштерин жүргүзүүдөгү мыйзам бузуулар, уктоочу бөлмөлөрдө температуралык режимдин сакталбашы, ошондой эле ашканаларда санитардык нормалардын сакталгандыгын тастыктаган документтердин жоктугу кирет.

Өзгөчө белгилей кетүүчү жагдай, майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү (адистештирилген) жатак мектептер Агартуу министрлигинин карамагында болгондуктан, бул мекемелерде билим берүү процессин уюштуруу маселелери тиешелүү деңгээлде жолго коюлган.

Ошол эле учурда, ЭСКжМ министрлигинин компетенциясына кирген социалдык камсыздоо маселелери иш жүзүндө толук камсыздалган эмес жана жетишсиз деңгээлде ишке ашырылууда, бул майыптыгы бар балдардын муктаждыктарын толук канааттандырууга мүмкүнчүлүк бербейт.

Жыйынтыктап айтканда, жүргүзүлгөн мониторингде билим алууга болгон укукту камсыз кылуу багытында оң тажрыйбалар бар, бирок ошол эле учурда мамлекеттик органдар тарабынан кошумча чара көрүүсүн талап кылган бир катар системдүү көйгөйлөр да бар экендигин көрсөткөн.

### СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболоруна ылайык, жардамчы (адистештирилген) мектептердин ишмердүүлүгүн комплекстүү жөнгө салуучу бирдиктүү ченемдик укуктук актты иштеп чыгуу максатында ведомстволор аралык жумушчу топун түзсүн.
2. Көмөкчү мектептердин бардык бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик үлгүдөгү толук орто жалпы билим жөнүндө аттестат менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн карап, ылайыкташтырылган билим берүү программаларын иштеп чыгууну жана анын ишке ашырылышын көзөмөл кылуу тутумун түзсүн.
3. Коопсуз, ыңгайлуу жана инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүү максатында көмөкчү мектептердин имараттарын капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү жана материалдык-техникалык базасын модернизациялоо, анын ичинде ылайыкташтырылган окуу эмеректерин, адистештирилген жабдууларды, заманбап окутуу жана реабилитация каражаттарын сатып алуу, инженердик тармактарды жана санитардык-тиричилик жайларды жаңылоо каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине:**

1. Мектептен кийинки колдоо чараларын ишке ашыруунун алкагында көмөкчү мектептердин бүтүрүүчүлөрүн коштоп жүрүү программасын иштеп чыгуу жана киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын.
2. Айрым билим берүү мекемелеринде аныкталган мыйзам бузуулар боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүү жана аларды жоюу боюнча чараларды көрсүн.

## 5.3. Турак жайга жана менчик объекттерине кол тийбестик укугу

Менчикте турган турак-жайдын жана башка объектилердин кол тийбестик укугу жарандардын КР Конституциясы жана мыйзамдары менен корголуучу базалык укуктарынын бири болуп саналат. Акыйкатчы Институту өз мандатынын алкагында кыймылсыз мүлк объекттерин бузууда мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзөт, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракеттерин текшерет жана шаар куруу жана инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу процессинде укуктары чектелген жарандардын кайрылууларын карайт.

**“Киргизия 1” конушунун тургундарынын кайрылуусу**

2025-жылдын 8-апрелинде Акыйкатчы Институтуна “Киргизия-1” конушунун Восточная жана Мостовая көчөлөрүндө жайгашкан жер участокторунун 45 менчик ээлери кайрылган. Кайрылуучулар Ч.Айтматов проспектисин кеңейтүү максатында аларга таандык жер участокторунун тартылып алынышына байланыштуу, алар жеке менчик укуктарынын бузулуп жаткандыгына нааразычылыктарын билдиришкен.

2025-жылдын 21-апрелинде Акыйкатчы Институту бул арызды кароонун алкагында, Бишкек шаарынын мэриясына арызда көрсөтүлгөн жүйөлөр боюнча тийишелүү расмий кат жөнөткөн.

Бишкек шаардык мэриясынын жообунда Бишкек шаарынын Башкы планына жана Бишкек шаарынын түштүк зонасы үчүн иштелип чыккан шаар куруу документтерине ылайык, Жибек-Жолу проспектисинен Семетей көчөсүнө чейинки Ч.Айтматов проспектиси жол кыймылы жөнгө салынган жалпы шаардык маанидеги негизги көчө катары белгиленгени маалымдалган. Алардын айтымында бул долбоор боюнча кызыл сызык чек аралары 65 метрди түзөт.

Долбоорду ишке ашыруу жана мүлк ээлери тарабынан берилген менчик укугун ырастоочу документтерди талдоо процессинде муниципалдык менчикке жарым-жартылай кирип кеткен тосмолор жана чарба курулуштары жайгашкан 32 жер тилкеси аныкталган. Буга

байланыштуу Бишкек шаардык мэриясынын Жерди пайдаланууну көзөмөлдөө департаменти тарабынан тосмолорду жана курулмаларды бузуу жолу менен муниципалдык жер тилкелерин ыктыярдуу бошотуу тууралуу эскертүүлөр берилген. Кийинчерээк, белгиленген тартипте 32 объект боюнча демонтаждоо иштери жүргүзүлгөн.

**Бишкек жана Ош шаарларында объекттердин бузулушуна мониторинг**

Акыйкатчы Институту КР Конституциясын жана "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын талаптарын жетекчиликке алып, жарандар тарабынан кыймылсыз мүлктү бузуу фактылары боюнча кайрылуулардын көбөйүшүнө, ошондой эле турак жайдын жана жеке менчиктеги мүлктүн кол тийбестигине болгон укуктун сакталышынын маанилүүлүгүнө байланыштуу өз ыйгарым укуктарынын алкагында демилге көтөргөн. Ушуга байланыштуу адам укуктарынын бузулушуна жол берилбешин камсыз кылуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттеринин мыйзамдуулугун баалоо жана укуктук кепилдиктердин сакталышына мониторинг жүргүзүү максатында Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына расмий суроо-талаптарды жөнөткөн.

Бишкек шаарынын мэриясынын жообунда тиешелүү мезгилде муниципалдык аймакта уруксат берүүчү документтерсиз орнотулган дарбазаларды, тосмолорду жана башка конструкцияларды демонтаждоо, ошондой эле муниципалдык жер тилкелеринин менчик формасына карабастан, жеке жана юридикалык жактар тарабынан уруксатсыз пайдалануу фактыларынан тазалоо иштери жүргүзүлүп жаткандыгы маалымдаган.

Маалыматка ылайык, 2025-жылдын январынан май айына чейинки мезгилде жолдорду калыбына келтирүү жана реконструкциялоо программасынын алкагында 3761 объект бузулуп, 58023 чарчы метр муниципалдык жер тилкеси бошотулган. Алардын ичинде 1689 жеңил конструкциялар, 194 капиталдык курулмалар (кеңейтүүлөр, тосмолор, пайдубалдар) болгон.

Түндүк айланма жолду реконструкциялоонун алкагында ишкерлер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, натыйжада 365 конструкция демонтаждалган. Ч.Айтматов проспектисин реконструкциялоо процессинде 68 жеке турак жай имараттарынын ээлерине менчик укугун ырастоочу документтер боюнча эскертүүлөр берилген, ал эми муниципалдык каражаттардын эсебинен 35 конструкция демонтаждалган.

Ош базарынын аймагында 65 жеңил конструкция (павильондор, күркөлөр, контейнерлер) жана 268 жарнама конструкциясы алынып салынган. Мындан тышкары, шаардын негизги көчөлөрүндөгү, жол жээгиндеги конструкцияларды инвентаризациялоо иштери улантылууда.

Ош шаардык мэриясынын маалыматына ылайык, 310 коммерциялык объект, 52 контейнер, 777 метрден ашык тосмо, 93 чарба курулушу, 153 негизги тосмо, 146 тепкич, 232 мал короо, 53 дарбаза жана 373 гараж бузулган. Ошондой эле, жол жээгинде жайгашкан 500дөн ашык жарнамалык такта демонтаждалган.

Мындан сырткары, Ош шаардык мэриясынын Муниципалдык менчик департаментине 394 жарандан арыз келип түшкөн, анын ичинен 354 турак жай куруу үчүн жер сатып алуу, 43 коммерциялык курулуш жүргүзүү маселелерине байланыштуу болгон.

**Арашан айылынын тургундарынын жамааттык кайрылуусу**

2025-жылдын 28-июлунда Акыйкатчы Институтуна Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Арашан айылынын 6 тургунунан кайрылуу түшкөн. Арыз ээлери Аламүдүн көчөсүндөгү жолду оңдоп-түзөөгө байланыштуу турак үйлөрдү, сарайларды, тосмолорду жана башка курулуштарга менчик укуктарын тастыктоочу документтери бар экендигине карабастан айыл өкмөтү бузууга ниеттенип жаткандыгын билдиришкен.

Чүй облусунун Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын жообуна ылайык, айылдын Чуңкурчак - Арашан жолун республикалык бюджеттин эсебинен кеңейтүү

пландаштырылган. Долбоор боюнча жолдун туурасы 20 метрди түзөт (4- категория). Кызыл сызыктан тышкары жайгашкан участоктордун ээлерине 04.08.2025-жылга чейин участокторду белгиленген чектерге ылайык келтирүү жөнүндө эскертүүлөр берилген.

**Көк-Жар конушундагы объекттерди демонтаждоо**

2025-жылдын 5-августунда ЖМКларда "Көк-Жар" конушунун 172-кварталында жайгашкан кыймылсыз мүлк объектилери бузула баштаганы тууралуу басылма чыккан. Буга байланыштуу Институттун кызматкерлери жарандардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү макасатында жерине барышкан, бирок эч кандай мыйзам бузуулар аныкталган эмес.

2025-жылдын 12-августунда Бишкек шаарынын мэриясына түшүндүрмө берүү боюнча кат жөнөтүлгөн. Бишкек шаарынын мэриясынан алынган жоопто жер мунапысы программанын алкагында "Көк-Жар" конушунун 172-контурунан жалпы 1714 арыз кабыл алынганын жана 1089 жер тилке текшерилгенин билдирип, төмөнкүлөр көрсөтүлгөн: толугу менен курулган үйлөр - 209, турак-жайдын (фундамент) пайдубалы - 85, курулуп бүтө элек үйлөр - 78, устакана, тейлөө станциялары, өндүрүш жайлары жана дүкөндөр - 13, бош жер тилкелери - 704.

"Жерге мунапыс берүү тартибинин" алкагында 385 объекттин ичинен 149у каралууга жана калган 236сы мыйзамга ылайык келтирилүүгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн. КР Президентин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №109 Жарлыгына ылайык, мыйзамсыз 43 коммерциялык имараттар, пайдубалдар жана тосмолор бузулган.

**Маевка айылындагы объекттерди демонтаждоо**

2025-жылдын 4-сентябрында ЖМКларда Маевка айылынын 396-контурунда жайгашкан кыймылсыз мүлктөрдү бузуу иштери башталгандыгы тууралуу маалымат жарыяланып, бул коомчулукта наразычылык жаратткан. Ушуга байланыштуу 2025-жылдын 8-сентябрында Акыйкатчы Институту Бишкек шаардык мэриясына түшүндүрмө берүү боюнча тийиштүү кат жөнөткөн.

Мэриянын жообунда 5 гектар жер тилке жарандар тарабынан тиешелүү уруксат кагаздарысыз мыйзамсыз түрдө 98 участокко бөлүнүп алынгандыгын билдирген. Анын ичинде №38 участокто курулуш иштери уруксатсыз жүргүзүлүп жаткандыгы, 35 туруктуу имарат, 30 бетон пайдубал жана 11 жеңил конструкция аныкталган.

Жер тилкеси, менчик укугу жөнүндө күбөлүккө ылайык, жаран А.К.га таандык. Айыл чарба багытындагы жер тилкенин максатсыз пайдаланылышына байланыштуу кылмыш иши козголгон.

Административдик-аймактык реформанын алкагында 396-контур боюнча жерди мунапыска алуу тууралуу арыздар кабыл алынган эмес. Президенттин №109 Жарлыгына жана №27-19151 тапшырмасына ылайык, 2024-жылы 29 мыйзамсыз пайдубал, ал эми 2025-жылы 6 пайдубал бузулган. Бүгүнкү күнгө карата 35 мыйзамсыз имарат аныкталып, алардын ээлерине расмий эскертүүлөр берилген.

Акыйкатчы Институту жерине чыгуунун, жарандардын арыздарын кароонун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген маалыматтарды талдоонун жыйынтыгында төмөнкү тыянактарга келген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандарды жерди пайдалануу эрежелери жана алдыдагы бузуулар тууралуу өз убагында жетиштүү деңгээлде маалымдашпайт, бул өз кезегинде чыр-чатак кырдаалдардын жаралышына алып келет.

Калк арасында укуктук сабаттуулуктун төмөн деңгээли уруксатсыз курулуштардын пайда болушуна өбөлгө түзөт.

Тиешелүү мамлекеттик органдардын аракеттери координацияланбаган жана ыраатсыз мүнөзү коомчулуктун ишенимин төмөндөтүп, наразычылыктын күчөшүнө себеп болууда.

## СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Жерди пайдалануу эрежелери, мүлк ээлеринин укуктары жана мыйзамсыз курулуштун кесепеттери боюнча маалымат каражаттары жана расмий маалымат каналдары аркылуу, системдүү түрдө коомчулук арасында маалымдоо иш-чараларын уюштурсун.
2. Мыйзамсыз курулуштарды бузуу эрежелерин так сактоону камсыз кылсын, анын ичинен: мүлк ээлерине алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү менен алдын ала билдирүүдөн тартып, бузуу иштерин жүргүзүүдө тиешелүү кызматкерлердин аракеттерин милдеттүү түрдө каттоо, видео жана фотодокументтештирлөө, ошондой эле процессуалдык документтерди толук тариздөө жүргүзсүн.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

Мыйзамсыз курулуштарды жүзөгө ашырган жактардын аракеттерине гана эмес, ошондой эле кызматтык милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарбагандыгынын натыйжасында шаар куруу жана жер мыйзамдарынын бузулушунун алдын алуу боюнча чараларды көрбөгөн же мындай бузулууларга жол берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын аракетине (аракетсиздигине) укуктук баа берсин.

## 5.4. Онкологиялык бейтаптардын саламаттыгын сактоого жана медициналык жардам алууга болгон укуктарынын сакталышы

2025-жылы Акыйкатчы Институту Улуттук онкология жана гематология борборунда (УОГБ) жана ЭБКУБ караштуу балдар онкологиясы жана онкогематология бөлүмүндө бейтаптардын медициналык жардам алууга болгон укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзгөн.

Жүргүзүлгөн мониторингде онкологиялык жардам көрсөтүү тармагында бири-бири менен байланышкан системдүү көйгөйлөр аныкталган.

Онкологиялык кызматтын каржылоосу анын чыныгы муктаждыктарына жооп бербейт. УОГБнын маалыматына ылайык, онкологиялык кызматтын минималдуу жылдык каржылык муктаждыгы 4,5 млрд сомду түзөт. 2018-2023-жылдары жылына орто эсеп менен 3 млн сом бөлүнгөн, 2024-жылы-176 млн сом, ал эми 2025-жылы - 800 млн сом каралган. Каржылоонун көбөйүшүнө карабастан, анын көлөмү керектүү көлөмдөн бир нече эсеге төмөн бойдон калууда.

Республикада 7 млн ашкан калкка нур терапиясын алганга болгону эки гана сызыктуу ылдамдаткыч бар. Алар Бишкек шаарындагы УОГБда гана орнотулган. Мониторинг учурунда (2025-жылдын 25–29-августунда) күн сайын 200дөн ашык бейтапты тейлеген эки ылдамдаткыч акыркы үч ай ичинде бузулуп, иштебей турганы аныкталган.

Заманбап сызыктуу ылдамдаткычтар шишикке нурдун так багытын берип, башка дени сак органдарды жана ткандарды мүмкүн болушунча сактоого шарт түзөт.

Борбордун жетекчилиги жабдуулардын бузулушун ашыкча жүктөм жана өз убагында техникалык тейлөөгө каржылоонун жоктугу менен түшүндүргөн. Мисалы, негизги тетиктердин бирин алмаштыруу 200 миң АКШ долларын түзөт. Бир эле сызыктуу ылдамдаткычты жылдык техникалык тейлөө орто эсеп менен 20 млн сомду талап кылат, ал эми жаңы ылдамдаткычтын баасы болжол менен 4 млн АКШ долларын түзөт.

УОГБда сызыктуу ылдамдаткычтардын экөө тең иштебей калгандыктан, ошол эле учурда башка альтернативдүү аппарат жок болгондуктан, нур терапиясы убактылуу “Бабатрон” аппараты менен жүргүзүлөт. Мониторинг учурунда “Бабатрон” аппаратында нур терапиясын күтүп жаткан 34 бейтап катталган.

"Бабатрон" аппараты радиоактивдүү "Кобальт-60" булагынын негизинде иштейт, анын кызмат мөөнөтү 5 жылды түзөт. "Кобальт-60" булагынын иштөө мөөнөтү 2019-жылы эле аяктагандыктан, нур терапиясынын активдүүлүгү жана натыйжалуулугу кыйла төмөн.

Мындан тышкары, өлкөдө "Бабатрон" аппараты үчүн жаңы радиоактивдүү булакты жеткирүү жана алмаштыруу учурунда жогорку коркунучтагы радиоактивдүү заттар менен иштей турган сертификатталган адистердин жоктугу да олуттуу көйгөйдү жаратат. Техникалык тейлөөгө адистердин жоктугуна байланыштуу, чет өлкөдөн адистерди чакырууга мажбур болушат.

Өлкө калкынын санынын өсүшүн жана жаңы онкологиялык оорулардын көбөйүшүн эске алганда, болгону эки гана сызыктуу ылдамдаткычтын болушу жетишсиз. Эсептик муктаждыкка ылайык, ар 300 миң адамга бир сызыктуу ылдамдаткыч туура келиш керек. Нормалдуу жүктөмдө алардын эксплуатациялык мөөнөтү орто эсеп менен 4 жылды түзөт. Акыркы беш жылда алгач аныкталган залалдуу шишиктери бар бейтаптардын нур терапиясы менен камтылышы орто эсеп менен 25,9% түзгөн. Демек, өлкөгө заманбап 7 сызыктуу ылдамдаткыч талап кылынат.

Сызыктуу ылдамдаткычтардын иштен чыгышы жана жетишсиздиги "КР жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамынын 43-беренесинде белгиленген онкологиялык бейтаптардын өз убагында жана тийиштүү медициналык жардам алууга болгон укуктарынын бузуулушуна алып келүүдө. Жабдуулардын иштебей калышы нур жана радиотерапия дарылоонун кечигишине алып келип, оорунун өрчүү коркунучун жогорулатып, дарылоонун начарлашына жана кезектердин пайда болушуна алып келүүдө.







Мындан тышкары, УОГБда диагностикалык жабдуулар жетишсиз. Айрыкча УЗИ аппараттарынын, рентген, лапароскопиялык жана эндоскопиялык системалар, ангиографтар жана санарип маммографтар жетишпейт.

**УОГБнын диагностикалык жабдууларга болгон муктаждыгы:**

1. УЗИ аппараттары - 4 даана (компрессиялык эластография жана жылыш толкуну функциялары бар датчиктери менен толук комплект)
2. U-түрүндөгү санарип рентген аппараты - 1.
3. Рентгеноскопия функциясы бар санарип рентген аппараты - 2.
4. С-түрүндөгү санарип рентген аппараты - 1.
5. Томосинтез функциясы бар санарип маммограф - 2.
6. Karl Storz лапароскопиялык жабдык (абдоминалдык хирургия жана гинекология үчүн)- 4.
7. Olympus эксперттик класстагы видео жабдык -4.
8. Лапароскопиялык аспаптарды стерилдөө үчүн плазмалык стерилизатор(160–200 л) - 2.

9. Ангиограф - 1.
10. Эндоскопторду жууп-тазалоо жана дезинфекциялоо үчүн аппараттар (140 л) - 2.

Диагностикалык жабдуулардын белгиленген эксплуатация мөөнөттөрү өтүп, олуттуу эскирүүсүнө жана диагностиканын сапатынын төмөндөшүнө карабастан, Борбор өз каражаттарынын эсебинен кайрадан оңдоп пайдаланып келет. Мониторинг учурунда УОГБда болгону бир гана УЗИ аппараты иштеп турган, бул мекеменин бейтаптар агымына жана жүктөмүнө жооп бербейт. УЗИ аппараттарынын бузулушунан жана жетишсиздигинен улам каттоодо туруп, дарыланып жаткан бейтаптар жеке клиникаларга кайрылууга мажбур болушат.

Белгилей кетчү жагдай, заманбап диагностикалык жабдуулардын болушу онкологиялык ооруларды өз убагында аныктоо, процесстин стадиясын так белгилөө жана дарылоонун оптималдуу тактикасын тандоо үчүн өтө маанилүү шарт болуп саналат.

Мониторинг учурунда УОГБда 2014-жылы орнотулган, техникалык жактан эскирген бир гана маммограф иштеп жатканы аныкталган. Анын бир кошумча бөлүгү иштен чыккандыктан, эмчек безинин рагын аныктоонун сапаты жана толуктугу олуттуу төмөндөгөн.

Бейтаптар жана медициналык кызматкерлер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы региондордогу абал курч экенин көрсөттү: өлкө боюнча болгону 2–4 санарип маммограф бар (Бишкек шаардык Кыргыз–Түрк достугу ооруканасы — 1; “Эргене” медициналык борбору — 1, УОГБ — 1; Ош онкологиялык ооруканасы — 1).

Жабдуулардын жетишсиздиги балдар онкологиясы жана онкогематология бөлүмүндө да байкалат. Айрыкча төмөнкү жабдуулар өтө зарыл:

- лейкоздордо минималдуу калдык ооруну аныктоо үчүн ПЦР-платформалар;
- цитостатиктерди коопсуз даярдоо үчүн стерилдүү бокстор жана системалар;
- балдар үчүн так багыт берген инфузияларды жүргүзүүчү инфузиялык (анын ичинде шприцтик) насостор;
- трансплантация жана интенсивдүү терапия учурунда стерилдүү шарттарды түзүүчү жабдуулар.

Мындан тышкары, нур терапиясын алууга медициналык буюмдардын да тартыштыгы байкалууда. Нур терапия бөлүмүндө сызыктуу ылдамдаткычтарда дарылоо учурунда бейтапты так фиксациялоо үчүн термопластикалык маскалар, вакуумдук матрастар, баш таянычтар, кол-бутка арналган тирөөчтөр жана башка каражаттар колдонулат. Бул буюмдарды пайдалануу менен, бейтапты нурга так жайгаштырып, шишикке таасир этүүнүн натыйжалуулугун жогорулатып, дарылоонун коопсуздугун камсыз кылат.

Мониторинг учурунда бөлүмдө термопластикалык маскалардын запасы толугу менен түгөнүп, бир жолку колдоонуучу маскалар үчтөн ашык колдонулуп жатканы аныкталды. Ал эми жаш балдар үчүн термомаскалар таптакыр жок, мындай шарттар жаш балдарга нур терапиясын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн чектейт. Болгон баш таянычтар 70%га чейин эскирип, деформацияланган. Түзүлгөн жагдай дарылоо учурунда бейтапты так жана туруктуу фиксациялоого терс таасирин тийгизет.

Белгилей кетсек, фиксациялоочу буюмдарды колдонуу нур терапиясынын өзгөчөлүгү менен шартталат. Нур терапия курсун ар бир бейтап орто эсеп менен 25 жолу өтөт. Нур алуу учурунда дененин бир аз жылышы да нурлануунун тактыгына терс таасир тийгизип, дени сак ткандардын жана органдардын нурлануу коркунучун жогорулатат, бул татаалдашууларга жана дарылоонун натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

*(Сүрөттөрдө бир жолку колдонула турган, бирок, көп жолу колдонулган термопластикалык маскалар жана алмаштырууну талап кылган вакуумдук матрацтар, баш таянычтар жана башка буюмдар көрсөтүлгөн.)*



УОГБда термопластикалык маскалар жана корсеттер ар бир бейтап үчүн жекече даярдалат. Бирок, бул буюмдарга каражаттын бөлүнбөгөндүгүнөн улам, Борбор аларды өз каражатынын эсебинен жасап, бир жолку колдонууга арналган буюмдарды көп жолу пайдаланууга мажбур болушууда.

Онкологиялык бейтаптарды дары-дармек менен камсыз кылуу маселеси да канааттандырарлык эмес бойдон калууда. 2025-жылы сентябрь айына карата муктаждыктар жарым жартылай гана камсыздалган. 2025-жылдын июль айына чейин “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы тарабынан борборго дары-дармек жеткирүү таптакыр болгон эмес. Июль айынан тартып, дары-дармек жеткирүүнүн көлөмү өтө жетишсиз бойдон калууда.

Берилген маалыматтарга ылайык, мониторинг маалында УОГБда онкологиялык бейтаптарды толук дарылоо үчүн зарыл болгон 80 аталышындагы дары-дармектердин жетишсиз болгон (тизме бар). Негизги химиопрепараттар менен камсыз кылуу да туруктуу болгон эмес.

Тийиштүү документтерди кароонун жыйынтыгы менен, дары дармектердин жоктугу негизги көйгөй “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы тарабынан жеткирүүлөрдүн кечеңдеши жана сатып алуулардың жетишсиздиги менен байланыштуу болгон. Ошондой эле, дары -дармектерди сатып алуу процесстердин ачык эместиги жана жеткирүүнүн бирдиктүү графигинин жоктугу медициналык мекемелерде дарылоону пландоодо кыйындаткан.

Онкологиялык бейтаптарды заманбап химиотерапиялык, таргеттик жана шишикке каршы препараттар менен камсыз кылуу үчүн болжол менен 2,5 млрд сом талап кылынат.

Онкологиялык дары-дармектер эки финансалык булак аркылуу сатылып алынат: негизги препараттар — КР ССМ алдындагы ММКФ аркылуу, ал эми таргеттик, иммунотерапиялык жана химиотерапиялык препараттар — КР ССМ Жогорку технологиялар фонду аркылуу (ЖТФ) .

Бейтаптаптарды сурамжылоодо, борбордо таргеттик дары-дармектердин жоктугунан улам, өз каражатына сатып алууга аргасыз болуп, чоң финансалык чыгымдарга учурап жатышканын билдиришкен.

Балдар онкология бөлүмүндө дагы жашоого маанилүү препараттарды жеткирүүдө үзгүлтүктөр болгон:

- курч лимфобласттык лейкозду дарылоо үчүн зарыл болгон аспарагиназа (анын ичинде ПЭГ-аспарагиназа);
- солиддик шишиктерди жана гемобластоздорду дарылоодо колдонулуучу карбоплатин, ифосфамид, этопозид, цитарабин.

2024-жылы балдар бөлүмүнө дары-дармектер ноябрь айында гана келип, бул дарылоодо үзгүлтүктөргө алып келген. 2025-жылы да абал жакшырган эмес, алсак, август айына карата суралган сумманын болгону 1,6% гана берилген.

Дары-дармек менен камсыздоонун бузулушу менен онкологиялык бейтаптардын финансалык абалы начарлап, калктын эң аярлуу катмарын түзүп калууда. Дары- дармектерди жеткирүүлөрдүн туруксуздугу жана кымбат дары-дармектерди бейтаптар өз эсебинен сатып алуу зарылдыгы бейтаптардын үй-бүлөсүнүн социалдык абалынын начарлашына, дарылоодон эрте баш тартуусуна, оорунун оор өрчүшүнө жана өлүм көрсөткүчүнүн өсүшүнө алып келүүдө. Бул көйгөй медициналык гана эмес, социалдык-экономикалык мүнөзгө да ээ.

Мониторинг учурунда эң көп талкууланган маселелердин бири — УОГБдагы дарыгерлердин ашыкча жумуш жүктөмү жана кабыл алууда кезектердин көбөйүшү болду.

Адистештирилген онкологиялык жардамдын борбор калаада болгону, республиканын региондорундагы бейтаптардын сапаттуу медициналык кызматтарга тең жетүүсүн чектейт. Региондогу бейтаптар кошумча чыгымдарга учурап, борбор калаага каттап келүүгө көп убакыт коротууга мажбур болушат. Анткени, региондордо айрым онкологиялык бөлүмдөр бар болгону менен, алардын мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелүү:

- Ош шаарында онкология бөлүмү иштеп, анда 15 бейтап бир убакта дарыланат, химиотерапия жүргүзүлөт жана жөнөкөй хирургиялык операциялар аткарылат;
- Манас, Токмок жана Баткен шаарларында окшош бөлүмдөр иштеп, негизинен оорунун жеңил формалары бар бейтаптарды кабыл алышат.

Онкопатологиянын баардык татаал түрлөрү, анын ичинде операциялык жана нур терапиясы толугу менен УОГБда гана жүргүзүлөт.

Медициналык алгачкы деңгээлде (ҮМБ, шаардык жана облустук ооруканаларда) онкология тармагында кадрлардын жетишсиздиги өзүнчө олуттуу көйгөй бойдон калууда. Көпчүлүк региондордо адистердин жетишсиздиги байкалса, айрым региондордо онкологдор таптакыр жок. Алыскы жана тоолуу аймактарда негизинен пенсия курагындагы дарыгерлер жана медайымдар иштешет, бул заманбап диагностика жана дарылоо ыкмаларын киргизүүнү татаалдаштырат.

Жалпысынан КР боюнча үй-бүлөлүк медицина борборлорунда 73,25 онколог дарыгердин штаттык бирдиги каралган, бирок алардын көбүн башка адистиктеги кызматкерлер кошумча иш катары ээлешет. Бул онкологиялык ооруларды аныктоонун, дарылоонун жана диспансердик байкоонун сапатына терс таасирин тийгизет. Үй-бүлөлүк медицина борборлорунун деңгээлинде баштапкы дарылоо жүргүзүлбөйт, ал эми диспансердик каттоо 2003-жылы жоюлган. Мисалы, Нарын облусу статистика боюнча рак оорулары менен оорУУ жана өлүм көрсөткүчү боюнча биринчи орунда турса да, бул аймакта онколог дарыгер жок.

Жаш адистер айыл жергесине ишке барган күндө да, айлык акынын төмөндүгү, карьералык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу жана оор эмгек шарттарынан улам узакка кармалып калбайт. Бул кесиптик өсүүгө болгон мотивацияны төмөндөтүп, кадрлардын жеке секторго жана чет өлкөлөргө кетишине алып келет.

Натыйжада кадрдык ресурстардын жетишсиздигинен улам, региондордо онкологиялык ооруларды баштапкы диагностикалоо жана дарылоонун үзгүлтүктүү жана туруксуз мүнөздө болушуна алып келип, бейтаптардын негизги агымы кайрадан УОГБга топтолууда.

Ушуга байланыштуу УОГБнын күндүзгү бөлүмү ашыкча жүктөмгө туш болууда. УОГБнын күндүзгү бөлүмүндө болгону 40 орун бар болсо да, бөлүм күн сайын химиотерапия курсун алууга муктаж 80ден ашык бейтапты кабыл алат. Демек, иш жүзүндөгү УОГБ болгон жүктөм кубаттуулуктан дээрлик эки эсе ашып, бар болгон ресурстар менен медициналык жардамдын реалдуу көлөмүнүн ортосундагы дал келбестигин көрсөтөт.

Мындай ашыкча УОГБго болгон жүктөм терс кесепеттерге алып келет. Биринчи кезекте бейтаптардын татыктуу жана коопсуз шарттарда дарылануУга болгон укуктары бузулат. Мониторинг учурунда күндүзгү бөлүмдө орундардын жетишсиздигинен жана кезектин көптүгүнөн улам, бейтаптардын өз өтүнүчү менен отургучтарда отуруп химиотерапия алууга мажбур болгону аныкталган. Дарыгерлер мындай шартта бейтаптар эс алып, бошоно албай турганын жана медициналык персоналдын туруктуу көзөмөлүндө боло

албастыгын белгилешет. Ошондой эле, мындай шарттарда ийне аркылуу дары алуу медициналык жардамдын стандарттарына дал келбейт.

*(Сүрөттөрдө кезек жана орун жетишсиздигинен улам, бейтап отургучта отуруп капельница коюлган учур көрсөтүлгөн.)*



Ошондой эле, көп сандаган кезектер жана орундардын тартыштыгы санитардык-эпидемиологиялык режимди бузууда. Амбулатордук бөлүмгө ийне сайдырганы (укол, капельница) келген бейтаптар жана стационардык жатып дарыланган бейтаптардын бирге бир имаратта жайгашканы санитардык жана уюштуруучулук нормаларга каршы келет.

Мындан тышкары, амбулатордук бөлүмдө кенже медициналык персоналдын жетишсиздигинен улам, медициналык кызматкерлер чоң жүктөм менен иштешет. Мындай шартта ар бир бейтапка жетиштүү көңүл бурууга физикалык жактан жетишпей калышат. Бул медициналык жардамдын сапатын төмөндөтүп, ката кетирүү коркунучун жогорулатат жана кызматкерлердин кесиптик күйүшүнө алып келет. Балдар бөлүмүндө да медайымдар өтө чоң жүктөм менен иштешет. ДССУнун эл аралык стандарттарына ылайык, бир медайым орто эсеп менен 5 бейтапты тейлеши керек, ал эми иш жүзүндө аталган бөлүмдө бир медайым күнүнө 30га жакын бейтапты тейлейт.

Күндүзгү амбулатордук бөлүмдө цитостатиктер менен иштөөнү уюштурууда да бир катар көйгөйлөр аныкталып, мындай шарттар медициналык персонал жана бейтаптар үчүн коопсуздук коркунучун жаратып, химиопрепараттар менен иштөөнү уюштуруудагы көйгөйлөрдү көрсөттү. Анткени, медайымдар цитостатикалык препараттарды эл аралык стандарттарга жооп бербеген шартта даярдоого жана кадимки кайнак суу колдонуу менен эритүүгө аргасыз. Дүйнөлүк практикада цитостатиктер атайын обочолонгон, соргуч вентиляциясы жана автоматташтырылган дозалоо системалары бар бөлмөлөрдө даярдалат. Бул персоналдын уулуу заттар менен түз байланышына жол бербейт.

Мындан тышкары, онкологиялык жардамды, анын ичинде балдар онкологиясын өнүктүрүүгө тоскоол болгон укуктук ченемдик актыларында боштуктар жана мүчүлүштүктөр да аныкталды:

- мээ сөөгүнүн чучугун трансплантациялоо жана клеткалык технологиялар боюнча бекитилген улуттук протоколдордун жоктугу;
- таргеттик дары-дармектерди сатып алуунун узак жана татаал жол-жоболору;
- эл аралык кызматташтык жана клиникалык изилдөөлөргө катышуу үчүн жетишсиз укуктук база.

Ошондой эле, "Кыргыз Республикасында онкологиялык ооруларды контролдоо жана алдын алуу боюнча 2021–2025-жылдарга карата Стратегия" жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар Планы КР ССМ 2021-жылдын 28-июлундагы №1019 буйругу менен бекитилген.

Стратегиялык документтердин министрлик деңгээлинде бекитилиши жоопкерчиликтин жана координациянын деңгээлин төмөндөтөт. Онкологиялык тармактын орчундуулугун жана маанилүүлүгүн эске алуу менен, аталган стратегиялык документтер КР Министрлер Кабинети тарабынан бекитилиши чоң мааниге ээ.

Учурда, 2025–2030-жылдарга карата КР онкологиялык оорулар менен күрөшүү боюнча Комплекстүү план долбоору иштелип чыгып, бекитүү баскычында турат. Бул документти КР Министрлер Кабинетинин деңгээлинде бекитүү зарыл.

Дарылоону күтүү тизмесинде турган бейтаптардын олуттуу бөлүгү күн сайын үйүнө кайта албаган, алыскы региондордон келген бейтаптар. Оор физикалык абалында, туруктуу кароого муктаж жана узак мөөнөттүү дарылоо талап кылынган шартта, бул бейтаптар жана алардын жакындары медициналык мекемеге жакын жайгашкан турак жайга муктаж. Мурда донорлордун колдоосу менен убактылуу турак жайды камсыз кылуу боюнча айрым демилгелер иштеп турган (анын ичинде терапия учурунда аялдарга акысыз батирлер болгон). Бирок, учурда донордук колдоо токтотулуп, бейтаптарга акысыз турак жай берүү мүмкүнчүлүгү таптакыр жок. Натыйжада, бейтаптар борбор калаада батирди өз каражатына ижарага алууга мажбур болушат. Медициналык мекемеден тышкары жашоо бейтаптар үчүн кошумча каржылык жүк жаратат.

Мындан тышкары, онкология маселесинде социалдык маанилүү көйгөйлөрдүн бири — бейтаптардын жана алардын жакындары тарабынан “дарылоодон баш тартуу” маселеси орун алууда. Айрыкча жаш балдар тууралуу сөз болгондо бул маселе өтө курч турат, анткени өз убагында медициналык жардам көрсөтүү менен алардын өмүрүн сактап калууга же кыйла узартууга болот.

Акыркы беш жылда ата-энелердин балдарын дарылоодон баш тарткан учурлары бир нече жолу катталган. Мунун себептери ар кандай: каржылык кыйынчылыктар, заманбап медицинага ишенбөөчүлүк, маданий жана диний факторлор. Айрым үй-бүлөлөр элдик табыптарга кайрылууну тандашат же химиотерапиянын алгачкы курстарынан кийин дарылоону толук токтотуп коюшат. Дарылануудан баш тартуулар, адатта, жагымсыз натыйжаларга алып келет. *Мисалы, онкологиялык балдар бөлүмүндө курч лимфобласттык лейкоз менен ооруган жаш бала ремиссияга жеткенден кийин ата-энеси тарабынан дарылоо протоколунан чыгарылып, альтернативдүү ыкмаларга өткөрүлгөн учур катталган. Бир жылдын ичинде оор рецидив өрчүп, бала каза болгон.* Мындай мисалдар үй-бүлөлөр менен иштөөнү күчөтүүнүн, социалдык жана психологиялык колдоону кеңейтүүнүн, ошондой эле аз камсыз болгон бейтаптарга жардам берүү программаларын иштеп чыгуунун зарылдыгын айгинелейт.

## СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Кыргыз Республикасында онкологиялык ооруларды контролдоо жана алдын алуу боюнча жаңы Стратегияны жана 2025–2030-жылдарга карата онкологиялык оорулар менен күрөшүү боюнча Комплекстүү планды кабыл алсын.
2. Комплекстүү планда онкологиялык бейтаптар жана алардын үй-бүлөлөрү менен дарылоодон баш тартуу маселелери боюнча иш алып барууга, ошондой эле социалдык жана психологиялык колдоо көрсөтүүгө багытталган чараларды караштырсын.
3. Онкологиялык бейтаптар үчүн дары-дармектерди сатып алуу шарттарын кайра карап чыгуу жана анын ичинде таргеттик жана иммунотерапиялык препараттардын “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы аркылуу үзгүлтүксүз жеткирилишине көзөмөл жүргүзсүн жана стратегиялык дары-дармек резервин түзсүн.
4. 2026–2027-жылдарга карата бюджет долбоорунда төмөндөгү муктаждыктарга кошумча каражат бөлүүнү караштырсын:

- УОГБнын жана региондук онкологиялык бөлүмдөрдүн материалдык-техникалык базасын жаңылоого;
- сызыктуу ылдамдаткычтарды сатып алууга;
– онкологиялык ооруларды дарылоодо дары-дармектерди сатып алууга каржылоону көбөйтүүгө;
– жогорку технологиялуу медициналык жабдууларды (сызыктуу ылдамдаткычтар, КТ, маммографтар, эндоскопиялык жабдуулар ж.б.) сертификатталган техникалык тейлөө үчүн туруктуу каржылоо механизмин түзүүгө;
– термопластикалык маскаларды жана корсеттерди даярдоого, радиология бөлүмүн заманбап термопластикалык маскалар, баш таянычтар жана вакуумдук матрацтар, анын ичинде балдар үчүн буюмдарды алууга.

5. Региондордон келген онкологиялык бейтаптар жана алардын жакындары үчүн убактылуу жашоочу жатакана ачуу мүмкүнчүлүгүн карасын.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:**

1. Онкологиялык кызматтын медициналык кызматкерлеринин ишинин реалдуу жүктөмүн (амбулатордук кабыл алууларды эске алуу менен) оптималдаштыруу жана амбулатордук жүктөмдү отчеттук документтерде жана эмгек акы төлөөдө эске алуу жагы каралсын.
2. Ош облустар аралык онкология борборунда нур терапия бөлүмүн ачуу мүмкүнчүлүгү каралсын.
3. Облустук онкологиялык бөлүмдөрдүн диагностикалык базасы жана кадрдык потенциалы күчөтүлсүн.
4. Цитостатикалык препараттар менен иштөө шарттарын жакшыртуу үчүн атайын обочолонгон, соргуч вентиляциясы жана фильтрация системалары бар бөлмөлөр менен камсыз кылсын.
5. УОГБнын күндүзгү бөлүмүндөгү орундардын санын көбөйтүү маселесин карасын.
6. Алгачкы медициналык жардам деңгээлинде онкологиялык оорулардын алдын алуу чараларын күчөтүү, анын ичинде аялдардын жыл сайын милдеттүү түрдө профилдик адистерден текшерилишин камсыз кылсын.

## 5.5. Психиатриялык жардам көрсөтүү тармагындагы системдүү көйгөйлөр

Акыйкатчы Институту калктын эң аярлуу катмарына кирген жана өзгөчө коргоого муктаж ден соолугу боюнча менталдык (психикалык) жактан жабыркаган адамдарга өзгөчө көңүл бурат.

Акыйкатчы Институту психиатриялык ооруканаларда жана психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемелердеги (мындан ары ПССМ) кармоо шарттарга туруктуу мониторинг жүргүзүп келет. 2025-жылы Институттун кызматкерлери психиатриялык мекемелерде 16 мониторинг жүргүзүшкөн.

Белгилей кетсек, өлкөдө КР ССМ караштуу беш адистештирилген төмөндөгү психиатриялык ооруканалар тарабынан жардам көрсөтүлөт:

- Республикалык психиатрия жана наркология борбору (РПНБ);
- Ош облустук психиатрия жана наркология борбору (ООПНБ);
- Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борбору (ЖОПСБ);
- Кызыл-Жар айылындагы республикалык психиатриялык оорукана (Кызыл-Жар РПО);
- Чым-Коргон айылындагы республикалык психиатриялык оорукана (Чым-Коргон РПО).

Мониторинг учурунда дары-дармектер менен жетишсиз камсыздоо, калориясы төмөн тамак-аш, ошондой эле санитардык-тиричилик шарттарынын бузулушу сыяктуу бир катар

системдүү көйгөйлөр аныкталган. Мониторингдин жыйынтыгы менен бейтаптардын кармоо шарттарын жакшыртууга багытталган сунуштар тийиштүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн. Көрүлгөн чаралардын натыйжасында айрым мекемелерде жашоо шарттарын жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүп, көйгөйлүү участкаларга оңдоо иштери жүргүзүлүп, тамак-аштын сапаты жакшыртылып жана айрым эмеректер жаңыланган.





Мисалы*, 2025-жылы жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы менен Бишкек шаарындагы РПНБда бейтаптардын тамак-ашынын каржылоосу 96 сомдон 180 сомго жогорулатылып, тамак-аштын сапаты жана өлчөмү бир кыйла жакшыртылган.*

*Ошондой эле, "Чым-Коргон" РПОда тамак-ашка каралган каражат 65 сомдон 130 сомго көбөйтүлгөн.*

*Мындан тышкары, Акыйкатчынын чара көрүү актысынын негизинде санитардык-гигиеналык нормаларга жана талаптарга жооп бербеген имаратта жайгашкан "Кызыл-Жар" РПОнын №7 экспертиза бөлүмү жабылган. Бүгүнкү күндө катуу күзөт режими менен экспертизадан өтүп жаткан бейтаптар санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылган өзүнчө жайга которулган.*

*Кадамжай ПССМде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча ишти тиешелүү тартипте уюштурбагандыгы үчүн мекеменин айрым кызматкерлерине карата тартиптик чаралар колдонулган.*

**Ден соолугу боюнча менталдык (психкалык) жактан жабыркаган адамдар үчүн социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгү.**

Өлкөдө психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелердин жетишсиздиги өзгөчө тынчсыздануусун жаратат. Бүгүнкү күндө КР ЭСКММне караштуу 8 ПССМ бар. Алардын экөө жаш балдар үчүн каралган.

КР ЭСКММнин маалыматына ылайык, бүгүнкү күндө ПССМге жайгаштыруу үчүн кезекте турган адамдардын саны **298ди** түзөт. Алардын ичинен балдар ПССМнин 18 жашка жетип, чоңдор үчүн ПССМдерге которулушу үчүн кезек күтүп жаткан кызмат алуучулар 51 адам.

**Психоневрологиялык социалдык-стацонардык мекемелер тууралуу маалымат**

| № | Мекеменин аталышы | Керебет орундардын саны | Жашап жаткандардын саны | 2024-ж. карата кезекте тургандардын саны | 2025-ж. карата кезекте тургандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | ПССМ № 1, Искра а. | 300 | 300 | 22 | 77 |
| 2. | ПССМ № 2, Токмок ш. | 250 | 250 | 42 | 75 |
| 3. | Жайыл ПССМи, Индом а. | 250 | 250 | 5 | 29 |
| 4. | Покровка аралаш ПССМ | 100 | 100 | 12 | 10 |
| 5. | Ак-Сууу аялдар ПССМ | 250 | 250 | 2 | 10 |
| 6. | Кадамжай аралаш ПССМ | 230 | 230 | 80 | 97 |
| 7. | Беловодск балдар ПССМ | 250 | 224 | - | - |
| 8. | Жалал-Абад балдар ПССМ | 165 | 142 | - | - |
| **9.** | **Жалпы** | | | **163** | **298** |

Институтка келип түшкөн кайрылуулардын 60% бейтаптарды психиатриялык стационарлардан чыгарууга көмөк көрсөтүү жана аларды ПССМге которуу тууралуу өтүнүчтөрдү камтыган.

Ал эми, КР ССМнин системасында 3 республикалык жана 2 облустук психиатриялык ооруканалар иш алып барат. Бул психиатриялык ооруканаларда айрым бейтаптардын дарылоо курсу аяктаган, бирок турак жайынын жоктугуна жана туугандары менен байланышы үзүлгөндүгүнө байланыштуу ооруканада жашоого мажбур болуп, ПССМдерге которулушун күтүп жаткан бейтаптар бар. Расмий маалыматтарга ылайык, психиатриялык ооруканада 2024-жылы мындай бейтаптардын саны 21 адамды түзсө, 2025-жылы алардын саны 50 адамга чейин көбөйгөн.

**2025-жылдын декабрь айына карата ПССМдерге которулууну күтүп жаткан бейтаптар тууралуу маалымат**

| Саламаттык сактоо мекемесинин аталышы | Бейтаптардын саны | ПССМге которулууну күтүүнүн орточо мөөнөтү | Бейтаптардын орточо жаш курагы | Бейтаптардын социалдык абалы | Жынысы |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык психиатрия жана наркология борбору | 1 | 124 күн | 51 | 2-топтогу майып | Эркек |
| Ош облустук психиатрия жана наркология борбору | 2 | 155 күн | 25 | 2-топтогу майыптар | 1 эркек<br>1 аял |
| Кызыл-Жар Республикалык психиатриялык ооруканасы | 19 | 5 жыл | 40-65 | 2 адам өздүгүн аныктоочу документтери жок жана майыптыгы аныкталбаган бейтаптар | 14 аял<br>5 эркек |
| Чым-Коргон Республикалык психиатриялык ооруканасы | 28 | 694 күн | 25-70 | 13 өздүгүн аныктоочу документтери жок, 10 майыптар, 5 МСЭК кароосун күтүп жаткандар | 12 аял<br>16 эркек |
| Бардыгы | 50 | | | | |

Белгилей кетүүчү жагдай, бул категориядагы мамлекеттик камсыздоого муктаж адамдардын расмий статистикасы 348 адамды түзөт (КР ЭСКММ— 298 адам, КР ССМ -50 адам). Бирок, көрсөтүлгөн маалыматтар каттоодон өткөн учурларды гана көрсөтүп, калктын психикалык саламаттыгынын реалдуу абалын толук чагылдырып бере албайт.

Жылдан жылга медициналык, социалдык жана социалдык-экономикалык факторлордун себебинен психиатриялык бейтаптардын жаңы катталган санынын өсүшү байкалууда. Белгилей кетсек, 2025-жылдын декабрь айына карата психиатриялык жардамга муктаж болгон, расмий каттоодо турган жарандардын саны **52 875** адамды түзгөн.

Түзүлгөн кырдаал керебет-орундарынын санын көбөйтүүнү жана жаңы ПССМ куруу зарылчылыгын жаратат.

Айрыкча, республиканын түштүк аймактарындагы абал өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. Ош жана Жалал-Абад облустарында чоңдор үчүн ПССМдин жоктугу, психикалык бузулууларга дуушар болгон адамдарга социалдык жардам көрсөтүүдө көйгөйлөр жаралып жаткандыгын белгилейт. Түзүлгөн жагдай түштүк аймактардын калкы үчүн социалдык жардам алууга болгон жеткиликтүүлүктү чектейт.

**“Чым-Коргон” РПО жана “Кызыл-Жар” РПО мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүндө бейтаптардын жана медициналык кызматкерлердин коопсуздугунун сакталышы**

Көп жылдан бери Акыйкатчы Институту “Чым-Коргон” РПОнун №8 жана №10 мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүндө атайын күзөттүн жоктугу жана видеобайкоо системасы орнотулбагандыгы тууралуу маселесин көтөрүп келет.

“Чым-Коргон” РПОнун мажбурлап дарылоо бөлүмүндө 64 бейтап бар, алардын ичинен 59 эркек, 5 аял.

Аталган оорукананын кызматкерлеринин 30% эркек, калган 70% пенсия же пенсияга чейинки курактагы аял кызматкерлер түзөт. Күзөттүн жоктугу кызматкерлердин жана бейтаптардын коопсуздугуна коркунуч жаратууда, бул жагдай бейтаптар тараптан болгон качуу фактылары менен да тастыкталат. 2023-жылы 2 качуу фактысы катталып, 2024-жылы 1 учур болгон.

2019-жылдан бери Чым-Коргон РПОда соттун чечиминин негизинде дарыланып жаткан бейтаптарды кайтаруу жана көзөмөлдөө бүгүнкү күнгө чейин мекеменин өз күчү менен жүргүзүлүп келет, б.а. бул милдет санитаркаларга жана медайымдарга жүктөлгөн.

Бул маселе боюнча КР ССМ тарабынан КР ИИМ, ЖАМК, КР ФМ , КР МЮ жана КР КР БП менен бир нече жолу жолугушуулар өткөрүлгөн.

Бирок, ушул күнгө чейин аталган ооруканада коопсуздукту камсыздоо маселеси чечилбей келет.

Ошол эле учурда бир типтеги, катуу режимдеги мажбурлап дарылоо бөлүмдөрү бар мекемелерде кайтарууну уюштуруу маселеси ар түрдүү чечилүүдө. Мисалы, “Кызыл-Жар” РПОда коопсуздукту камсыз кылуу маселеси КР ССМ тарабынан каржылоо бөлүү аркылуу чечилген. “Кызыл-Жар” РПОда коопсуздукту камсыздоо Таш-Көмүр ШИИБ Күзөт кызматы тарабынан 2019-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде жүзөгө ашырылып келет. Коопсуздук кызматы үчүн бул ооруканага жыл сайын 28 млн сомго жакын каражат бөлүнөт.

Аталган келишим түзүлгөнгө чейин мекеменин коопсуздугун ЖАМК ишке ашырып келген. 2025-жылы “Кызыл-Жар” РПОсунун мажбурлап дарылоо бөлүмдөрү видеокөзөмөл системалары менен жабдылган.

2026-жылдын 15-январына карата “Кызыл-Жар” РПОнун ШИИБ тарабынан кайтарылуучу катуу режимдеги №2, №4 жана №5 мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүндө жалпы 95 бейтап дарыланууда (9 аял, 86 эркек). Мындан тышкары, мониторинг учурунда 7 бейтап экспертиза жүргүзүлүшүн күтүп жаткан.

Белгилей кетүүчү жагдай, “Кызыл-Жар” РПОда ИИБ тарабынан кайтаруу уюштурулганына карабастан, медициналык кызматкерлердин коопсуздугу тиешелүү деңгээлде камсыздалбай келет.

Кызыл-Жардагы ооруканага сыртынан күзөт жүргүзүү жана бөлүмдөргө кирүүгө уруксаты бар медициналык кызматкерлерди жана функционалдык милдеттеринин негизинде кирүүгө акысы бар башка адамдарды каттоодон өткөрүү, тыюу салынган буюмдарды алып кирүүгө жол бербөө үчүн текшерүүдөн өткөрүү менен гана чектелет.

Ошол эле учурда, күзөтчүлөр соттолгон бейтаптарды бөлүмдүн ичинде кайтарууну жана бейтаптарга карата дарылоо иш-чараларын жүргүзүү маалында медициналык кызматкерлерди коштоп жүрүшпөйт.

Мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүндө бейтаптардын ортосунда чыр-чатак, уруш-талаш же мушташ чыккан учурда ыкчам чара көрүү максатында күзөт кызматкерлери бөлүмдүн ичинде коюлган эмес. Мындай учурларда чыр-чатактарды жөнгө салууга аргасыздан санитарлар жана медициналык кызматкерлер тартылат. Күзөт кызматкерлеринин түшүндүрмөсүнө ылайык, коопсуздук кызматкерлери медициналык персоналды коштоп жүрүшпөйт, анткени бул милдет алардын кызматтык (уставдык) милдеттерине кирбегенин билдиришкен.

Түзүлгөн жагдай мекемеде дарыланып жаткан башка бейтаптар жана медициналык кызматкерлеринин коопсуздугуна олуттуу коркунуч жаралып жаткандыгын айгинелейт.

КР Жазык-аткаруу кодексинин 30-бер. 12-п. ылайык, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары жана мажбурлап дарылоо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган жана жазык-аткаруу тутумунун мекемелери тарабынан аткарылат.

Бирок, азыркы учурда КР Министрлер Кабинети тарабынан кабыл алынган, соттолгондорго карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу процессинде коопсуздукту жана коргоону камсыз кылуу маселелерин жөнгө салган өзүнчө ченемдик-укуктук акт жок.

КР ССМ 2024-жылдагы №588 буйругу менен атайын бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз уюштуруу максатында коопсуздукту сактоо милдети ЖАМК жүктөлгөн.

Ал эми, эл аралык тажрыйбага кайрылсак, Россия Федерациясында психиатриялык мекемелердеги мажбурлап дарылоо жүргүзүлүүчү бөлүмдөрдүн коопсуздугун жана кайтаруусун жазаларды аткаруу кызматтары камсыз кылат.

Коопсуздукту камсыз кылуу маселеси КР ЖАМК, ИИМ жана ССМ өз ара макулдашылган иш алып баруусун талап кылат. Айрыкча коом үчүн өзгөчө коркунучтуу кылмыштар үчүн соттолгон адамдардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен, жаза аткаруу кызматы аркылуу тийиштүү деңгээлдеги кайтарууну уюштуруу маселесин шашылыш жана кечиктирилгис тартипте чечүү керектигин Институт баса белгилейт.

## Психиатриялык ооруканалардын дары-дармектер менен камсыздалышы

Мониторингдин жүрүшүндө 2025-жылга карата дары-дармек каражаттарына берилген документтерди талдоодо курч психикалык ооруларды дарылоодо өтө зарыл болгон бир катар дары-дармектер “Кыргызфармация” МИ тарабынан өз убагында камсыздалынбай келгендиги аныкталган. Атап айтканда, трифтазин, амитриптилин, галоперидол, диазепам, мемантин, тригексифенидил, рисперидон жана башка маанилүү препараттар жетишсиз болгон. Айрым дары-дармектер менен камсыздоо эки жылдан ашуун убакыттан бери токтоп калган жана жетиштүү көлөмдө камсыздалган эмес. Мисалга алсак, “Трифтазин” нейролептик препараты шизофренияны жана галлюцинатордук абалдарды дарылоодо маанилүү дары-дармек болгондугуна карабастан, эки жылдан ашуун убакыттан бери психиатриялык ооруканаларга берилген эмес.

Аталган дары-дармектердин жоктугунан улам, ооруканага жатканда бекер берилчү дары-дармектерди бейтаптар жана алардын туугандары өз каражаттарына сатып алууга аргасыз болуп, түзүлгөн жагдай бейтаптардын жана алардын жакындары үчүн да кошумча каржылык чыгымдарды тартышкан.





**Психиатриялык оорукааналарда минималдуу аянттын стандарттарынын сакталышы.**

Медициналык мекемелерди куруу жана модернизациялоо боюнча мамлекеттик программалары иштелип чыгып, ишке ашып жаткандыгына карабастан, психиатриялык оорукааналарга тийиштүү деңгээлде көңүл бөлүнбөй келет. СССР убагынан бери республикада заманбап санитардык, техникалык жана функционалдык стандарттарга жооп берген жаңы психиатриялык оорукана жана ПССМ (балдар психоневрологиялык мекемесин эске албаганда) курулган эмес. Психиатриялык оорукааналардагы инфраструктуранын эскирүүсү жана аянтчалардын жетишсиздиги санитардык-эпидемиологиялык талаптардын бузулушуна алып келип, дарылоо процессине, ошондой эле бейтаптардын жашоо шарттарына терс таасирин тийгизүүдө.






Айрыкча, ООПНБ жана ЖОПСБ 2016-жылдын 11-апрелинде №201 сандуу КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген “Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар” санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринде жана ченемдеринде каралган бир бейтапка туура келген аянттын ченеми боюнча талаптар сакталбайт.

ООПНБда бир бейтапка 2,5 кв.м. туура келет, ал эми ЖОПСБда болгону 1,5 кв.м. туура келет. Ал эми жогоруда көрсөтүлгөн стандартка ылайык психиатриялык жана наркологиялык мекемелерде бир бейтапка аянттын минималдуу ченеми 6-7 кв.м түзөт.

Мониторингдин жүрүшүндө палаталарда 10-12 керебет жайгаштырылганы аныкталган. ЖОПСБнун имараты 1961-жылы алгач студенттерге жатакана катары курулган жана курулуштун жалпы аянтынын жарымын гана ээлеген. Ал эми экинчи жарымын Жалал-Абад мамлекеттик университетинин медициналык колледжи ээлейт.

Аталган оорукааналардын имараттары эскилиги жетип, курулгандан бери капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлбөгөндүктөн, авариялык абалга келген. Ушуга байланыштуу Ош жана Манас шаарына жаңы психиатриялык оорукааналарды куруу зарылчылыктар бар экендигин Институт баса белгилейт.

### Психиатриялык ооруканаларда Стамбул протоколунун колдонулушу

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 13-сентябрындагы №562 токтому менен “Зомбулукту, кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн медициналык документтештирүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” эрежелери бекитилген. Бул укуктук ченемдик акт медициналык кызматкерлер тарабынан зомбулук фактыларын документтештирүүнүн тартибин аныктайт жана Стамбул протоколунун принциптерине негизделген стандарттарды, практикалык формаларды жана жол-жоболорду камтыйт.

Кыйноо жана ырайымсыз мамиле кылуу фактыларын документтештирүү боюнча медициналык кызматкерлердин милдети аталган Эрежелер менен жөнгө салынган. КР ССМ тарабынан медициналык кароону жүргүзүү жана мындай учурларды документтештирүү үчүн практикалык колдонмолор жана атайын формалар (мисалы, № 003-3/у формасы) Стамбул протоколунун принциптеринин негизинде иштелип чыккан.

Кыргызстан Кыйноолорго каршы конвенциянын катышуучусу катары жана башка эл аралык милдеттенмелеринин алкагында кыйноо фактылары боюнча натыйжалуу, ыкчам жана бейтарап иликтөөнү камсыздоого тийиш. Бул талап Стамбул протоколуна шайкеш келген эл аралык стандарттарды колдонуу талабы катары түшүндүрүлөт.

Мониторингдин жыйынтыгы көрсөткөндөй, ООПНБда 2024–2025-жылдар аралыгында 25 Стамбул протоколу түзүлгөнү аныкталган. Алардын бардыгы укук коргоо органдары тарабынан жеткирилген бейтаптарга карата түзүлүп, андан соң тергөө иш-чараларын жүргүзүү үчүн тиешелүү укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилген. Ал эми РПНБда болгону 2 Стамбул протоколу түзүлгөн. ЖОПСБда жана Кызыл-Жар РПОда ошол эле жылдары Стамбул протоколун колдонуу практикасы жүргүзүлгөн эмес. Денесинде жаракаттары же зомбулуктун белгилери бар бейтаптар түшкөн учурларда аталган ооруканалар маалыматты өзүнчө журналга каттап, укук коргоо органдарына тиешелүү тартипте билдиришкен.

Зомбулуктун жана сабоонун белгилери бар бейтаптар ички иштер органдарынын кызматкерлеринин коштоосунда жеткирилген. Мониторингдин жүрүшүндө аталган психиатриялык ооруканалардын медициналык кызматкерлери Стамбул протоколун колдонуу боюнча окутуулар өткөрүлбөгөнүн белгилешкен.

### Кадрдык камсыздоо

Бишкек шаарындагы РПНБ кошпогондо, психиатриялык ооруканалардын жетекчилиги тарабынан бекитилген штаттык ырааттамаларды талдоо медициналык кадрлардын жетишсиздигин көрсөткөн. Атап айтканда:

- ООПНБ - 2 балдар психиатрына муктаж;
- ЖОПСБ - 4 медициналык адиске: психолог, психиатр, балдар/өспүрүмдөр наркологуна жана логопедге муктаж;
- “Кызыл-Жар” РПОсу 7 психиатр дарыгерге муктаж. Штат боюнча 11 психиатр каралганына карабастан, иш жүзүндө толук жүктөм менен болгону 4 адис иштейт;
- “Чым-Коргон” РПО 6 психиатр жана 1 терапевт дарыгерге муктаж.

Натыйжада, республиканын аймактарындагы аталган психиатриялык ооруканаларда медициналык кадрлардын, айрыкча психиатр дарыгерлердин олуттуу жетишсиздиги аныкталган. Түзүлгөн жагдай азыркы иштеп жаткан дарыгерлерге ашыкча жүктөм менен иштешине алып келүүдө.

Аталган саламаттык сактоо мекемелерде социалдык кепилдиктердин жана кошумча төлөмдөрдүн жоктугу, ошондой эле эмгек шарттарынын канааттандырарлык эместиги жаш адистерди тартууда кыйынчылык жаратып, орчундуу көйгөй бойдон калууда. Азыркы учурда эмгектенип жаткан психиатр дарыгерлердин көпчүлүгү улгайган жана пенсия курагында болуп, жакынкы келечекте бул тармакта кадрладын тартыштык маселесин мындан да курчутат.

## СУНУШТАР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

1. Жетишпеген аймактарга ПССМдин жана психиатриялык ооруканалардын керебет-орундардын санын көбөйтүү жана жаңы имараттарын куруу маселесин карап чыксын.
2. Кызыл-Жар РПО жана Чым-Коргон РПОдагы милдеттүү түрдө мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүндө коопсуздук камсыз кылуу тартибин жөнгө салган токтом долбоорун иштеп чыксын.
3. Психиатриялык ооруканаларды психиатриялык оорулар үчүн маанилүү дары-дармектер менен өз убагында жана үзгүлтүксүз камсыздалышына тийиштүү чараларды көрсүн.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине**

Психиатриялык ооруканалардын администрациялары менен биргеликте узак убакыттан бери психиатриялык ооруканаларда жашап калган бейтапрады ПССМге жайгаштыруу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзсүн.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Психиатриялык ооруканалардын медициналык кызматкерлери тарабынан Стамбул протоколун толтурушуна көзөмөл жүргүзүп, медициналык кызматкерлерин Стамбул протоколу боюнча окутууну жана тийиштүү иш-чараларды жүргүзсүн.
2. Региондогу психиатриялык ооруканаларга жаш адистерди тартуу жана аларды туруктуу кармап калуу боюнча социалдык кепилдиктерди жана дарыгер-психиатрлар үчүн каржылык стимулдарды камтыган комплекстик иш-чараларды иштеп чыгып, ишке ашырсын.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине**

“Кызыл-Жар” РПО мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүндө ички тартипти жана соттолгон бейтаптарга карата кызматтык милдеттерин аткарган учурда медициналык кызматкерлерди коштоп жүрүү менен бирге, кайтарууну камсыз кылган функционалдык милдеттерди Таш-Көмүр ШИИБнүн Күзөт кызматынын тийиштүү жобосуна киргизсин.

# 6-БӨЛҮК. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 6.1. Эрте никелерди алдын алуу багытында Кыргыз Республикасынын Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен биргелешкен мониторинг

Кыргыз Республикасы жашы жете электердин укуктарын коргоо үчүн эл аралык милдеттенмелерге жана улуттук мыйзамдарга негизделген туруктуу укуктук системаны түзгөн. 1996-жылдан тартып балдардын укуктарын жана аялдарга карата дискриминацияны жоюуну көздөгөн негизги эл аралык конвенцияларды, ошондой эле никеге туруу курагы жана никени каттоо маселелерин жөнгө салган эл аралык келишимдерди ратификациялаган.

Бул эл аралык принциптер улуттук мыйзамдарда бекемделген. КР Конституциясы ар бир баланын толук кандуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон татыктуу жашоо шарттарын камсыздоого багытталган. Балдар жөнүндө кодексине ылайык, жарандык жетилүү курагы 18 жаш болуп эсептелет. Ошол эле учурда мыйзамда өзгөчө учурларда, жүйөлүү себептер бар болгондо гана никеге туруу курагын эң көп дегенде бир жылга төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

Үй-бүлөлүк мамилелер Үй-бүлө кодекси менен жөнгө салынат жана анда мамлекеттик каттоодон өткөн нике гана мыйзамдуу деп таанылат. Диний нике кыйдыруу юридикалык күчкө ээ эмес жана укуктук кесепеттерди жаратпайт. Никеге туруу курагы боюнча мыйзамдарды бузган учурлар үчүн КЖК 175-бер. жоопкерчиликти карайт.

**Эрте никеге туруу учурлары боюнча Кыргыз Республикасындагы практиканы талдоо**

**Нике мыйзамдарын бузууларга каршы күрөштү комплекстүү кароо жана статистикалык талдоо.**



**НИКЕГЕ ТУРУУ МАКСАТЫНДА АДАМ УУРДОО ЖАНА НИКЕГЕ ТУРУУГА МАЖБУРЛОО**
**(Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 172, 173, 174-беренелери)**

**КР КЖК 175-беренеси (Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу)**

- **2023 ж.: 77 иш, 264 соттолгон.**
- **2024 ж.: 42 иш, 129 соттолгон.**
- **2025-жылдын 9 айы: 34 иш, 94 соттолгон.**

Жалпы көрсөткүчтөрдүн азайышына карабастан, дал ушул категория сот органдарына эң көп жүктөмдү жаратат

**КР КЖКнын 172-беренеси (никеге туруу максатында адам уурдоо)**

- **2023 ж.: 16 иш, 49 соттолгон.**
- **2024 ж.: 10 иш, 28 соттолгон.**
- **2025-жылдын 9 айы: 8 иш, 10 соттолгон.**

Бул берене боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартуулардын санынын төмөндөө тенденциясы байкалууда


**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 173 жана 174-беренелери (Иш жүзүндө нике мамилелерине жана никеге турууга мажбурлоо)**

КР КЖКнын 173 жана 174-бер. (иш жүзүндө нике мамилелерине жана никеге турууга мажбурлоо) боюнча соттук практика сейрек кездешет.
Бул көрүнүш мындай укук бузуулардын аз катталышы же кылмыштын курамын далилдөөнүн татаалдыгы менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Жаза дайындоодо коомдон обочолонтуу менен байланышпаган чараларды колдонууга туруктуу багыт байкалууда. 2025-жылдын 9 айындагы актуалдуу маалыматтарга ылайык, соттолгон 114 адамдын ичинен:




Ошондой эле, КР Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттигинин маалыматына ылайык, 2023–2025-жылдар аралыгында эрте никелердин алдын алуу боюнча **319** иш-чара өткөрүлгөн. КР Мусулмандарынын дин башкармалыгынын маалыматына ылайык, ушул эле мезгилде республика боюнча жалпы **36 058** нике (нике кыйдыруу) катталган.




Ушуга байланыштуу Институт КР Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен биргеликте Чүй, Ош, Талас жана Баткен облустарында эрте никелер боюнча мониторингдин экинчи этабын жүргүзгөн.

**Мониторингдин алкагында 1000 окуучу сурамжылоого алынган.**
**Окуучу кыздардын катышуусуна таасир этүүчү негизги факторлор аныкталды.**

| Ош жана Чүй облустары: | Талас облусу: | Баткен облусу: |
| --- | --- | --- |
| Окуучу кыздардын **19%** дайыма сабактарды калтырышат | Окуучу кыздардын **20%** дайыма сабактарды калтырышат | Окуучу кыздардын **21%** дайыма сабактарды калтырышат |

Ошол эле учурда окуучу кыздардын басымдуу бөлүгү билим алууну жана келечекте кесипке ээ болууну эрте никеге караганда артык көрүшөт. Бирок, билим алууга тоскоолдуктар көбүнчө өз каалоосу менен эмес, сырткы шарттардан – үй жумуштарынын көптүгүнөн, оорулардан жана ата-энелердин колдоосунун жетишсиздигинен улам келип чыгууда.

Чүй облусунда окуучу кыздардын 52% өз чөйрөсүндө 18 жашка чейинки никелер көп кездешерин билдиришкен. Ош жана Талас облустарында мындай учурларды тиешелүүлүгүнө жараша 41% жана 42% окуучу кыздар көрүшкөнүн айтышкан. Баткен облусунда бул көрсөткүч 26% түзөт, башкача айтканда ар бир төртүнчү окуучу кыз мындай көрүнүшкө туш келет.

Эрте кош бойлуулук маселеси да актуалдуу бойдон калууда. Чүй облусунда окуучу кыздардын 34% тааныштарынын же тууганларынын арасында мындай учурлар бар экенин белгилешсе, 6% мындай учурлар көп кездешерин айтышкан.

Ош облусунда окуучулардын 28% эрте кош бойлуулук учурларын, анын ичинен 8% мындай мисалдар көп экенин билдиришкен. Талас облусунда жалпысынан окуучу кыздардын болжол менен 40% мындай окуяларга туш болушкан. Ал эми, Баткен облусунда бул көрсөткүч өзгөчө жогору болуп, окуучулардын жарымынан көбү (52%) 18 жашка чейинки кош бойлуулук учурларын өз чөйрөсүндө көрүшөрүн айтышкан.

*Мисалы, Талас облусунун Айтматов районунда 2024-жылдын 13-сентябрында РИИБдин 102 номерине РББнын башчысы С.Г. тарабынан билдирүү түшкөн. Анда айыл тургуну, 2008-жылы туулган жашы жете элек кыз 38 жумалык мөөнөттө төрөгөнү маалымдалган. Тергөөнүн жыйынтыгында КР КЖК 154-бер. 3-бөл. 1, 2-п. боюнча кылмыш иши козголуп, шектүү кармалып, иш сотко жиберилген.*

Негизги структуралык жыйынтык катары айрым аймактарда нике тууралуу чечим кабыл алууда үй-бүлөнүн таасири күчтүү экени белгиленет. Сурамжылоонун жыйынтыгында, окуучу кыздардын олуттуу бөлүгү никелер көп учурда кыздын өз каалоосу менен эмес, ата-энесинин же жакын туугандарынын тандоосу менен түзүлөрүн көрсөтүшкөн.

*Мисалы, Кара-Суу райондук үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүнө жашы жете элек кыз М.И.А., (04.05.2008-жылы туулган) үчүн нике курагын төмөндөтүү тууралуу ата-энеси кайрылган. Себеп катары, 84 жаштагы чоң энесинин оор абалда экени жана небересинин үйлөнүү тоюн көрүп калуусун каалаганы көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда комиссиянын 2025-жылдын 13-августундагы жыйынынын протоколунда болочок жолдошу жана нике кыйылуучу жери тууралуу, ошондой эле жашы жете элек кыздын окуусу боюнча маалыматтар көрсөтүлгөн эмес. Арыз 2025-жылдын 13-августунда кабыл алынып, ошол эле күнү каралган. Ал эми нике курагын төмөндөтүүгө уруксат 2025-жылдын 15-августунда берилген.*

Чүй облусунда сурамжылоого катышкан окуучу кыздардын 63% физикалык зомбулукка туш болбогонун белгилешкен, бирок мектеп окуучуларынын үчтөн бир бөлүккө жакыны мындай тажрыйбага ээ экенин көрсөткөн. Мындай негизги коркунуч булагы катары үй-бүлө белгиленген. Ош облусунда кырдаал кыйла курч болуп, кыздардын 41% үй-бүлөдөгү зомбулук, ошондой эле билим берүү мекемелериндеги зомбулук фактылары жөнүндө билдиришкен. Талас жана Баткен облустарында тиешелүү көрсөткүчтөр төмөнүрөөк (25% жана 16%), бирок, зомбулук темасынын социалдык жактан жабык мүнөзүн эске алганда, бул маалыматтар көйгөйдүн чыныгы масштабын толук чагылдырбай калышы мүмкүн.

Психологиялык зомбулук мындан да көп кездешет. Ош облусунда окуучу кыздардын 54% мындай зомбулукка кабылганын билдиришсе, Талас облусунда – болжол менен 33%, Баткен облусунда – болжол менен 20% түзөт. Коркунуч жаралган негизги чөйрөлөр өзгөрүүсүз бойдон калууда — үй-бүлө жана мектеп. Бул маалыматтар баланы коргоого жана колдоого багытталган чөйрө, көп учурда системдүү басымдын булагына айланып жатканын көрсөтөт. Мындай жагдай кыздардын тынчсыздануу абалын күчөтүп, өзүнө болгон ишенимин төмөндөтүү менен сырттан таңууланган чечимдерди кабыл алууга алсыздыгын арттырат.

Мониторингдин жыйынтыктары эрте нике жана эрте кош бойлуулук көйгөйү туруктуу мүнөздө сакталып жатканын көрсөттү. Эрте никелердин көпчүлүк учурлары кеч (кош бойлуулук же төрөт маалында) аныкталууда, бул эрте аныктоо жана алдын алуу чаралары жетишсиз экенин айгинелейт. 15–17 жаштагы кыздардын кош бойлуу болуу жана төрөө учурлары катталган, алардын ичинде оор медициналык татаалдашуулар менен коштолгон учурлар да бар.

Ошондой эле, эрте никелерге, сексуалдык зомбулукка жана жашы жете электерди ала качууга байланыштуу кылмыш иштеринин козголгон фактылары белгиленген. Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмдөрү тарабынан нике курагын төмөндөтүүгө уруксат берүүдө мыйзамда белгиленген тартип бузулуп, Балдар иштери боюнча комиссиянын жүйөлүү корутундусу жок берилген учурлар аныкталган.

Мисалы, Талас облусунун Айтматов районунда 2024-жылы нике курагын төмөндөтүү боюнча 3 арыз катталган. Ошондой эле, Талас райондук ички иштер бөлүмүнүн маалыматына ылайык, 2024-жылы эрте никелерге байланыштуу 2 кылмыш иши козголгон. Ушул эле райондо 2023–2025-жылдар аралыгында жашы жете элек кыздардын эрте төрөтүнүн 5 учуру катталган.

Өзгөн районунда нике курагын төмөндөтүү боюнча 3 жаран кайрылып, жыйынтыгында 3 жашы жете элек кызга уруксат берилген. Мониторингдин жүрүшүндө Өзгөн райондук төрөт үйүнүн маалыматына ылайык, 2025-жылдын 9 айында жашы жете элек кыздардын төрөтүнүн 3 учуру катталган.

Мындан тышкары, Кара-Суу райондук үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүнө 2025-жылдын 9 айында нике курагын төмөндөтүү боюнча 8 жаран кайрылып, 8 жашы жете элек кызга уруксат берилгени аныкталган.

Мониторингдин жыйынтыгында, айрым райондордо нике курагын төмөндөтүү боюнча чечимдер формалдуу кабыл алынып, баланын кызыкчылыктары, психологиялык абалы, билим алуу шарттары жана социалдык корголушу комплекстүү бааланбаганы аныкталган. Эрте кош бойлуулук жана төрөт учурлары кеч аныкталууда, бул мектептерде жана жергиликтүү коомчулуктарда алдын алуу иштеринин жетишсиздигин көрсөтөт.

Билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык коргоо органдары жана ички иштер органдарынын ортосундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системдүү мүнөзгө ээ эмес, жоопкайтаруунун жана коштоонун бирдиктүү алгоритмдери жок.

Көптөгөн райондордо жашы жете элек энелер жана зомбулуктан жабыр тарткандар үчүн психологдор, кризистик жана реабилитациялык борборлор жетишсиз. Эрте никелердин кошумча факторлору катары жакырчылык, ата-энелердин эмгек миграциясы, толук эмес үй-бүлөлөр, ата-энелик көзөмөлдүн жетишсиздиги жана мамлекеттик каттоосуз диний никелердин сакталышы белгиленет.

Аныкталган практикалар КР Үй-бүлө кодексинин талаптарына, "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, баланын кызыкчылыктарын биринчи орунга коюу боюнча конституциялык принципке жана мамлекеттин эл аралык милдеттенмелерине каршы келет. Ведомстволор аралык көзөмөлдүн жер-жерлерде административдик чечимдер менен алмаштырылышы эрте никелердин мыйзамдаштырылышына шарт түзүүдө.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине жана аймактык билим берүү мекемелерине:**

Мектептерде балдардын укуктары, жеке коопсуздук жана жыныстык кол тийбестик маселелери боюнча Балдар иштери боюнча инспекциясы, медициналык жана социалдык кызматтардын катышуусу менен профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүнү күчөтсүн.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:**

Ата-энелер жана жашы жете электер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аркылуу эрте жана мажбурлап никеге туруунун алдын алуу боюнча иш-планды иштеп чыгуу, жергиликтүү коомчулуктун деңгээлинде тобокелдиктерди эрте аныктоо, Балдар иштери боюнча комиссиясын өз убагында маалымдоону жана жергиликтүү алдын алуу пландарын ишке ашырсын.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттигине:**

Мамлекеттик каттоосуз диний никелерге жол бербөө боюнча диний лидерлер менен түшүндүрүү жана методикалык иштерди жүргүзүүнү иш-планга киргизип, мажбурлап никеге туруунун алдын алуу иштерине тартууга көмөктөшсүн.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

Эрте никелер жана эрте төрөт учурларын кароодо мыйзамдардын бирдей колдонулушуна көзөмөлдү күчөтсүн.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине:**

Нике курагынын минималдуу чегинин сакталышын камсыз кылуу боюнча профилактикалык чараларды күчөтсүн жана эрте никелердин учурларын системдүү негизде аныктасын.

## 6.2. Жазык сот өндүрүшүндө жабырлануучу балдардын укуктарынын сакталышы

Жазык сот өндүрүшүндө жабыр тарткан балдардын укуктарын коргоо адам укуктары чөйрөсүндө мамлекеттин негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Кылмыштын курмандыгы болгон балдар өзгөчө аялуу абалда болушат жана алардын коопсуздугун, купуялуулугун камсыз кылууга жана тергөө жана соттук териштирүү учурунда кайрадан курмандыкка чалдыгуунун алдын алууга багытталган атайын укуктук жана процесстик кепилдиктерге муктаж.

Эл аралык стандарттар, анын ичинде БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясы жана жабыр тарткан балдарга жана кылмыштардын күбөлөрүнө карата сот адилеттиги маселелери боюнча ЭКОСОСдун жетектөөчү принциптери мамлекеттердин балдарды зомбулуктан коргоону камсыз кылууга, балага ыңгайлуу жол-жоболорду түзүүгө, аларга психологиялык жана укуктук жардам көрсөтүүгө, ошондой эле алардын ачыктыгын чектөө жана жеке маалыматтарды коргоо боюнча чараларды колдонууга милдеттендирет.

КР Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, 2024-жылдын 9 айында балдарга карата жасалган - 1261, ал эми 2025-жылдын ушул эле мезгилинде - 1247 кылмыш катталган. Берилген маалыматтар жашы жете электерге карата кылмыштардын жалпы санынын бир аз азайгандыгын көрсөтүп турат. Акыркы жылдары ЖМКларда жашы жете электерге карата зомбулук фактылары байма-бай чагылдырылып, аларды коргоонун натыйжалуулугу боюнча маселелер парламентте системдүү түрдө көтөрүлүп келет.

Буга байланыштуу Акыйкатчы Институту жазык сот өндүрүшүндө жабыр тарткан балдардын укуктарынын сакталышы боюнча изилдөө жүргүзүүнү демилгелеген.

Изилдөөнүн алкагында балдарга карата жасалган кылмыштар боюнча 33 кылмыш иши талдоодон өткөрүлдү.







Балдарга карата кылмыш иштеринде квалификациялуу юридикалык жардам балдар иштери боюнча адистешүүдөн өткөн адвокаттар тарабынан көрсөтүлөт (КР “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамынын 13-бер. 5-бөл.). Балдар иштери боюнча атайын окуудан өткөн адвокаттардын арасынан адистештирилген реестр түзүлөт.

Ошол эле учурда, балдар иштери боюнча адистешүү милдети боюнча талап КР мыйзамдарына ылайык мамлекеттик кепилдеген юридикалык жардам системасында иштеген адвокаттарга гана жайылтылат. Иштерди кароонун жүрүшүндө 33 адвокаттын ичинен болгону 24 адвокат адистештирилгендиги аныкталган. Мындан тышкары, КР ЖПК 457-бер. 2-бөл. ылайык, балдарга байланыштуу кылмыш иштерин кароодо, анын ичинде жабыр тарткан балдар катышкан иштер боюнча, адистештирилген тергөөчүлөрдүн, прокурорлордун, соттордун жана адвокаттардын катышуусу талап кылынат.

Азыркы учурда КР ички иштер органдарында жашы жете электердин катышуусу менен гана жүргүзүлүүчү кылмыш иштерин тергөө боюнча атайын бекитилген адистештирилген

тергөөчүлөр жок. *Бул жагдай тергөө бөлүмдөрүндө кадрлардын жогорку деңгээлдеги алмашуусу сакталып жаткандыгы менен шартталууда.*

## Балдарга кылмыш иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам

Ошол эле учурда, көрсөтүлгөн категориядагы кылмыштарды тергөө зарылдыгы келип чыккан учурда кылмыш иштерин жүргүзүүгө тиешелүү иш тажрыйбасы жана кесиптик көндүмдөрү бар эң тажрыйбалуу тергөөчүлөр тартылат.

ИИМдин маалыматына ылайык, жашы жете элек балдарга байланышкан кылмыштарды тергөө маселелери боюнча тергөөчүлөрдү окутуу жана квалификациясын жогорулатуу иштери туруктуу негизде жүргүзүлүп келет. ИИМ тергөөчүлөрдүн кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга, анын ичинде балдардын укуктарын сактоо, балага ыңгайлаштырылган жол-жоболорду колдонуу жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу маселелерине өзгөчө көңүл бурат.

Окутуу иш-чаралары кызматтык даярдыктын алкагында, ведомстволук курстар аркылуу, ошондой эле эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардын колдоосу менен ишке ашырылат.

Изилдөөнүн жыйынтыгында, 33 иштин ичинен 29 иш боюнча жабырлануучу балага карата мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу камсыздалганы аныкталган, көпчүлүк учурда мыйзамдуу өкүл катары баланын энеси катышкан. Бир иш боюнча тергөөчү тарабынан ҮБКБнын адисин мыйзамдуу өкүл катары таануу жөнүндө токтом чыгарылган. Үч иште мыйзамдуу өкүлдүн функцияларын ата-энелердин биринин ишеним катынын негизинде адвокат аткарган.

КР ЖПКда мындай ыкмага түз тыюу салынбаганы менен, бул баланын эң жогорку кызыкчылыктарын камсыз кылуу максатында кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө түзүлгөн ролдордун тең салмактуулугунун бузулушуна алып келет, анткени жабырлануучу баланын адвокаты менен анын мыйзамдуу өкүлүнө өз-өзүнчө, айырмалуу функциялар жүктөлгөн.

Ачык-айкын болгондой, адвокат жабырлануучу балага жетиштүү убакыт жана көңүл бурууга, ага эмоционалдык колдоо көрсөтүүгө, ЖПКнын алкагындагы процессуалдык аракеттерге чейин жана андан кийин бала менен бирге болууга, ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө байланыштуу ар кандай терс таасирлерден анын коопсуздугун камсыз кылууга толук мүмкүнчүлүккө ээ эмес.

Ушуга байланыштуу, ишеним каттын негизинде жабырлануучу баланын адвокаты мыйзамдуу өкүлдүн функцияларын аткарган практика баланын эң жогорку кызыкчылыктарына жооп бербейт деп эсептелет.

Балдар жабырлануучу болуп саналган кылмыш иштеринде психологдун же педагогдун милдеттүү катышуусу каралган (КР ЖПКнин 78-бер.).

Бирок, изилденген 24 иштин ичинен, 1 иште жабырлануучу болуп эсептелген 10 жаштагы балага психолог же педагог катышпаганы аныкталган.

Жабырлануучу балдарга юридикалык жардам көрсөтүү тармактык адистештирилген багыт болуп саналат. Зомбулуктан жабыркаган балдарга жардам көрсөтүүчү борборлорго кайрылуу аркылуу балдар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү ар тараптуу кызматтарды, анын ичинде психологдун жана юристтин жардамын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, зомбулуктан жабыркаган балдарга жардам көрсөтүүчү муниципалдык борборлорго болгон муктаждык жогору экендигин айтууга болот.





**Жабырлануучу баланын көрсөтмөлөрүн депонирлөө**

Жабырлануучу баланын көрсөтмөлөрүн депонирлөө маселеси КР ЖПКнин 26-главасында жөнгө салынган. Анда жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлөөнүн негиздери, тергөөчүнүн бул тууралуу өтүнүчүн кароонун тартиби, ошондой эле депонирлөөнүн укуктук кесепеттери так аныкталган.


Изилдөөнүн жыйынтыгында, жабырлануучу бала боюнча көрсөтмөлөрдү депонирлөө 7 кылмыш ишинде жүргүзүлгөнү аныкталган. Анын ичинде 2 иште тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча, 4 иште жабырлануучунун же анын өкүлүнүн (адвокаттын) өтүнүчү боюнча, ал эми 1 иште мыйзамдуу өкүлдүн өтүнүчү менен жүргүзүлгөн. Калган 26 иште көрсөтмөлөрдү депонирлөө жүргүзүлгөн эмес, анткени кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынан тиешелүү өтүнүчтөр келип түшкөн эмес.

Мисал катары: *Акыйкатчы Институтуна жашы жете элек жабырлануучу кыздын апасы кызына карата жасалган зордуктоо фактысы боюнча кылмыш ишин көзөмөлгө алуу өтүнүчү менен кайрылган. Тергөөнүн жүрүшүндө жабырлануучу бир нече жолу суракка чакырылып, анын ичинде кечки убакта болгон окуяларды кайра-кайра айтып берүүгө аргасыз болгон. Бул баланын психологиялык абалына терс таасирин тийгизген. Жагдайды эске алуу менен КР Акыйкатчысы жабырлануучу менен түздөн-түз жолугушкан. Социалдык кызматкерлер тарабынан, бала үчүн жекече коргоо планы иштелип чыгып, комплекстүү социалдык коштоо уюштурулуп, анын алкагында медициналык, психологиялык жана укуктук жардам көрсөтүлгөн. Айыпталуучулардын бирине карата 20 жылга эркинен ажыратуу өкүмү чыгарылып, экинчи айыпталуучуга карата кылмыш иши кошумча тергөөгө жөнөтүлгөн.*



**Балдарга карата жасалган кылмыш иштери боюнча жасалган экспертизалар**

Изилденген 33 иштин ичинен соттук-медициналык экспертиза, анын ичинен 5 иш боюнча биологиялык экспертиза, 1 иш боюнча соттук-химиялык экспертиза жана 32 иш боюнча психологиялык-психиатриялык экспертиза жүргүзүлгөн. Изилденген иштердин алкагында экспертизаларды жүргүзүү мөөнөттөрү сакталган.




Укук колдонуу практикасында жабырлануучу балага карата жасалган кылмыш ишин кароодо анын фантазияга ыктоосу (ойдон чыгарууга жакындыгы) тууралуу суроо көп учурда милдеттүү түрдө коюлуп келет. Мындай ыкма дискриминациялык мүнөзгө ээ болуп, балдар-жабырлануучулардын адилет сотко жетүүсүнө тоскоолдук жараткан фактор катары бааланат. Жабырлануучу балага карата психологиялык-психиатриялык экспертиза дайындалып, анда анын фантазияга ыктоосу жөнүндө суроонун коюлушу объективдүү зарылчылык болгон учурларда гана жүргүзүлүүгө тийиш жана балдар-жабырлануучулар менен иш алып барууда эч качан милдеттүү шарт катары колдонулбашы керек.


Балдарга карата курак белгиси боюнча калыптанган дискриминациялык укук колдонуу практикасын жоюу максатында, психологиялык-психиатриялык экспертиза дайындоонун максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени, ошондой эле балдарды суракка алуу тартиби боюнча методикалык сунуштарды тергөөчүлөрдүн методикалык колдонмолоруна киргизүү зарыл. М.М. Коченов жана Н.Р. Осипованын атайын изилденген эмгегинде, бул маселе сот өндүрүшүнүн алдына коюлган милдеттердин көз карашында балдардын фантазияга ашыкча ыктоосу сейрек кездешери белгиленет. Анткени, баланын элестетүүсүнүн мазмуну жана натыйжалуулугу анын жаш курагына гана эмес, көп жагынан анын турмуштук тажрыйбасына көз каранды болуп, көрсөтмөлөрдү баалоодо баланын элестетүүсүнүн таасири менен бирге бул жагдай да эске алынышы керек.

**Кылмыштан жабыр тарткан балага келтирилген моралдык жана материалдык зыяндын ордун толтуруу**

КР КЖК 40-бер. 4-бөл. 22-п. ылайык, жабырлануучу шектүүдөн, айыпталуучудан, соттолгондон, кылмыштын кесепетинен келтирилген мүлктүк жана моралдык зыяндын ордун толтурууга укуктуу.

Изилдөө көрсөткөндөй, 9 иш боюнча кылмыштын кесепетинен мүлккө келтирилген зыянды жана моралдык зыянды өндүрүү жөнүндө доо арыз жабырлануучу баланын мыйзамдуу өкүлүнүн чечими менен берилген эмес, 4 иш боюнча материалдык зыян жана моралдык зыян айыпталуучу тарабынан ыктыярдуу түрдө толтурулган, 17 иш боюнча доо арыз берилген. 14 иш боюнча доо арыз толугу менен канааттандырылган, 1 иш боюнча моралдык жана материалдык зыян соттун чечими чыкканга чейин соттолуучу тарабынан

ыктыярдуу түрдө толтурулган, 1 иш боюнча доо арыз жарым-жартылай канааттандырылган жана 1 иш боюнча доо арыз сот тарабынан кароосуз калтырылган.




Талдоо көрсөткөндөй, көпчүлүк учурда жабырлануучулар материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтурууну талап кылышат. Бирок, ар бир үчүнчү-төртүнчү учурда мыйзамдуу өкүлдөр доо арыз бербөөнү чечишет. Мындай чечим мыйзамдуу өкүлдөрдүн жабырлануучу баланын кайрадан жабыр тартышын азайтуу же соттук териштирүүнү тез арада аяктоо аркылуу мүмкүн болушунча купуялуулукту сактоо каалоосу менен түшүндүрүлөт. Ал эми, айрым учурларда бул зыяндын ордун толтуруу укугу алардын маалыматынын жетишсиздигине байланыштуу.

**Балдарга ыңгайлуу процедураларды кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө колдонуу**

КРнын КЖКнын 78-бер. ылайык "Жабырлануучу жана күбө болгон баланы коргоо чаралары" балдардын катышуусундагы бардык тергөө иш-чаралары атайын тергөөчү тарабынан "балдарга ыңгайлуу бөлмөдө" жүргүзүлүшү керек. Балдардын тергөөгө чейинки жана тергөө иш-аракеттеринин алкагында иш-чараларды күтүүсү балдар үчүн өзүнчө күтүү бөлмөлөрүндө гана жол берилет. Сот кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында балдарга карата иш-чараларды атайын жабдылган залдарда өткөрүүгө милдеттүү. Соттун имаратында баланы күтүү бөлмөсүнө жайгаштыруу милдеттүү болуп саналат. Изилдөөнүн алкагында 33 иштин ичинен 3 иш боюнча гана баланын катышуусундагы тергөө иш-чаралары "балдарга ыңгайлуу бөлмөдө" өткөрүлүп, бала өзүнчө балдар бөлмөсүндө күткөн. 4 иш боюнча сот отурумдары атайын жабдылган залдарда өткөрүлүп, бала өзүнчө балдар бөлмөсүндө күткөн.

КР ИИМдин маалыматы боюнча учурда, КР Ички иштер министрлигинин бөлүмдөрүндө жашы жете электерди сурамжылоо үчүн атайын "балдарга ыңгайлуу бөлмөдө" каралган эмес. Бул ички иштер органдарынын имараттарында жеке бөлмөлөрдү бөлүп берүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан, анткени бар кабинеттер жеке курамын жайгаштыруу үчүн колдонулат. Ошондой эле, керектүү техникалык жабдуулардын жоктугу менен шартталган. Ошол эле учурда, келерки жылы ички иштер органдарынын имараттарын модернизациялоо пландаштырылганын эске алуу менен, жашы жете электер менен иштөө үчүн атайын "балдарга ыңгайлуу бөлмөдө" маселеси кошумча каралат.

КР ЖПК 476-бер. (“Балдар боюнча иштерде ачык-айкындуулукту чектөө”) жабырлануучу баланын купуялуулукка болгон укугун бекитет. Бул укук кылмыш сот өндүрүшүнүн бардык баскычтарында сакталууга тийиш жана аны бузуу КР мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке алып келет.

Үч кылмыш иши боюнча жабырлануучу баланын купуялуулукка болгон укугу бузулгандыгы аныкталган. Баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана КР ЖПКнин 476-бер. бекитилген жабырлануучу баланын купуялуулукка болгон укугун коргоо маанилүү экендигин эске алуу менен, бул норманы бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти так аныктоо зарыл.

Жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, КР жазык-процессуалдык мыйзамдарында жабырлануучу баланын укуктарын коргоого багытталган нормалар каралганына карабастан, аларды иш жүзүндө колдонууда бир катар олуттуу көйгөйлөр жаралууда. Алардын катарына кылмыш сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын адистешүүсүнүн жоктугу, балдарды кайталап жабырлануудан (экинчи даражадагы виктимизациядан) коргоо механизмдеринин жетишсиздиги, ошондой эле айрым учурларда купуялуулук принцибинин сакталбагандыгы кирет.

Жабырлануучу баланы коргоонун кошумча механизмдерин иштеп чыгуу жана киргизүү зарыл. Анын ичинде, айыпталуучулар менен бетме-бет жолугушууларга (беттештирүүгө) тыюу салуу, коопсуздукту камсыз кылуу чараларын күчөтүү. Ошондой эле, тергөөчүлөрдү, прокурорлорду, судьяларды жана адвокаттарды балдар менен иштөө ыкмалары боюнча окутуу, кылмыш сот өндүрүшүнүн алкагында жабырлануучу бала менен өз ара аракеттенүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу маанилүү милдет болуп саналат.

Жабырлануучулардын укуктарын натыйжалуу камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды өркүндөтүүнү, институттук коргоо механизмдерин өнүктүрүүнү жана адистердин квалификациясын жогорулатууну камтыган комплекстүү ыкма талап кылынат. Сунуштарды ишке ашыруу кылмыштан жабыркаган балдар үчүн адилет сот тутумунда коопсуз жана балдарга ыңгайлаштырылган шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет.

## СУНУШТАР:

**КР Башкы прокуратурасына:**

1. КР КЖПК 54-главасына салыштырмалуу КР КЖПКсына жабырлануучу бала же күбө катары катышкан кылмыш ишин жөнгө салуучу өзүнчө бөлүмгө өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүндүгүн карап чыксын.
2. КР КЖПК талаптарына ылайык балдардын иши боюнча адистештирилген тергөөчүлөрдүн жана прокурорлордун реестрин киргизсин.
3. Кайра психологиялык жабырлануну болтурбоо максатында КР КЖПК жабырлануучу баланын көрсөтмөлөрүн милдеттүү түрдө тапшыруу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыксын.

**КР Юстиция министрлигине:**

1. Балдар иштери боюнча адистештирилген адвокаттардын реестрин киргизсин.
2. КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги менен биргеликте тергөөчүлөрдү, прокурорлорду, судьяларды жана адвокаттарды балдар иштери боюнча адистештирүү программасын иштеп чыксын.

**КР Ички иштер министрлигине:**

1. КР КЖПКнин 78-беренесинин талаптарын ишке ашыруу максатында ички иштер органдарында “балдар үчүн ыңгайлуу бөлмөлөрдү” ачсын.

2. Жабырлануучу баланын кылмыштын кесепетинен келтирилген моралдык жана материалдык зыяндын ордун толтурууга болгон укугу жөнүндө мыйзамдуу өкүлдөрүн өз убагында кабардар кылуу боюнча чараларды көрсүн.

3. КР КЖПКнин 476-бер. балдардын иштери боюнча ачыкка чыгарбоо талаптарынын сакталышын камсыз кылуу үчүн жашы жете элек жабырлануучу же күбө жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарууга жол берген адамдарга карата жоопкерчиликти карасын.

**КР Жогорку сотуна:**

1. Балдардын иштери боюнча адистештирилген судьялардын реестрин киргизсин.
2. КРнын КЖПК 78-бер. 3-бөл. ылайык, сот имаратында атайын жабдылган залдар жана баланын күтүү бөлмөлөрү жөнүндөгү талаптарынын сакталышын камсыз кылсын.

## 6.3 КР алимент өндүрүү боюнча сот чечимдеринин аткарылышынын көйгөйлөрүнө мониторинг

Баланын укуктары жөнүндө конвенция (27 жана 7-бер.), Кыргыз Республикасы тарабынан 1994-жылы ратификацияланган, ата-энелердин баланын жашоо шарттарын камсыз кылуу жана ага кам көрүү боюнча негизги жоопкерчилигин бекитет. Бул жоболор улуттук мыйзамдарда чагылдырылган, КР Конституциясынын 20-бер. ылайык, балалык мамлекеттин коргоосунда экени, ал эми балдарга кам көрүү ата-энелердин укугу жана милдети. КР Балдар жөнүндө кодекси жана Үй-бүлө кодекси баланын үй-бүлөдө жашоого жана тарбияланууга, ата-энелеринин камкордугун алууга, ар-намысын урматтоого, билим алууга жана ар тараптуу өнүгүүгө болгон укугун тастыктайт.

Институт алименттик милдеттенмелер боюнча сот чечимдеринин аткарылбай калган учурларынын өсүп жатканын белгилейт. Тактап айтканда, 2024-жылы Институтка 30 кайрылуу түшсө, 2025-жылы — 56 арыз катталган. Акыйкатчы Институту арыздарды кароодо кылмыш куугунтугун баштоодон тартып, каражаттарды иш жүзүндө өндүрүүгө чейин реалдуу укуктук жардам көрсөтөт.

Атап айтканда, 4 арыз боюнча Институттун кийлигишүүсүнүн натыйжасында арыз ээлеринин пайдасына болжол менен 200 миң сом өндүрүлүп, ошондой эле карызкорлордун биринин эмгек акысынан кармоо башталган.

Мисалы: *Акыйкатчы Институтуна жаран Ж. Дж. 2016-жылы Бишкек шаарынын Ленин райондук соту тарабынан жарандык иш № ГД-1330/16 боюнча алимент өндүрүү жөнүндө чыгарылган чечимдин аткарылбай жатканы боюнча кайрылган. Арызды кароонун алкагында жана арыз ээсинин укуктарын коргоо максатында Акыйкатчы Институту Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине сот чечимин аткаруу талабы менен кайрылган. Натыйжада, алименттик милдеттенмелер боюнча 88 592 сом өлчөмүндөгү карыздан арыз ээсинин пайдасына 70 000 сом төлөнүп берилген.*

Кайрылууларды талдоо көрсөткөндөй, аткаруу өндүрүшү бардык иштер боюнча козголбойт же формалдуу мүнөздө жүргүзүлөт, арыз ээлери өндүрүштүн жүрүшү тууралуу маалымдалбайт, аракетсиздикке жол берилет жана мөөнөттөр создуктурулат, карызкорлорго карата таасир этүү чаралары колдонулбайт же реалдуу жыйынтык бербейт. Мындан тышкары, алимент алуучулардын укуктук маалымдуулугунун төмөн деңгээли белгиленип, бул сот аткаруучулардын аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууну татаалдатат. Бардык арыз ээлеринин колунда сот чечимдери болгонуна карабастан, алимент өндүрүү сот аткаруучулар тарабынан жүргүзүлгөн эмес же туруктуу эмес мүнөздө болгон. Демек, көйгөй укуктук негиздердин жоктугунда эмес, сот актыларынын аткарылышынын натыйжасыздыгында жатат. Калыптанган практика балдардын материалдык абалына жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн психологиялык абалына терс таасирин тийгизүүдө.

Бул көйгөйлөр Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына караштуу Сот аткаруучулар кызматынын статистикасы менен да тастыкталат.

| Аталышы | 2024-жыл | 2025-жылдын 6 айында |
|---|---|---|
| Алимент өндүрүү боюнча аткаруу баскычындагы аткаруу өндүрүштөрүнүн жалпы саны | 36 613 | 23 866 |
| Алимент өндүрүү боюнча иш жүзүндө аткарылган өндүрүштөрдүн саны | 4 152 | 1 855 |
| Алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлордун ичинен жумушсуз макамы барларынын саны | 26 484 | 23 532 |
| Алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлорго карата КР чегинен чыгууга коюлган чектөөлөрдүн саны | 20 431 | 14 741 |
| КР аймагында жана анын чегинен тышкары издөөдө жүргөн алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлордун саны | 1 514 | 1 198 |
| Алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлордун жашаган жери аныкталган учурлардын саны | 1 411 | 868 |
| Алимент төлөөдөн баш тарткан карызкорлорду КР КЖК 178-бер. боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн укук коргоо органдарына жөнөтүлгөн сунуштамалардын саны | 757 | 604 |
| Кылмыш ишин козгоодон баш тартылган учурлардын саны | 266 | 236 |

Бул жагдай алимент төлөөдө көйгөйдүн барган сайын курчуп жатканын жана сот чечимдерин аткаруу механизминде системдүү мүчүлүштүктөр бар экенин дагы бир ирет тастыктайт. Алимент боюнча сот актыларынын иш жүзүндө аткарылышынын деңгээли өтө төмөн бойдон калууда: иштердин 10% азы гана реалдуу төлөмдөргө жеткирилсе, аткаруу өндүрүштөрүнүн 60% ашыгы аткарылбай калууда. Бул колдонулуп жаткан алимент өндүрүү системасынын иш жүзүндө натыйжасыз экенин көрсөтөт.

Алимент төлөөдөн качуунун негизги формаларынын бири — жумушсуз деген жасалма макамды колдонуу болуп саналат. Алимент боюнча карызкорлордун дээрлик бардыгы расмий түрдө жумушка орношкон эмес: алардын үлүшү 2024-жылы 72% түзсө, 2025-жылы 99% жеткен. Өлкөдөн чыгууга чектөө коюу жана издөө жарыялоо сыяктуу административдик чараларды күчөтүү реалдуу төлөмдөрдүн өсүшүнө алып келген жок, бул карызкорлордун тастыкталган киреше жок шартта мындай чаралардын натыйжалуулугуна шек жаратат.

КР КЖК 178-бер. каралган алимент төлөбөгөндүгү үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу чаралары көбүрөөк колдонулуп жатканы менен, тиешелүү деңгээлде бөгөт коюучу таасир тийгизбей келет. Кылмыш ишин козгоодон баш тартуулардын жогорку үлүшү — 2024-жылы болжол менен 35%, 2025-жылы 39% тегерегинде — бул чаранын алдын алуу функциясын олуттуу түрдө алсыратат. Ошол эле учурда, көптөгөн аялдар алимент төлөбөгөн карызкорлорго карата кылмыш куугунтугун баштоодон атайылап баш тартышат, анткени бул кийинки алимент өндүрүүгө кошумча тоскоолдуктарды жаратып, балдардын абалын начарлатып жиберет деп кооптонушат.

Өзүнчө көйгөй катары жашырынып жүргөн карызкорлор маселеси калууда: издөөдө турган иштердин олуттуу бөлүгү алардын жашаган жери аныкталбастан аяктап, жазасыздык сезиминин калыптанышына шарт түзүүдө. Ошондуктан никени бузуу жана алимент өндүрүү боюнча талаш-тартыштар КР соттору тарабынан каралган үй-бүлөлүк иштердин болжол менен 85% түзүп, бул категориядагы иштердин масштабын жана социалдык маанисин айкын көрсөтүп турат.

Көйгөйдүн курчтугу алимент өндүрүү боюнча иштерде мамлекеттик юридикалык жардамга болгон туруктуу жогорку суроо-талап менен да тастыкталууда. КР Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик юридикалык жардам кызматынын маалыматына

ылайык, 2024–2025-жылдары мындай кайрылуулардын саны 2023-жылга салыштырмалуу кыйла жогору бойдон калып, ата-энелер тарабынан балдарды багууга болгон укуктарынын системдүү түрдө бузулуп жатканын айгинелейт.

| **Алимент өндүрүү боюнча доо арыздардын категориясы** | **2023 - жыл** | **2024 - жыл** | **2025 - жыл** |
|---|---|---|---|
| Доогер-аял | - | 1174 | 774 |
| Доогер-эркек | - | 92 | 49 |
| Жалпысы | 179 | 1266 | 823 |

Акыйкатчы Институту БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын колдоосу менен алимент өндүрүү боюнча сот чечимдеринин аткарылышы маселелери боюнча мониторинг жүргүздү. Мониторингдин жүрүшүндө судьялар, ИИМдин өкүлдөрү, САКБнын өкүлдөрү, адвокаттар, ошондой эле алимент өндүрүү көйгөйлөрүнө түздөн-түз туш болуп жаткан аялдар менен маектер өткөрүлдү.

Мониторингдин жыйынтыктары Кыргыз Республикасында алимент төлөө маселеси системдүү мүнөзгө ээ экенин көрсөттү. Балдарды багуудан качуу үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралганына жана тиешелүү укуктук база бар экенине карабастан, сот чечимдеринин олуттуу бөлүгү аткарылбай калууда. Бул жарандардын сот адилеттүүлүгүнө болгон ишенимин солгундатып, балдардын жана энелердин социалдык абалына коркунуч туудурат.

Сурамжылоонун жүрүшүндө судьялар акыркы жылдары КРда ажырашуулардын саны, айрыкча жаштар арасында, өсүп жатканын белгилешти. Бул аталыкты аныктоо, балдардын жашаган жерин аныктоо, алимент өндүрүү жана мүлктү бөлүштүрүү менен байланышкан соттук талаш-тартыштардын көбөйүшүнө алып келүүдө. Тактап айтканда, 2024-жылы өндүрүштөгү сот иштеринин болжол менен 70% алимент өндүрүү боюнча иштерди түзгөн. Никени бузуу жол-жобосу калк тарабынан кадимки жана жеңил жеткиликтүү көрүнүш катары кабыл алынып, социалдык туруксуздукту күчөтүүдө.

Көп учурларда жубайлар ажырашууга арыз берип, бир аз убакыт өткөндөн кийин кайра жарашып алышат, бул шашылыш жана ойлонулбаган чечимдердин кабыл алынышын айгинелейт. 30 жашка чейинки куракта көпчүлүк ажырашуу баскычынан өтүп, аялдарды балдары менен колдоосуз калтырып жатышат.

Ушуга байланыштуу судьялар үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды жөнгө салуунун сотко чейинки механизмдерин күчөтүүнү, атап айтканда, иштерди сотко чейинки кароону айыл өкмөттөрүнө, Балдар иштери боюнча комиссияларга, тараптардын өз ара макулдугу болгон учурда нотариустарга өткөрүп берүүнү, ошондой эле никени бузуу боюнча соттук кароонун мөөнөтүн бир айдан эки айга чейин узартууну сунушташты.

Ошондой эле, аялдардын арасында укуктук сабаттуулуктун төмөн деңгээли белгиленди. Айрыкча айыл жерлеринде жашаган аялдар, адатта, өз укуктары, сотто коргонуу мүмкүнчүлүктөрү, алимент алуу механизмдери жана юридикалык жардам тууралуу жетиштүү маалыматка ээ эмес.

Алименттик милдеттенмелердин аткарылбай калышынын негизги себеби катары карызкорлордун расмий кирешесинин жоктугу көрсөтүлдү — сурамжылоого катышкан судьялардын 75% дал ушул себепти белгилешкен. Бул иш берүүчүлөр же банктык эсептер аркылуу автоматтык кармоону мүмкүн кылбайт. Экинчи маанилүү фактор — төлөөдөн атайылап качуу (41,7%), бул карызкорлордун милдеттенмелерин өз эрки менен аткарбагандыгын көрсөтөт.

Сейрек кездешкен себептердин катарына карызкорлорду издөөдө кыйынчылыктар (16,7%) жана органдардын ортосундагы координациянын жетишсиздиги (8,3%) кирет. Сурамжылоого катышкан судьялардын 25% карызкорлордун чет өлкөгө чыгып кетиши, мүлктү тууганадарынын наамына каттатуу жана кирешелерди жашыруунун башка ыкмалары болгон учурларды да белгилешкен.

Мындан тышкары, МКЮЖК линиясы боюнча адвокаттардын жетишсиздиги, айрыкча алыскы аймактарда, олуттуу көйгөй бойдон калууда. Мисалы, мониторинг жүргүзүлгөн учурда Баткен облусунда болгону эки гана адвокат бар болгон, бул юридикалык жардамды иш жүзүндө жеткиликсиз кылган. Аялдардын жеке юристтерге төлөөгө каражаты жок, ал эми акысыз коргоо дайыма эле жеткиликтүү боло бербейт, бул алардын аярлуу абалын ого бетер күчөтөт.

"Сот аткаруучуларынын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө" Мыйзамына ылайык сот аткаруучулар алимент өндүрүү боюнча чаралардын комплексин колдонушат: карызкордун кирешесинен кармоо, мүлкүн камакка алуу, өлкөдөн чыгууга убактылуу чектөө коюу, ошондой эле карызкор тууралуу маалыматтарды мамлекеттик органдардан жана банктардан суроо. Издөөдө жүргөн карызкорлор алимент боюнча карыз толук жабылганга чейин Сот департаментине караштуу маалымат базасында жарыяланып турат.

Бул чараларды комплекстүү колдонуу алимент төлөөдөн качууну олуттуу татаалдаштырат. Бирок мониторинг аткарбоо көйгөйүнүн жогорку деңгээлин көрсөттү: сот аткаруучуларынын баалоосу боюнча алименттик иштердин 60% ашыгы аткарылбай калууда.

Сот аткаруучулар кызматы жогорку жүктөм шартында иш алып барууда. Мисалы, Ош облусунда бир сот аткаруучуга жылына 300–350гө чейин аткаруу өндүрүшү туура келет, бул жеке көзөмөл жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн дээрлик жокко чыгарат. Кадрлардын, материалдык-техникалык базанын, транспорт каражаттарынын жана санариптик инструменттердин жетишсиздиги өндүрүүнүн натыйжалуулугун төмөндөтүүдө.

Мындан тышкары, ИИМ, МСК жана ЖААК органдарынын системалары менен интеграцияланган карызкорлордун бирдиктүү электрондук маалымат базасы жок. Ведомстволор аралык маалымат алмашуу формалдуу мүнөздө калып, карызкорлорду издөө узакка созулуп, натыйжасыз бойдон калууда. Бул өзгөчө чет өлкөгө чыгып кеткен адамдарга тиешелүү: айрым мамлекеттер менен алимент боюнча чечимдерди өз ара аткаруу жөнүндө эл аралык келишимдердин жоктугу мигранттардан карызды өндүрүүнү мүмкүн кылбайт.

Айыл жерлеринде кирешелерди жана мүлктү жашыруу практикасы кеңири тараган. Карызкорлордун көпчүлүгү жеке чарба жүргүзүп, дыйканчылык жана мал чарбачылык менен алектенишет. Бирок, мындай кирешелерди эсепке алуу ыктыярдуу мүнөзгө ээ. Бул алимент төлөөдөн качууга шарт түзөт, ошол эле учурда сот аткаруучулар айыл өкмөттөрдүн чарба китептерине жана башка маалымат булактарына жеткиликтүүлүккө ээ эмес.

Сурамжылоого катышкан адвокаттар да практикада сот тарабынан чечим чыгарылгандан кийин иштердин 50% аткарылбай каларын белгилешти. Соттун расмий чечими болгонуна карабастан, алименттин өлчөмү көп учурда өтө аз болуп калат. Эркектер өздөрүнүн чыныгы кирешелерин жашырып, төмөн айлык акы тууралуу жасалма маалымкаттарды көрсөтүшөт же өздөрүн жумушсуз деп каттатышат. Натыйжасында алименттин суммасы регион боюнча орточо айлык акынын негизинде өндүрүлөт. 2025-жылдын март айына карата Бишкек шаарында орточо айлык акы 42020 сомду түзгөн. Карызкор туруктуу жумушу же кирешеси жок болгон учурда бир балага айына өндүрүлүүчү алименттин суммасы 10505 сомду түзөт. Ал эми балдардын саны үч жана андан көп болсо, алименттин жалпы суммасы көрсөтүлгөн айлык акынын 50% - 42020 сом болуп эсептелет. Көптөгөн аялдар баласына айына 3000 сомдон да аз алимент алып жатканын, бирок бул төлөмдөр да карызкорлор тарабынан кечиктирилерин белгилешкен. Мүлк жана кирешелер расмий түрдө башка адамдардын наамына катталгандыктан, сот аткаруучулары эч нерсе кыла алышпасын айтышат.

Мындан тышкары, адвокаттар алимент өндүрүү процессинде карызкорлордон каражат өндүрүүдө төмөнкү кыйынчылыктарга туш болушарын белгилешти: чечимдерди аткаруунун узак мөөнөттөрү, карызкордун мүлкүн жана кирешелерин табуудагы татаалдыктар. Бул аткаруу өндүрүшүнүн создугуп кетишин түшүндүрөт — өндүрүүчүлөр чечимдердин аткарылышын жылдап күтүшөт, ал эми сот аткаруучулар карызкорлордун активдерин ыкчам аныктоого мүмкүнчүлүк берген инструменттерге ээ эмес.

Экинчи орунда сот аткаруучулардын кайдыгерлиги же коррупциялык факторлор көйгөйү турат. Адвокаттардын пикири боюнча, өндүрүүчүлөр көп учурда формалдуу мамилеге же ал тургай кыянаттыкка кабылышат, бул системага болгон ишенимди солгундатып, аялдарды карызкорлорго таасир этүүнүн альтернативдүү жолдорун издөөгө мажбурлайт.

Ошентип, адвокаттар өндүрүүчүлөрдүн негизги кыйынчылыктары объективдүү жагдайлар (карызкорлордун жумушсуздугу, миграция) менен гана эмес, аткаруу системасынын жетишсиз натыйжалуулугу менен да байланыштуу экенин тастыкташат. Көйгөй кош мүнөзгө ээ: бир жагынан, мүлктү ыкчам табуу жана камакка алуу механизмдери жетишсиз, экинчи жагынан — сот аткаруучулардын кесиптик мотивациясынын жана жоопкерчилигинин төмөн деңгээли байкалат.

Бул жагдай институционалдык реформалардын (маалымат базаларын санариптештирүү, САКБнын ыйгарым укуктарын кеңейтүү) да, системанын ичиндеги коррупцияга каршы чаралардын да зарылдыгын көрсөтөт.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен маектердин жүрүшүндө алынган маалыматтарды талдоо алимент боюнча карызкорлорду издөөдөгү негизги кыйынчылыктар катары алардын чет өлкөгө чыгып кетиши (77,8%), жашаган жерине байланыштуу актуалдуу маалыматтын жоктугу (61,1%) жана телефон номерлерин тез-тез алмаштыруусу (55,6%) экенин көрсөттү. Эмгек миграциясы активдүү жүрүп жаткан шартта бул факторлор мамлекеттер аралык жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү жолго коюлбаса, алиментти натыйжалуу өндүрүүнү татаалдаштырат же мүмкүн кылбайт. Кошумча көйгөй катары ведомстволор ортосундагы маалымат алмашуунун жетишсиздиги (16,7%), айрым учурларда карызкорлордун идентификациялык маалыматтарынын жоктугу (5,6%) да белгиленет.

Ошол эле учурда, ички иштер органдарынын кызматкерлери САКБ тарабынан уюштуруучулук кемчиликтерине көңүл бурушат. Айрым учурларда издөө же кылмыш ишин козгоо боюнча материалдарда карыздын актуалдуу абалы алдын ала текшерилбестен, анын ичинде карыз толугу менен төлөнүп бүткөн жагдайларда да жөнөтүлөт. Мындан тышкары, милиция органдарына көп учурда толук эмес же сапатсыз даярдалган документтер келип түшүп, бул кошумча убакыт жоготууларына алып келип, издөө ишинин натыйжалуулугун төмөндөтөт.

Жыйынтыгында, Кыргызстанда алимент төлөөдөн баш тартуу ата-энелердин жоопкерчилигин, адилеттүүлүк принциптерин жана баланын укуктарын коргоо негиздерин солгундатып жаткан массалык социалдык көйгөйгө айланды. Жумушсуздуктун өсүшү, жаштар арасындагы ажырашуулардын көбөйүшү, укуктук сабаттуулуктун төмөндүгү, бюрократиялык тоскоолдуктар жана аткаруунун натыйжалуу механизмдеринин жоктугу алимент өндүрүү системасын иш жүзүндө иштебей турган абалга алып келүүдө. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, диний лидерлер ж.б. коомдук түзүмдөр алимент төлөбөөгө карата коомдук жоопкерчиликти калыптандырууга тартылган эмес. Профилактиканын жоктугу укуктук нигилизмдин өсүшүнө жана мыйзамга болгон урмат-сыйдын төмөндөшүнө алып келүүдө.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Сот чечимдери үч айдан ашык мөөнөттө аткарылбаган учурларда мамлекеттин эсебинен алимент төлөп берүүчү, андан ары карызды карызкорлордон өндүрүп алуучу Мамлекеттик алименттик фондду түзсүн.
2. Расмий кирешеси жок карызкорлорду жумушка орноштуруу механизмин киргизсин.

3. ИИМдин, ЭСКММ, МСК, МКК жана сот органдарынын системалары менен интеграцияланган карызкорлордун бирдиктүү электрондук маалымат базасын иштеп чыксын.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

1. Алимент өндүрүү боюнча аткаруу өндүрүшүнө көзөмөлдү күчөтсүн.
2. ИИМ, ЭСКММ, МСК, МКК, УКМК менен натыйжалуу ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылсын.
3. Калкы жыш жайгашкан жана социалдык жактан аярлуу аймактарда САКБ кызматкерлеринин штаттык санын көбөйтсүн жана материалдык-техникалык камсыздоону жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн карасын.
4. Карызкорлордун кирешелерин объективдүү баалоо максатында айыл өкмөттөрдө айыл чарба кирешелерин (жер, мал, түшүм) эсепке алуу механизмдерин киргизүү мүмкүнчүлүгүн карасын.

## 6.4. Балдардын укуктары жөнүндө мыйзамдарды ишке ашыруу боюнча Балдар иштери боюнча комиссиялардын ишинин мониторинги

КР “Балдар жөнүндө” Кодексинин 17-бер. ылайык балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылууну өз ыйгарым укуктарынын чегинде КР Министрлер Кабинети, ошондой эле мамлекеттик аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, прокуратура жана сот органдары, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жүзөгө ашырат.

Акыйкатчынын мандатына ылайык, 2025-жылы төмөнкү райондордо жана шаарларда: Бишкек шаарынын Биринчи май, Свердлов, Октябрь, Ленин райондорунун; Чүй облусунун Токмок шаарынын мэриясынын, Москва, Панфилов райондорунун; Ысык-Көл облусунун Каракол шаарынын мэриясынын, Түп, Жети-Өгүз, Ак-Суу райондорунун; Нарын облусунун Кочкор, Ат-Башы, Нарын райондорунун; Талас облусунун Талас шаарынын мэриясынын, Талас, Айтматов райондорунун; Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон, Ноокен, Сузак райондорунун; Ош облусунун Ош шаарынын мэриясынын, Ноокат, Өзгөн райондорунун; Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарынын мэриясынын, Кадамжай, Баткен райондорунун Балдар иштери боюнча комиссиялардын ишине мониторинг (мындан ары БИК) жүргүзүлдү.

Мониторингдин максаты балдардын укуктары жөнүндө мыйзамдарды ишке ашыруудагы системдүү көйгөйлөрдү аныктоо, чечимдердин аткарылышын жана комиссиялардын ишинин натыйжалуулугун баалоо болуп саналат.

БИКнын иши КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 токтому менен бекитилген БИК жөнүндө типтүү жобосу (мындан ары – Жобо) менен жөнгө салынат. Мониторинг учурунда балдардын укуктарын коргоо маселелерине формалдуу мамиле жасоо, мыйзамдарды жарым-жартылай же тандалма түрдө сактоо, ошондой эле кызматтар аралык координациянын алсыздыгы жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуу механизмдеринин жоктугу аныкталып, мунун баары баланын укуктарынын системдүү бузулушуна, социалдык алсыздыктын күчөшүнө жана жарандардын ишениминин төмөндөшүнө алып келет.

Мисалы, Бишкек шаарынын төрт районунда (Биринчи май, Свердлов, Ленин жана Октябрь) жүрүм-туруму начар балдарды Бишкек шаарынын №10 күндүзгү жана кечки жалпы билим берүүчү мектебине массалык түрдө которуу боюнча туруктуу практика калыптанган. Бала менен жекече иштөөнүн ордуна мектептен мектепке “которууну” колдонуп, көйгөйлөрдүн баштапкы себептерин талдоо, ошондой эле компетенттүү кызматтар тарабынан тиешелүү коштоо каралган эмес. Укук бузуулар, анын ичинде рэкетчиликке жана буллингге катышкандыгы үчүн мектептен мектепке которулган балдардын абалы өзгөчө тынчсыздандырат. Акыркы учурларда бул көрүнүштөр коомчулуктун көңүлүн буруп, ЖМКда

чагылдырылып, Акыйкатчы Институтуна келип түшкөн кайрылууларда орун алууда.

Мындан тышкары, Бишкек шаарынын №10 күндүзгү жана кечки жалпы билим берүүчү мектебине которуу кээ бир учурларда баланын абалын оорлотот: мектеп жашаган жеринен алыс болушу мүмкүн, бул анын коопсуздугуна коркунуч жаратат, жаңы чөйрөгө ыңгайлашуу кыйын болуп калат, ал эми окууга болгон мотивация деңгээли андан да төмөндөшү мүмкүн. Мониторинг ошондой эле окуучулар которулгандан кийин деле сабакка барбай калган фактыларды аныктаган. Сабакка катышуу жана жетишүү маселелери боюнча да, жүрүм-турумун оңдоо жагынан да баланын абалына системдүү көзөмөлдүн жоктугу байкалат. Натыйжада, көйгөй чечилбей, ал тургай курчуп баратат. Бул кайрадан укук бузуу, социалдык обочолонуу жана жашы жете электердин укуктарын бузуу коркунучун жогорулатат. Мындай кырдаал мектептин натыйжалуулугун, аталган мектепти адистештирилген мекеме катары кайра карап чыгууну жана ага коюлган милдеттеринин ылайыктуулугун баалоону талап кылат. Анткени, азыркы формада мектеп өзүнүн функцияларын талаптагыдай аткарууну камсыз кыла албайт.

БИК балдардын мүлкүн сатууга же күрөөгө берүүгө алынган каражаттарына уруксат берген учурлар өзүнчө тынчсызданууну жаратып, жашы жете электердин мүлкүн жоготуп алуу коркунучуна алып келет. Белгилей кетсек, бул маселе Акыйкатчы Институту тарабынан тыкыр иликтенген, ал эми анын жыйынтыгы КР Министрлер Кабинетине жана КР Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн. Кароонун жыйынтыгы боюнча бир катар тартиптик чаралар көрүлгөн, бирок учурдагы кырдаал көрсөткөндөй, көйгөй сакталып, кошумча көңүл бурууну жана катуу көзөмөлдү талап кылат.

Мындан тышкары, баланы жана үй-бүлөнү коргоо жеке пландары кагаз жүзүндө таризделгени менен, көп учурда практикада ишке ашырылбайт, жыйындардын протоколдоруна тиркелбейт жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү менен колдоого алынбайт.

БИК үй-бүлөдөгү кырдаалга ар тараптуу талдоо жүргүзбөстөн, баланын кызыкчылыктарын эске алуу менен баланын үй-бүлөдө болушун сактап калууга аракет жасабай туруп, баланы ата-энесинен ажыратууга жол берген учурлар да кездешет. Тактап айтканда, ата-энелер менен айрыкча алардын тарбиялоо жана баланын укуктарын коргоо, жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес.

Баланы коргоо боюнча жекече пландын жана үй-бүлө менен иштөө планынын аткарылышына мамлекеттик органдар тарабынан мониторингдин жана контролдун жоктугу олуттуу кесепеттерге алып келүүдө. Эгерде баланы коргоо боюнча иштерде көзөмөл жетишсиз болсо, анда зордук-зомбулук фактылары кайталанып, баланын ден соолугуна же өмүрүнө коркунуч жаралышы мүмкүн. Мындай учурларда иш-аракеттер формалдуулукка гана айланып, өз убагында кийлигишүүгө мүмкүнчүлүк жоголот жана мамлекеттик органдардын өз ара кызматташуусу начарлайт. Бул социалдык тобокелдиктердин күчөшүнө, кооптуу шарттарда жашаган балдардын санынын көбөйүшүнө жана алардын укуктарынын одоно бузулушуна алып келет.

Ошону менен бирге, жыйындарды өткөрүү тартибин бузган бир катар учурлар аныкталган. Тактап айтканда, Нарын жана Ысык-Көл облустарында БИКнын расмий курамына кирбеген адамдар жыйындарга катышкан. БИК курамына кирбеген адамдардын катышуусу менен өткөрүлгөн жыйындардын негизинде кабыл алынган чечимдердин укуктук күчү жана мыйзамдуулугу шек жаратат, ошондой эле келип чыгуучу укуктук кесепеттер үчүн жоопкерчиликти аныктоону татаалдатат.

Мындан тышкары, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен жана Чүй облустарында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында БИКнын ишмердүүлүгүндө системдүү түрдөгү укуктук жана уюштуруу мүнөзүндөгү кемчиликтер катталып, тиешелүү маалыматтар отчетко камтылган.

Ушул жагдайлардын негизинде, БИКнын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу жана мыйзамсыз чечимдердин алдын алуу максатында, Комиссиянын жыйындарына катышууга байланыштуу жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл.

БИКнын ишинде кайталанган тартип бузуулар кошумча кырдаалды курчутат: отурумдардын күн тартиби бекитилбейт, ушундан улам чечимдер ар түрдүү кабыл алынат, конкреттүү учурлар боюнча сунуштар кечиктирилип каралат, бул көрүнүш *өз убагында чара көрүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат*. Кабыл алынган чечимдердин аткарылышын контролдоо механизми жок - алардын ишке ашырылгандыгын же кандай натыйжа менен аткарылгандыгын байкоого мүмкүн эмес, протоколдор бузуулар менен түзүлөт, аларда мүмкүн болгон даттануу тартиби жана тыянактар чагылдырылбайт. БИК өз ишмердүүлүгүндө КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №449 токтому менен бекитилген "Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү Жобонун" 14, 19, 23, 25, 29, 30-пункттарындагы талаптарын сактабагандыгын көрсөттү. Мунун баары балдардын укуктарын коргоого формалдуу мамиле кылуу менен сунуштамалар өз убагында каралбай жана натыйжалуу жооп берүүгө жөндөмсүздүгүн күбөлөндүрөт.

Аталган фактылар БИКнын ишин реформалоо, жер-жерлерде көзөмөлдү, ченемдик тартипти жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү күчөтүү боюнча системдүү чаралардын зарылдыгын көрсөтүп турат.

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча КР Башкы прокуратурасына чара көрүү актысы жөнөтүлгөн. Өз кезегинде КР Башкы прокуратурасы тарабынан прокуратура органдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана мэриялардын алдындагы БИКнын ишмердүүлүгүнө карата текшерүү иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө тапшырма берилген.

Натыйжада, прокуратура органдары тарабынан жалпысы 61 текшерүү жүргүзүлүп, мыйзамдын 91 бузулушу аныкталган. Аларды жоюу максатында прокурордук чара көрүү актылары катары 52 сунуштама, 1 талап киргизилип, 1 укук бузуу боюнча иш козголгон.

Прокурордук чара көрүү актыларын кароонун жыйынтыгы боюнча БИКнын 54 кызматкери ар кандай тартиптик жоопкерчилик чараларына тартылган.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. БИКнын мүчөсү эмгек өргүүсүндө, убактылуу эмгекке жарамсыз болгондо же кызматтык иш сапарда жүргөн учурда аны алмаштырууга жол берген өзгөртүүлөрдү "Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө" Типтүү жобонун 24-пунктуна киргизсин.
2. БИКнын кабыл алган чечимдери боюнча даттануу тартиби ар бир чечимде көрсөтүлө турган БИКнын протоколдорунун бирдиктүү формасын иштеп чыксын.
3. Балдардын укуктарын коргоо маселелери боюнча БИКнын мүчөлөрү үчүн үзгүлтүксүз окутууларды жана практикалык семинарларды уюштурсун.

## 6.5. Бишкек шаарынын №10 орто жалпы билим берүү мектебинде (күндүзгү жана кечки окуу) окуган балдардын укуктары

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Бишкек шаарынын Биринчи май, Свердлов, Октябрь, Ленин райондорунун БИКнын ишмердүүлүгүнө жана алардын 2024-жылы кабыл алынган чечимдеринин аткарылышына мониторинг жүргүзүлгөн. БИКнын кароосуна түшкөн сунуштамалардын негизинде, орто мектептерде сабакты көп калтырган жана жүрүм-туруму начар окуучулар Бишкек шаарындагы №10 мектебине которулуп келген.

Материалдарды мониторинг учурунда иликтегенде балдардын эмне үчүн сабакка келбей же жетишпей жаткандыгы боюнча негизги себептер терең талданбай, маселелер үстүртөдөн каралып келгендиги байкалган.

Окуучунун жүрүм-турумуна жана окуусуна таасир этүүчү факторлорду жоюунун ордуна, мектептен мектепке которуу сыяктуу чечимдер кабыл алынган.

Ошентип, Комиссиялардын чечимдери менен Бишкек шаары боюнча №10 мектепке 65 бала которулган, анын ичинен:

- Ленин району боюнча – 26;
- Биринчи май району боюнча – 25;
- Октябрь району боюнча – 3;
- Свердлов району боюнча – 11 бала.

№10 мектепке жайгаштырылган балдардын мектепке келүүсү жана сабактарга катышуусу териштирилген. Мектептин окуучулары 2 смен менен окушат. Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери аталган мектепке барган учурда 1-сменде окуган окуучулар үчүн сабактар кыскартылып, сабактардын ордуна класстарды тазалоо иштери жүргүзүлүп жаткандыгы белгилүү болгон.

Ошону менен бирге 2-сменде окуган окуучулардын сабакка келүү көрсөткүчү өтө төмөн болгондугу байкалды.

| № | Класстар | Сабакка келгендердин саны | Класстагы окуучулардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 4 “а” класс | 3 | 8 |
| 2 | 10 “а” класс | 6 | 21 |
| 3 | 10 “б” класс | 7 | 35 |
| 4 | 11 “а” класс | 4 | 25 |
| 5 | 11 “б” класс | 7 | 30 |
| 6 | 11 “в” класс | 2 | 32 |
| 7 | 11 “г” класс | 1 | 35 |
| 8 | 9 “в” класс | Келген жок | — |
| 9 | 10 “в” класс | Келген жок | — |

БИК кагаз жүзүндө чечим чыгарып, балдарды №10 мектепке жайгаштырат, бирок иш жүзүндө мектепке балдардын келүүсү, сабакка катышуусу боюнча тиешелүү органдар тарабынан эч кандай көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгү байкалган.

КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 36-бер. 6-п. ылайык, билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар адамдардын жана турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын ата энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө көмөк көрсөтөт. Ал эми, 38-беренеде турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын билим алуу укугун жүзөгө ашырууга мамлекет кепилдик берет жана турмуштук оор кырдаалда турган адамдардын билим алуу укугун ишке ашырууга социалдык инклюзия үчүн шарттарды түзүү аркылуу кепилдик берээри жазылган.

Бирок, БИК балдарды №10 мектепке которуу чечимин кабыл алган учурда баланын жашаган жерин, билим алууга жеткиликтүүлүгүн жана ата энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугун эске алган эмес.

Мисалы: Биринчи май районунун Комиссиясы тарабынан Мурас-Ордо конушунун жашоочулары 2011-ж.т., А. С. 7-класска, Свердлов районунун Комиссиясы тарабынан Пролетарская көчөсү №16 үйүнүн жашоочусу Р. З. 4-класска, Октябрь районунун Комиссиясы тарабынан 7-кичи районунун жашоочусу А. К. 8-класска орноштурулган.

Мындан тышкары, мониторинг учурунда №10 мектептин жетекчилиги өз ишин Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин 1997-жылдын 17 июлундагы №312/1 буйругу менен бекитилген “Кечки (сменалык) жалпы билим берүүчү мекеме жөнүндө болжолдуу жобосунун” жана Билим берүү башкармалыгынын 2011-жылда бекитилген “Бишкек шаарындагы №10 күндүзгү жана кечки жалпы билим берүү мектеби” мекемесинин Уставынын

негизинде алып бара тургандыгын маалымдаган. Бирок, №10 мектептин ишмердүүлүгү жогоруда аталган жобого жана уставга ылайык уюштурулган эмес.

Ушуга байланыштуу Акыйкатчы Институту тарабынан КР Башкы прокуратурасына чара көрүү актысы жөнөтүлгөн. Бишкек шаарынын прокуратурасынын маалыматы боюнча, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин дарегине ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө сунуш киргизилген. Билим берүү департаментинин директорунун буйругу менен, прокурордук чара көрүү актысынын негизинде, №10 мектептин директорунун милдетин аткаруучу кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн ээлеген кызматынан бошотулуп, директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына "сөгүш" жарыяланган.

## СУНУШТАР:

**Бишкек шаарынын мэриясы:**

1. №10 мектептин ишмердүүлүгүн КР жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобого жана мектептин уставына ылайык келтирсин.
2. БИК жүрүм - турумунда кыйынчылыктары бар балдарды белгилүү бир мектепке топтоо жолу менен которуу практикасын токтотсун.

## 6.6. Медреседе билим алып жаткан балдардын укуктары

Баланын билим алууга, коопсуздукка жана өнүгүүгө болгон укугу окутуунун формасына, анын ичинде диний билим берүүгө байланыштуу чектелбеши керек. Кыргыз Республикасы светтик жана укуктук мамлекет катары балдардын мамлекеттик, жеке же диний билим берүү мекемелеринде окушуна карабастан, алардын укуктарын бирдей коргоону камсыз кылууга милдеттүү. Ошол эле учурда дин тутуу эркиндиги жана диний билим алууга болгон укук баланын ден соолукка, сапаттуу билим алууга, зомбулуктан корголууга жана коомго толук кандуу интеграциялануга болгон негизги укуктарына зыян келтирүү менен ишке ашырылбашы керек.

Жашы жете электердин окуусу светтик билим берүү тутумунан тышкары жүргүзүлгөн шарттарда, балдардын коопсуздугунун, билим берүүнүн сапатынын, ден соолукту коргоонун жана укуктук корголушунун минималдуу стандарттарынын сакталышына мамлекеттик көзөмөл өзгөчө мааниге ээ болот. Балдарды каттоо, медициналык жана санитардык көзөмөл жүргүзүү боюнча ачык-айкын механизмдердин жоктугу, ошондой эле диний окуу жайлардын жалпы жана кесиптик билим берүү системасына жетишсиз интеграцияланышы билим алуудагы обочолонууну, социалдык алсыздыкты жана балдардын укуктарынын бузулуу тобокелдиктерин жаратат.

КР Президентине караштуу Дин жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттигинин маалыматына ылайык, 2024-2025-жылдары жашы жете элек балдарды окуткан медреселердин саны 11ди түзөт. Ошол эле учурда, КР ЭСКжМ министрлигинин расмий сайтына ылайык, медреселердин саны 9 деп көрсөтүлгөн. Бирок, иш жүзүндө алардын саны 200дөн ашат.

2025-жылдын август-сентябрь айларында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери тарабынан диний мекемелерде балдардын укуктарынын сакталышын көзөмөлдөө максатында республика боюнча 21 медресеге мониторинг жүргүзүлгөн.

Айрым окуу жайларында мамлекеттик билим берүү стандарттары сакталбай, окутуу формалдуу түрдө, жетишсиз уюштурулуп, баалоо системасы колдонулбаганы аныкталган. Бул билим берүүнүн деңгээлинин төмөндөшүнө жана орто жана кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелишине алып келет. Бул көйгөй балдардын коомго аралашуусуна тоскоолдук кылып, алардын билим алуу, кесиптик көндүмдөргө ээ болуу жана жарандык укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

Балдардын укуктарын коргоо боюнча ишеним механизмдеринин жоктугу, ишеним телефондору тууралуу маалыматтын жетишсиздиги жана зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү балдардын зомбулук, кысым же эксплуатация учурлары жөнүндө өз убагында билдирүүсүнө тоскоолдук жаратат.

Ошол эле учурда, көпчүлүк медреселерде медициналык тейлөө уюштурулган эмес, санитардык-эпидемиологиялык жана өрткө каршы талаптар толук сакталбай, тамак-аш коопсуздугу жетиштүү деңгээлде камсыз кылынбайт. Мындай абал балдардын өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч туудурат.




Мындан тышкары, айрым медреселерде уставдык документтер, эсептик каттоо, финансылык отчеттуулук жана бухгалтердик эсеп жок же формалдуу жүргүзүлөт. Бул мекемелердин ишинин ачык-айкын эместигин көрсөтүп, мыйзамсыз иш жүргүзүүгө жана көмүскө каржылоого шарт түзүшү мүмкүн.

Мисалы, Бишкек шаарындагы “Ак-Ниет”кыздар медресесинде уставдык жана каттоочу документтердин жоктугу аныкталган. Кызматкерлер тарабынан көрсөтүлгөн устав, мамлекеттик каттоодон жана эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүктөр башка диний уюмга таандык экени белгилүү болгон.

Ошондой эле, Нарын облусундагы “Ыйык Биримдик ислам борбору” медресеси, Баткен облусундагы “Муьаз Ибни Жабал” жана “Имам Аззам” медреселери, Талас облусундагы “Бакай-Ата” медресеси кайра каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүктү көрсөтө алышкан эмес.

*Акыйкатчы Институтунун мониторингинин жүрүшүндө “Гүлзар” балдар борбору” диний мекемесинде 2008-жылы туулган, майыптыгы бар жана ата-энесинин камкордугусуз калган М. Б. аттуу жашы жете элек кыз, 2017-жылдан 2025-жылга чейин МСЭК кайрадан күбөлөндүрүүдөн өтпөгөндүктөн, ай сайын берилүүчү социалдык жөлөк пул алган эмес. Бул аракетсиздик “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө” мыйзамынын 10-бер. талаптарынын бузулушуна алып келген. Мониторингдин жыйынтыгы боюнча ыйгарым укуктуу органдарга сунуштар киргизилип, күнөөлүү кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылган. Ошондой эле, балага 2026-жылдын 1-майына чейин жеке депозиттик эсебине 518 000 сом өлчөмүндө жөлөк пул төлөп берүү чечими кабыл алынган.*

Аныкталган көйгөйлөр, медреселердин жана диний окуу жайлардын ишинде көзөмөлдүн, укуктук жөнгө салуунун жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн жетишсиз экенин көрсөтөт. Бул жагдай жашы жете элек балдардын укуктарын, коопсуздугун жана сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн мамлекеттик деңгээлде системдүү жана ырааттуу чараларды көрүү зарылдыгын көрсөтүп турат.

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча Министрлер кабинетине жана КР Башкы прокуратурасына чара көрүү актысы жөнөтүлдү.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

Медреселерде жана диний окуу жайларында окуган балдардын жалпы билим берүү программасына жеткиликтүүлүгүн жана белгиленген үлгүдөгү аттестаттарды берүү маселесин карасын.

**Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына:**

1. Жашы жете элек балдарды окуткан медреселердин жана диний окуу жайларынын бирдиктүү электрондук базасын түзсүн.
2. Мамлекеттик билим берүү стандарттарын эске алуу менен медреселер жана диний окуу жайларынын окуу пландарын КР Агартуу министрлиги менен макулдашсын.
3. Медреселердин жана диний окуу жайларынын финансылык отчеттуулугун мыйзамдарга ылайык келтирсин.

**КР Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттикке**:

1. Медреселердин жана диний окуу жайларынын ишмердүүлүгүнө, шарттарына жана коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү планын киргизип, оң корутунду болгон учурда каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берсин.
2. Жашы жете электерди окуткан медреселерде жана диний окуу жайларында тамактануу жана окутуу үчүн келишимдик сумманын бирдиктүү өлчөмүн иштеп чыгып, аткарылышын камсыз кылсын.

**КР Саламаттык сактоо министрлигине**:

Медреселерде жана диний окуу жайларында окуган жашы жете электердин медициналык кароодон өтүшүн көзөмөлдөө боюнча иш-чаралардын планын киргизсин.

# 7-БӨЛҮК. ЖАРАНДАРДЫН АЙРЫМ КАТЕГОРИЯЛАРЫНЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 7.1. Мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган жарандардын укуктарынын сакталышы

КР мыйзамдарына ылайык, 18 жаштан 25 жашка чейинки эркек жарандар аскердик кызмат өтөөгө чакырылат. Мөөнөттүү аскердик кызматка жөнөтүлгөнгө чейин ар бир чакырылуучу белгиленген чакыруу тандоосунун этаптарынан өтүүгө милдеттүү. Бул этаптарга медициналык кароодон өтүү, чакыруу комиссиясынын жыйыны, ошондой эле каттоо маалыматтарын тактоо жана аскердик кызматка жарамдуулук категориясын аныктоо менен байланышкан жол-жоболор кирет.

Аталган этаптар кылдат уюштуруучулук жана медициналык даярдыкты талап кылат, анткени дал ушул мезгилде чакырылуучунун аскердик кызмат өтөөгө ылайык келбеген ооруларын аныктоо, ошондой эле мүмкүн болгон жүрүм-турумдук четтөөлөрдү текшерүү максатында комплекстүү текшерүү жүргүзүлөт.

Аскердик кызматка чакыруу процессинде адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүүнүн алкагында, Акыйкатчы Институту тарабынан 2025-жылдын жазгы жана күзгү чакыруу кампанияларынын жүрүшүндө 26 райондук (шаардык) аскер комиссариаты жана 4 топтоо пункту камтылды. Ошондой эле, чакырылуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, анын алкагында 269 адам сурамжылоого алынган.

2025-жылдын 24-мартында Акыйкатчы Институту тарабынан КР Куралдуу Күчтөрүнүн Республикалык топтоо пунктунда (мындан ары – РТП) чакырылуучулардын кармоо шарттарына мониторинг жүргүзүлгөн. Мониторингдин жүрүшүндө казарма жайлары, ашкана, санитардык түйүндөр, ошондой эле чакыруу процессине тартылган башка инфраструктуралык объекттер текшерилген.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча чакыруу процессинин тийиштүү деңгээлде уюштурулбагандыгы, атап айтканда, чакырылуучуларды кармоо шарттарынын канааттандырарлык эмес абалы жана топтоо пунктундагы медициналык кароодон өтүүдө алардын укуктарынын сакталбаган учурлары катталган.

Айрыкча санитардык түйүндөрү жана душ кабиналары техникалык жактан начар абалы капиталдык оңдоону талап кылат.

Мындан тышкары, ашкананын санитардык-гигиеналык абалында кемчиликтер бар. “Санитардык тазалоо жана тамак-аш даярдоонун сапатын көзөмөлдөө журналы” текшерилгенде, акыркы жазуу 2024-жылдын 14-декабры менен даталанганы аныкталып, бул санитардык-гигиеналык иш-чараларга формалдуу мамиле жасалгандыгын көрсөтөт.

Ошондой эле, чакырылуучулар өз алдынча өздөрүнө тамак салышкан учурлар катталган. РТПда тамактанууну уюштурууга жооптуу адамдар жок болгон учурда, бир нече чакырылуучу (2–3 адам) ашканада тамакты өз алдынча бөлүштүрүп турушкан. РТПда мөөнөттүү кызмат өтөп жаткан жооптуу адамдар белгиленген тартипти камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды көрүшкөн эмес.






Аныкталган бузуулардын негизинде, КР Коргоо министрлигине аларды жоюу боюнча чараларды көрүү зарылдыгы көрсөтүлгөн **чара көрүү актысы** жөнөтүлгөн. Натыйжада, Коргоо министрлиги тарабынан ички иликтөө жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы менен күнөөлүү адамдар тартиптик жоопкерчиликке тартылган.

2025-жылдын 2-апрелинде Сокулук райондук аскер комиссариатын (РАК) мониторингдөө учурунда комиссариаттын аймагы текшерилип, имарат авариялык абалда, дубалдарында жаракалар бар экени аныкталган. Мындан тышкары, комиссариаттын жарандык негизде иштеген кызматкерлери жаан жааган күндөрү иш бөлмөлөрүндө жана коридорлордо чатырдан суу агып кетерин белгилешкен.

РАК жетекчилигинин маалыматына ылайык, аталган имарат 2015-жылдан бери авариялык абалда турат жана бул маселени чечүү максатында Коргоо министрлигинин Курулуш жана аскерлерди жайгаштыруу башкармалыгына, ошондой эле КР Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабынын Башкы оперативдик мобилизациялык башкармалыгына имаратты реконструкциялоо боюнча кайрылуулар үзгүлтүксүз жөнөтүлүп келген.



5


Отдел МЧС Сокулукского района

АКТ
ОБСЛЕДОВАНИЯ

Сокулук

2. Здание районного военного комиссариата

5. аварийное



Коргоо министрлигинин өкүлдөрү объектке бир нече жолу барып, тиешелүү актыларды түзүшкөнүнө карабастан, бүгүнкү күнгө чейин абал өзгөрүүсүз бойдон калууда.



Ушуга окшош жагдай Таш-Көмүр шаардык (райондук) аскер комиссариатында да орун алып, чакырылуучуларды медициналык кароодон өткөрүү үчүн арналган имарат авариялык абалда экени аныкталган. 1953-жылы курулган бул имарат олуттуу бузулууларга дуушар болгон, пайдубалында жана дубалдарында терең жаракалар жана урап түшүүлөр бар, чатырынан суу өтөт, ички бөлмөлөрү көгөргөн жана сасык жыт сезилип турат.

Мындай шарттар медициналык кароодон өтүүгө тийиш болгон адамдардын коопсуздугуна жана ден соолугуна коркунуч жаратууда.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу КР ӨКМ өкүлдөрү тарабынан имараттын техникалык абалына текшерүү жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү акт түзүлгөн.



*Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаардык аскер комиссариатынын авариялык абалдагы имараты.*

Талаптагыдай эмес инфраструктура аскер комиссариатынын негизги функцияларын, тактап айтканда, чакырууну уюштурууну, медициналык кароолорду өткөрүүнү жана документтерди тариздөөнү кыйындатат.

Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө Свердлов райондук аскер комиссариатында Аскердик-дарыгердик комиссиянын (мындан ары – АДК) курамы белгиленген талаптардагыдай толукталбаганы аныкталды. Тактап айтканда, медициналык кароодон өткөрүү учурунда дерматолог дарыгер катышкан эмес. Ошол эле учурда жаран К.К.К.ны

медициналык кароодон өткөрүүдө дерматолог дарыгердин ордуна, эч кандай медициналык текшерүү жүргүзүлбөстөн, башкы дарыгер О.С.Т. анын аскердик кызматка "жарактуулугун өз кол тамгасы менен тастыктаган.

Ушундай эле жагдай 2025-жылдын 31-мартында да кайталанган. Тактап айтканда, хирург дарыгер жок болгон шартта, 31.08.2002-жылы туулган чакырылуучу Р.Э.У.нун документтери тиешелүү медициналык кароо жүргүзүлбөстөн, ошол эле башкы дарыгер О.С.Т. тарабынан жарактуулугу тастыкталган.

Мындан тышкары, Ленин, Жайыл жана Сокулук райондук аскер комиссариаттарында да профилдик адистердин (хирург, офтальмолог, дерматолог, невропатолог) жетишсиздиги байкалган.

82 чакырылуучунун арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жүрүшүндө, медициналык күбөлөндүрүү учурунда профилдик дарыгерлердин толук курамда (100%) катышканы - катышпаганы тууралуу суроого төмөнкүдөй жыйынтык алынган:

- "терапевт" – 76 адам (92,7%);
- "хирург" –75 адам (91,5%);
- "невропатолог" –72 адам (87,8%);
- "психиатр" –76 адам (92,7%);
- "офтальмолог" – 54 адам (65,9%);
- "отоларинголог (ЛОР)" – 73 адам (89%);
- "стоматолог" – 79 адам (96,3%);
- "дерматолог" – 76 адам (92,7%).

Райондук мамлекеттик администрациялардын токтомдору менен АДКнын иши үчүн профилдик дарыгерлердин резерви каралганына карабастан, алардын иш жүзүндө толук курамда катышуусу камсыздалган эмес.

Акыйкатчы Институтунун суроо-талабына жооп катары КР ССМ 2021-жылдын 8-августундагы № 915 буйрук менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарындагы медициналык жана фармацевтикалык адистиктердин номенклатурасы, кызмат орундарынын номенклатурасы жана адистиктердин кызмат орундарына шайкештиги жөнүндө" жобого ылайык, ар бир адис өзүнүн кесиптик багыты боюнча гана медициналык баалоо жүргүзүүгө милдеттүү экенин маалымдаган.

КР "Жарандарды даярдоонун жана чакырууну өткөрүүнүн тартиби жөнүндө" жобосунун 6-главасынын 81-пунктуна ылайык, чакырылуучулардын ден соолугунун абалы жана физикалык өнүгүүсү боюнча аскердик кызматка жарамдуулугу ар бир дарыгер адис тарабынан жеке баалоо ыкмасы менен жүргүзүлөт.

КР "Жарандардын ден соолугун сактоо жөнүндө" Мыйзамынын 132-бер. 1-бөл. ылайык, аскердик-дарыгердик экспертиза, чакырылуучу жарандардын аскердик кызматка жарамдуулук категориясын аныктоо, ошондой эле жаракаттардын, оорулардын аскердик же атайын кызмат өтөө менен же аскердик жыйындарда болуу менен себептик байланышын аныктоо максатында жүргүзүлөт.

Конкреттүү багыттар боюнча тиешелүү даярдыгы жок дарыгерлер тарабынан медициналык кароолорду жүргүзүү жарандардын ден-соолугунун абалын объективдүү эмес баалоо менен аскердик кызматка жарамдуулугун туура эмес аныктоого себеп болушу мүмкүн. Ошону менен катар, жарандарды аскердик кызматка чакыруу учурунда чакыруу комиссиясынын ишмердүүлүгүнө аскер комиссарлары тарабынан тийиштүү көзөмөл жана координация жүргүзүлбөгөнү белгиленген.

Жарандарды мөөнөттүү аскердик кызматка чакырууда алардын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу максатында Акыйкатчы Институту аныкталган бузууларды жоюу жана жол бербөө боюнча чараларды көрүү үчүн чара көрүү актысын киргизген.

Аталган чара көрүү актысы боюнча КР Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабынын Башкы уюштуруу-мобилизациялык башкармалыгы тарабынан 2025-жылдын күзгү чакыруусун даярдоо жана өткөрүү алкагында төмөнкү уюштуруучулук жана көзөмөл чаралары ишке ашырылды:

1. Инструктивдик-методикалык жыйындардын жүрүшүндө Акыйкатчы Институту тарабынан райондук аскер комиссариаттарында жүргүзүлгөн 2025-жылдын жазгы чакыруусунун мониторингинин жыйынтыктары кызмат адамдарына жеткирилди.
2. Аскерге чакырылгандарды медициналык кароонун сапатын жогорулатуу максатында КР ССМ чакыруу комиссияларынын тар профилдеги дарыгерлер менен жетишсиз толукталганы тууралуу кайрылуу жөнөтүлгөн. ССМ чакыруу иш-чараларын өткөрүү жана чакырылуучулардын сапаттуу медициналык күбөлөндүрүүнү камсыз кылуу багытында Коргоо министрлиги менен мындан ары өз ара кызматташууга даяр экендигин тастыктаган.
3. Чакыруу медициналык комиссияларынын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү максатында Республикалык топтоо пунктунун жана топтоо пункттарынын штаттык түзүмүнө "улук дарыгер" кызмат орду киргизилген.

Күзгү чакыруунун жүрүшүндө жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында *(жазгы чакыруу кампаниясында аныкталган)* жогорудагы бузуулар жоюлганы маалым болду.

Ошол эле учурда, Бишкек шаарындагы РТП баруу учурунда ЖАМКнын өкүлдөрү чакырылуучуларды психологиялык текшерүүдөн өткөрүп жатышканы аныкталды. Текшерүүнүн максаты чакырылуучулардын психикалык (неврологиялык) ооруларын аныктоо жана психоневрологиялык туруктуулуктун кошумча деңгээлин баалоо *(В.Ю. Рыбниковдун ыкмасы боюнча тестирлөө – прогноз 2)* болгон. Тест жүргүзгөн психолог бир адистин тест жыйынтыктарын кол менен эсептөөгө жана чакырылуучулар менен маектешүүгө жетишсиз экенин, анткени бул көп убакытты талап кыларын билдирген.

Мындан тышкары, УКМК караштуу Чек ара кызматынын өкүлдөрү менен жүргүзүлгөн маектерде чакыруу учурунда "Мультипсихометр" аппаратын колдонуу натыйжалуу экени белгиленди. Аталган аппарат чакырылуучулардын медициналык жана психофизиологиялык кароосунда суициддик жүрүм-турум коркунучун аныктоо жана дезадаптациялык абалдарды болжолдоо үчүн колдонулат. Анын жардамы менен тынчсыздануу, депрессия, импульсивдүүлүк жана өзүн-өзү контролдоонун төмөн деңгээли стандартташтырылган ыкмалар аркылуу аныкталат.

"Мультипсихометр" аппараттык-программалык комплекси менен бир чакырылуучуну тестирлөө орточо эсеп менен 5–7 мүнөттү талап кылат, ага түшүндүрмө берүү, тесттен өтүү жана жыйынтыктарды алгачкы каттоо убактысы кирет.

Бирок, бүгүнкү күндө чакырылуучуларды тандоо процессинде "мультипсихометр" колдонулбайт. Ошол эле учурда, бул ыкма суициддик тенденцияларды эрте стадияда аныктоого өбөлгө түзмөк.

Белгилей кетүүчү жагдай, Акыйкатчы мурунку жылдардагы жылдык баяндамаларында бул аппаратты колдонуу зарылдыгын бир нече жолу белгилеген.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине:**

1. Аскер комиссариаттарынын эскирген имараттарын инвентаризациялоону жүргүзүп, аларды реконструкциялоо жана тийиштүү шарттарды түзүү боюнча чараларды көрсүн.
2. Жарандарды аскердик жана альтернативдик кызматка чакыруу мезгилинде чакыруу комиссияларынын толук курамда иштешин камсыз кылсын.
3. Жарандарды мөөнөттүү аскердик кызматка чакыруу учурунда топтоо пункттарын "Мультипсихометр" аппараттары менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн карасын.

## 7.2. Психиатриялык мекемелеринде жайгашкан менталдык (психикалык) ооруларга дуушар болгон адамдардын шайлоого болгон укуктарынын сакталышы.

2025-жылы КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо учурунда, 2025-жылдын 29-30-ноябрында өткөрүлгөн шайлоонун алкагында, Акыйкатчы Институту психиатриялык мекемелерде жайгашкан адамдардын шайлоого болгон укуктарынын камсыз кылуу маселесин изилдеген.

Тагыраак айтканда, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 33-бер. 1-бөл. ылайык, шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолугунун абалына же майыптыгына байланыштуу добуш берүү үчүн шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар, ошондой эле добуш берүү күнү ооруканаларда жаткан шайлоочулар өздөрү турган жери боюнча добуш беришет. Участкалык шайлоо комиссиялары мындай шайлоочуларга добуш берүү күнү келгенге чейин бир календардык күн мурда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Ошондой эле, ушул мыйзамдын мыйзамдын 33-бер. 2-бөл. ылайык, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү саат 8:00дөн 20:00гө чейин жүргүзүлөт жана шайлоочунун жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде гана жүзөгө ашырылат.

Аталган мыйзамдын 14-бер. 5-бөл. ылайык, добуш берүү күнү стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелерде жаткан шайлоочулар жөнүндө маалыматтар тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына добуш берүү күнүнө чейин 12 календардык күндөн кечиктирилбестен берилүүгө тийиш.

Ошону менен бирге, мониторингдин жыйынтыгы психиатриялык ооруканаларда аталган мыйзамдын 14-бер. 5-бөл. талаптары, тактап айтканда стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелерде жаткан шайлоочулар тууралуу маалыматтарды жөнөтүү боюнча талаптар так сакталбай жаткандыгын көрсөттү.

Республика боюнча 5 психиатриялык оорукананын ичинен РПНБ 7 гана шайлоочу боюнча маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына (БШК) жөнөткөн.

Алынган маалыматтарга ылайык, көчмө участкалык шайлоо комиссиясы №7002 Чым-Коргон РПО гана чыккан, калган 4 психиатриялык ооруканага чыккан эмес. Ошондой эле, 2025-жылдын 29-ноябрында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери Бишкек шаарындагы РПНБда мониторинг жүргүзүшкөн. Анын жүрүшүндө көчмө комиссия аталган мекемеге саат 8:00дөн 20:00гө чейинки аралыкта келбегендиги белгиленген.

Ал эми, КР ЭСММги КР БШКна ПССМдерде 1745 кызмат алуучулар боюнча маалыматты БШКна жиберилген.

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, Республикада иштеп жаткан 8 ПССМнин ичинен добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү жалгыз Кадамжай ПССМде уюштурулган, анда 13 кызмат алуучу добуш берген.

Ошондой эле, Министирликтин маалыматы боюнча, 1745 кызмат алуучудан 669у соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылып, добуш бере алышпайт. 81 кызмат алуучунун өздүгүн тастыктоочу документи жок, 659 кызмат алуучу (37%) формалдуу түрдө добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү укугуна ээ болгон, бирок, мекемелердин директорлорунун түшүндүрмөсүнө ылайык, аталган 37% кызмат алуучу оор психоневрологиялык ооруларына байланыштуу добуш берүүгө мүмкүнчүлүктөрү жок экендигин билдиришкен.

*Таблица 1*

**2025-жылдын 29-ноябрына карата Психиатриялык ооруканалар боюнча маалымат**

| № | Мекеменин аталышы | 18 жаштан жогору бейтаптардын жалпы саны | Добуш берүү укугуна ээ бейтаптардын саны | Сот чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылган бейтаптардын саны | Паспорту жок бейтаптардын саны | Ар кандай себептерден улам добуш берүүчү жайдан тышкары добуш бере албаган бейтаптардын саны | 2025-ж. 29-ноябрда стационардык шартта добуш бергендердин саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | РПНБ | **478** | 471 | **7** | 471 (оору таржымалдарында паспорттордун көчүрмөлөрү гана тиркелген) | **471** | 0 |
| 2 | ООПНБ | **230** | 209 | 6 | 209 (оору таржымалдарында паспорттордун көчүрмөлөрү гана | **15 бейтап, анын ичинен: 11 - кургак учуктун ачык формасындагы бөлүмдө;** | 0 |
| 3 | ЖОПНБ | **104** | 104 | --- | | **4 - мажбурлап дарылоодо (соттолгондор)**<br>104 бейтап, анын ичинен: 76- курч психикалык ооруларга байланыштуу;<br>28 - паспорттордун түп нускаларынын жоктугуна байланыштуу | 0 |
| 4 | РПО Кызыл-Жар | **256** | **158** | ---- | **28 (оору таржымалдарында паспорттордун көчүрмөлөрү гана тиркелген)**<br>158 (оору таржымалдарында паспорттордун көчүрмөлөрү гана тиркелген) | 254 бейтап, анын ичинен: 98 — мажбурлап дарылоодо (соттолгондор); 158 — жеке иштеринде паспорттордун түп нускалары жок жана курч психикалык ооруларга байланыштуу | 0 |
| 5 | РПО Чым-Коргон | **345** | **264** | 15 | 264 (оору таржымалдарында | 264 бейтап, анын ичинен: 66 — мажбурлап дарылоодо (соттолгондор) | Добуш бергендер: 2 (УШК №7002) |
| | **ЖАЛПЫ** | **1413** | **1206** | **28** | **1130** | **942 (соттолгондорду эсепке албаганда)** | **2** |

**2025-жылдын 29-ноябрына карата ПССМ боюнча маалымат.**

*Таблица 2*

| № | Мекеменин аталышы | Кызмат алуучулардын жалпы саны | Добуш берүү укугуна ээ кызмат алуучулардын саны | Сот чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылган кызмат алуучулардын саны | Паспорту жок кызмат алуучулардын саны | Ар кандай себептерден улам добуш берүүчү жайдан тышкары добуш бере албаган адамдардын саны | 29-ноябрда стационардык социалдык шартта добуш бергендердин саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Токмок №1 ПССМ | 300 | 150 | 139 | 11 | **150** курч психоневрологиялык ооруларга байланыштуу) | **0** |
| **2** | ТокмоК№2 ПССМ | 250 | 110 | 129 | 11 | **110** (курч психоневрологиялык ооруларга байланыштуу) | **0** |
| **3** | Жайыл ПССМ | 249 | 221 | 8 | 20 | **221** (курч психоневрологиялык ооруларга байланыштуу) | **0** |
| **4** | Покровка ПССМ | 99 | 0 | 99 (4-сү сотто аракетке жөндөмсүздүк боюнча каралууда) | 0 | 0 | **0** |
| **5** | Кадамжай ПССМ | 228 | 111 | 86 | 16 | **2** (эмгек өргүүгө кеткен) 111 (курч психоневрологиялык ооруларга | **13 жаран добуш берген УШК 8415** |
| **6.** | Ак-Суу ПССМ | 250 | 20 | 207 | 23 | **20** (курч психоневрологиялык ооруларга байланыштуу) | **0** |
| **7** | Беловодск балдар ПССМ | 219 (Ичинен 40 - 18 жаштан жогору | 39 | 1 | 0 | **39**(курч психоневрологиялык ооруларга байланыштуу) | 0 |
| **8.** | Джалал-Абад балдар ПССМ | 150 (Ичинен 8 - 18 | **8** | **0** | **0** | **8** (курч психоневрологиялык ооруларга байланыштуу) | **0** |
| | **Итого:** | **1745** | **659** | **669** | **81** | **659** | **13 жаран добуш берген** |

Изилдөөнүн жыйынтыгы менен Акыйкатчы Институту психикалык ооруларга дуушар болгон адамдардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда төмөнкү тоскоолдуктарды аныктаган:

1. Психиатриялык ооруканалардагы айрым бейтаптар дарылануу учурунда жетиштүү интеллектинин деңгээлин сактай албай, өз аракеттеринин маанисин жакшы түшүнө алышпайт. Анткени, дарыгерлер, бейтаптардын акыл-эси жана когнитивдик жөндөмдүүлүгү дарылоо учурунда күчтүү психотроптук препараттардын таасирине байланыштуу төмөндөшүн билдиришкен.

2. Психиатриялык ооруканаларга түшкөндө бейтаптардын өздүк делосуна паспорттордун көчүрмөлөрү гана тиркелет, ал эми паспорттун түп нускасы көпчүлүк учурда туугандарында болот. Андыктан паспортун түп нускасы жок бейтаптар мекеменин ичинен добуш бере албайт. Мониторинг учурунда РПНБ 478 бейтаптын ичинен 7 бейтаптын гана паспортунун түп нускасы болгон.

3. КР мыйзамдарына ылайык, соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун күчүнө кирген өкүмү менен камакка алынган жарандар шайлоого катышууга укугу жок. Берилген маалымат боюнча психиатриялык ооруканаларда 28, ал эми ПССМде 669 адам соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылган.

Белгилей кетчү жагдай, көпчүлүк учурларда айрыкча психиатриялык ооруканаларга бейтаптар аракетке жөндөмсүздүгү аныкталбаган абалда келет. Таблицада көрсөтүлгөндөй, 1413 бейтаптын ичинен 1206 адам (85,3%) юридикалык жактан караганда аракетке жөндөмдүү болуп, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү укугуна ээ болгон.

ПССМде кызмат алуучулар МСЭКтин чечими менен балалыктан оор психоневрологиялык ооруларга дуушар болгондор. Алардын диагноздору жана психикалык оорудан улам майыптыгын эске алганда, мындай адамдардын добуш берүүгө катышуусу көп учурда мүмкүн эмес.

Бирок, МСЭКтин корутундусу жана психоневрологиялык оорудан улам майыптыктын аныкталышы жарандардын шайлоо укуктарынын чектелүүсүнө негиз боло албайт. Добуш берүүгө укук соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылган учурда чектелиши мүмкүн.

4. БШК тарабынан психиатриялык мекемелерди шайлоого даярдоо боюнча координациялык жумуштар тийиштүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Башка дарылоо мекемелериндегидей эле психиатриялык мекемелерде добуш берүүнү уюштуруу практикасы жана механизмдери түзүлгөн эмес. Тактап айтканда, добуш берүү күнүнө чейин стационардык шартта добуш берүү укугуна ээ шайлоочулардын тизмелерин тактоо боюнча көчмө иштер уюштурулган эмес. Бейтаптарды стационарда добуш берүүгө катышуу мүмкүнчүлүгү жана талап кылынган маалыматтар боюнча маалымдоо системасы иштелип чыккан эмес. Ошондой эле, талапкерлер тууралуу маалымат берүүчү механизмдер жок. Мындан тышкары, шайлоо алдындагы кампания учурунда талапкерлер үчүн “ачык эшик күндөрүн” уюштуруу менен, бардык талапкерлерге бирдей шартта бейтаптар жана ПССМ кызмат алуучулары менен жолугушууга мүмкүнчүлүк бермек. Ошондой эле, бейтаптарга жана кызмат алуучуларга добуш берүү процедурасын түшүндүрүү иши жүргүзүлгөн эмес.

5. Сурамжылоо көрсөткөндөй, психиатриялык ооруканалардын медициналык кызматкелери, ПССМ социалдык кызматкерлери жана алардын жетекчилиги шайлоо процессине катышпоого аракет кылышат. Анткени, ар кандай сын-пикирлерден жана административдик ресурстардын колдонулушу жөнүндө айыптоолордон качуу максатында экенин түшүндүрүшкөн. Практикада шайлоо тууралуу маалымат берүү же түшүндүрүү, жакындары жана байкоочулардын тарабынан кийлигишүү катары кабыл алынган учурлар болгонун билдиришкен. Психиатриялык мекемелерде кызматкерлер үчүн добуш берүү укуктарын камсыздоо боюнча нускамалар жана окутуу иштери жүргүзүлбөйт. Андыктан, кызматкерлер жашыруун добуш берүүнү камсыз кылуу өздөрүнүн ролун жана кызматкерлердин кийлигишүүсүн болтурбоо боюнча толук кандуу түшүнө алышпайт. *Мисалы, 2025-жылы шайлоо учурунда Нижне-Серафимовка ССМде жашыруун добуш берүү бузулган учур катталып, бул участокто добуш берүү жыйынтыктары жокко чыгарылган.*

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 33-бер. добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү жалпысынан жөнгө салат. Бирок, аталган мыйзамда психиатриялык жабык типтеги мекемелерди шайлоого даярдоо боюнча уюштуруучулук жоболор каралган эмес.

Жогорудагы расмий маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, психикалык ооруларга дуушар болгон адамдардын шайлоо укуктарынын камсыздалышы өтө төмөн деңгээлде калууда. Мисалы, 2025-жылы депутаттарды Жогорку Кеңешке шайлоодо мекемеде добуш берүү жалпы 1 865 адамдын ичинен 15 гана адамды камтыган (соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылган жана соттолгондорду эсепке албаганда). Натыйжада, бул категориядагы жарандардын добуш берүүгө катышуусу 0,8% түзгөн.

Жогоруда белгиленген тоскоолдуктар жана психиатриялык мекемелерди шайлоого даярдоонун тиешелүү уюштуруучулук механизмдеринин жоктугу бул категориядагы жарандардын шайлоого болгон укуктарынын камсыздалбашынын негизги себептеринин бири болуп калууда.

Түзүлгөн жагдай КР ССМ, ЭСКММ жана БШК тиешелүү мамлекеттик органдардын координациялоо менен биргеликте иш алып барууну талап кылат. Бул иш-аракеттер психоневрологиялык ооруларга дуушар болгон жана психосоматикалык оорулары бар, бирок дарылануда жаткан адамдардын добуш берүү укуктарын камсыздоого багытталуусу керек.

Ошондой эле, тиешелүү мыйзамдык жана уюштуруучулук механизмдерди иштеп чыгуу менен бирге, психиатриялык мекемелерде жарандардын шайлоо укуктарынын мыйзамдуулугун жана тартибин жөнгө салуу керек.

Мындан тышкары, бардык психиатриялык мекемелерде формалдуу түрдө добуш берүү укугуна ээ болгон адамдардын (соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылган жана соттолгондорду эсепке албаганда) шайлоого катышуусун камсыз кылуу максатында добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнүн баардык этаптары практикалык түрдө иштелип чыгышы зарыл. Мында паспорттордун түп нускаларын талап кылуу же "Түндүк" электрондук сервисин колдонуу, шайлоодон мурун талапкерлер жана агитаторлор үчүн "ачык эшик күндөрүн" уюштуруу, бейтаптарды добуш берүү процедурасы тууралуу маалымдоо, ошондой эле кызматкерлер үчүн жашыруун добуш берүүнү жана персоналдын кийлигишүүсүн болтурбоо боюнча нускамаларды иштеп чыгып, мекемелердин кызматкерлерине атайын окуутуларды өткөрүү керек.

Ошону менен бирге, ПССМде жана психиатриялык оорукаланаларда жайгашкан жарандардын шайлоого болгон укуктарын камсыздоо боюнча уюштуруучулук жоболорду жана добуш берүү тартибин жөнгө салган өзүнчө мыйзамдык механизмдерди иштеп чыгуу жана комплекстүү талдоо өткөрүү зарыл.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине Борбордук шайлоо комиссиясы менен биргеликте:**

1. Психиатриялык оорукааналарда жана ПССМде жайгашкан жарандардын шайлоого болгон укуктарын камсыз кылуу максатында, шайлоо процессине даярдык көрүү боюнча мыйзамдык жана уюштуруучулук механизмдерди жөнгө салуучу тиешелүү ченемдик укуктук актыны кабыл алуу менен бирге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шайлоо процессин уюштурсун.
2. Психиатриялык оорукааналардын жана ПССМде кызматкерлерин шайлоо процессин уюштурууга жана даярдоо боюнча окутууларды өткөрсүн.

## 7.3. АИВ жана кургак учук менен жашаган адамдардын укуктарынын сакталышы

2025-жылы Акыйкатчы Институту, КР ССМ, ИИМ жана Юстиция министрликтеринин буйруктары менен бекитилген жумушчу топтун алкагында “Кыргыз Республикасында АИВ жана кургак учук боюнча кызмат көрсөтүүлөргө жетүүдөгү укуктук тоскоолдуктарды жоюу боюнча 2025-жылга карата иш-чаралар Планынын” аткарылышына мониторинг жүргүзүү менен бирге, АИВ менен жашаган адамдардын жана кургак учук менен ооруган бейтаптардын укуктарынын сакталышын изилдеген.


Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунун маалыматына ылайык, 2025-жылдын 1-августуна карата өлкөдө АИВ-инфекциясын жуктурган 14989 адам расмий каттоого алынган, алардын ичинен 14105 КР жарандары. Каза болгондордун саны 3698 адамды түзгөн. АИВ менен жашагандардын 61% эркектер, 39% аялдар түзөт. Өлкөдө АИВди эрте аныктоо деңгээли жетишсиз бойдон калууда, анын натыйжасында 2023-жылы АИВ менен жашаган жарандардын 58% АИВ-инфекциясынын өрчүгөн стадиясында аныкталган.

Чечилбеген социалдык маселелер, жогорку деңгээлдеги ички жана тышкы миграция, ретровируска каршы терапияны өз убагында алынбай калышына жана дарылоонун үзгүлтүккө учурашына алып келүүдө. 2019–2021-жылдары дарылоону жаңы баштаган 4 443 АИВ менен жашагандардын ичинен 28% (1 252 адам) дарылоону токтоткон. Алардын ичинен 38% каза болгон, 27% эмгек миграциясында жүргөн, 19% медициналык көзөмөлдөн чыгып кеткен, ал эми 16% боюнча дарылоону токтотуунун себептери белгисиз.

КРда АИВ-инфекциясынын эпидемиялык процесси өзгөрүүдө. Барган сайын АИВ жугуу коркунучу жогору топторго кирбеген басымдуу бөлүгү жалпы калктын арасында аныктоо учурлары катталууда. Мисалы, 2025-жылы жалпысынан 1 087 жаңы учур аныкталган. Ошол эле учурда негизги коркунуч тобуна кирген калк арасында (баңги заттарды колдонгондор, секс-кызматкерлер, кургак учук менен ооругандар жана ЭЖЭ) 103 учур аныкталган.

2024-жылы АИВ-инфекциясынын эң жогорку катталуу деңгээли Бишкек шаарында байкалган. КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, бул көрсөткүч 1 000 калкка 0,38ди түзүп, республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 2,5 эсеге жогору болгон (1-диаграмма). Бишкек шаарындагы мындай көрсөткүч жаңы учурлардын статистикалык каттоосу алардын аныкталган жери боюнча жүргүзүлүшү менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда АИВ-инфекциясынын эң төмөн деңгээлде аныкталышы Баткен облусунда катталып, 1 000 калкка 0,06ны түзгөн, бул республика боюнча орточо көрсөткүчтөн 2,5 эсеге төмөн (диаграмма).

диаграмма



**Кургак учук боюнча эпидемиологиялык абал**

Улуттук фтизиатрия борборунун маалыматына ылайык, 2025-жылы КР (ЖАМК мекемелерин кошкондо) 2024-жылга салыштырмалуу кургак учук менен ооругандардын көрсөткүчү салыштырмалуу туруктуулукта сакталган. 2025-жылы кургак учуктун жаңы учурлары, рецидивдер жана мурдагы дарылоо тарыхы белгисиз болгон учурлар менен кошо жалпысынан 3 979 учур катталган, оорулуулук көрсөткүчү 100 миң калкка 55,1ди түзгөн.

Кургак учуктун эң жогорку деңгээли мурдагыдай эле Чүй облусунда – 100 миң калкка 68,1 жана Бишкек шаарында – 100 миң калкка 72,2 катталган. Эң төмөн көрсөткүч Ысык-Көл облусунда – 100 миң калкка 32,4 түзгөн.

2024–2025-жылдар аралыгында кургак учуктун жаңы учурлары, рецидивдери жана мурдагы дарылоо тарыхы белгисиз болгон учурлар боюнча аймактар кесилишиндеги көрсөткүчтөр төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

| Аймактар | Абсолюттук сан | | 100 000 калкка карата көрсөткүч | |
|---|---|---|---|---|
| | 2024 | 2025 | 2024 | 2025 |
| **Республика** | **3917** | **3912** | **54,2** | **54,2** |
| Баткен облусу | 235 | 263 | 39,9 | 44,6 |
| Жалал-Абад облусу | 678 | 611 | 50,3 | 45,4 |
| Ысык-Көл облусу | 210 | 177 | 38,4 | 32,4 |
| Нарын облусу | 166 | 134 | 53,0 | 42,7 |
| Ош облусу | 650 | 769 | 46,3 | 54,7 |
| Талас облусу | 149 | 112 | 53,4 | 40,2 |
| Чүй облусу | 800 | 657 | 83,0 | 68,1 |
| Бишкек шаары | 794 | 945 | 60,7 | 72,2 |
| Ош шаары | 235 | 244 | 50,2 | 52,1 |
| ЖАМК | 72 | 67 | | |
| **Республика ЖАМК менен** | **3989** | **3979** | **55,2** | **55,1** |

Кыргыз Республикасы боюнча (ЖАМК мекемелерин кошо алганда) 2025-жылы кургак учуктан өлүм көрсөткүчү төмөндөп, 100 миң калкка 2,1% (155 учур) түздү. 2024-жылы бул көрсөткүч 100 миң калкка 2,8% (200 учур) түзгөн.

Республика боюнча 2025-жылы кургак учуктун өрчүгөн учурларынын (фиброздук-каверноздук кургак учук жана кургак учук менингити) үлүшү, ЖАМК мекемелерин кошо алганда, мурунку жылга салыштырмалуу төмөндөп, 2,1% (74 учур) түздү. 2024-жылы бул көрсөткүч 2,9% (105 учур) түзгөн.

Акыйкатчы Институту Нарын, Ысык-Көл жана Талас облустарында АИВ-инфекциясы жана кургак учук менен ооруган бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүүчү ооруканаларга, борборлорго жана бөлүмдөргө, ошондой эле бул инфекциялар жугуу коркунучу бар жабык мекемелерге мониторинг жүргүздү.

Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалды талдоонун жана мониторингдик сапарлардын жыйынтыгы менен төмөнкү системдүү көйгөйлөр аныкталган.

**АИВ-инфекциясын жана гемоконтакттык вирустук гепатиттерди жеңүү боюнча мамлекеттик программанын жоктугу**

1. Кыргыз Республикасында АИВ-инфекциясын жеңүү боюнча 2017–2021-жылдарга карата мамлекеттик Программа КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 852 токтому менен бекитилип, 2021-жылы мөөнөтү бүткөн. Мөөнөтү аяктагандан бери жаңы мамлекеттик Программа ушул күнгө чейин бекитилген эмес. 2023–2027-жылдарга карата иштелип чыккан

жаңы программа долбоор түрүндө даярдалып, коомчулукка жарыяланганына карабастан, төрт жылдан бери макулдашуу жана талкуулоо стадиясында калып, бүгүнкү күнгө чейин ишке киргизилбей келет.

Бекитилген мамлекеттик программанын жоктугу эпидемияга системдүү жана ырааттуу жооп кайтаруу мүмкүнчүлүгүн чектеп, алдын алуу жана дарылоо иш-чараларынын натыйжалуулугун төмөндөтүп, АИВ-инфекциясына каршы комплекстүү мамлекеттик саясатты ишке ашырууга тоскоолдук жаратууда.

АИВ-инфекциясы жана кургак учук учурларынын өсүшү, оорулардын кеч аныкталышы, дарылоодон баш тартуу жана дарылоонун үзгүлтүккө учурашы менен байланыштуу болуп, Кыргыз Республикасын 2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) жетүүсүн кечеңдетет.

Белгилей кетсек, ТӨМ алкагында СПИД, кургак учук, безгек жана азыркы учурда жетиштүү көңүл бурулбаган тропикалык оорулар эпидемиясына чек коюу жана аларды жоюу, ошондой эле вирустук гепатиттерге, суу аркылуу жугуучу ооруларга жана башка инфекциялык ооруларга каршы эффективдүү күрөш жүргүзүү милдети коюлган.

2. Мониторингдин жүрүшүндө АИВ менен жашаган адамдарга жана кургак учук менен ооруган бейтаптарга карата коомдо кодулоо жана стигматизациялоо учурлары бар экендиги аныкталган.

Мисалы, *Талас облусунда медициналык кызматкерлер тарабынан аялдын жана анын баласынын АИВ-статусу тууралуу купуя маалыматты ачыкка чыгаруу учуру катталган. Анын кесепетинен жаран психологиялык басымга жана обочолонууга кабылып, ал эми анын баласын мектептин биринчи классына кабыл алуудан баш тартуу аракеттери болгон. Маселе КРнын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын кийлигишүүсүнөн кийин гана чечилип, бала окууга кабыл алынган. Бирок, күнөөлүү медициналык кызматкерге карата эч кандай чаралар көрүлгөн эмес, анткени баланын энеси өзүнө жана баласына карата терс кесепеттерден кооптонуп, укук коргоо органдарына кайрылуудан баш тарткан. Бул маселе Талас облусунун администрациясынын алдындагы саламаттык сактоо боюнча координациялык кеңештин жыйынында каралып, көзөмөлгө алынган.*

Кургак учук менен ооруган бейтаптарга карата да стигматизациялоо жана кодулоо фактылары орун алууда. “Жети-Өгүз” республикалык кургак учукка каршы реабилитациялык борборунда бейтаптарга жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча дээрлик бардык бейтаптар ооруларына байланыштуу стигмага жана кодулоого кабылганын белгилешкен. Дарылануусу аяктап, оору коом үчүн кооптуу болбой калганда да, кодулоолорго учурап жатышканын белгилешкен. Алар айрыкча жумушка орношууда, социалдык жана медициналык мекемелерге кайрылууда, ошондой эле жакын туугандары тарабынан терс мамиле жана басым көрсөтүүлөрүн белгилешкен.

Ошону менен бирге, АИВ жана кургак учукка байланыштуу стигматизация жана кодулоо учурлардын орун алышы профилактика, дарылоо жана колдоо кызматтарына жетүүнүн олуттуу тоскоолдуктары болуп калууда. Оорулардын кеч аныкталышы, дарылоодон баш тартуу же аны үзгүлтүккө учуратуу өлкөнүн стратегиялык максаттарына жетүүсүнө тоскоол болуп, АИВ жана кургак учуктун андан ары жайылышына шарт түзүүдө.

3. Республикадагы кургак учукка каршы мекемелердин инфраструктурасы жана имараттары, анын ичинде Баткен облустук кургак учукка каршы борбору, Кемин шаарындагы кургак учук менен ооругандар үчүн паллиативдик жардам көрсөтүүчү оорукана жана “Жети-Өгүз” туберкулезго каршы реабилитациялык борборунун азык-түлүк сактоочу кампа имараты санитардык-эпидемиологиялык талаптарга жооп бербейт. Аталган мекемелердин көпчүлүк имараттары совет мезгилинде курулган жана учурда авариялык же канааттандырарлык эмес абалда. Мекемелердин имараттарынын талаптарга жооп бербеген абалы бейтаптардын татыктуу шарттарда дарылануу укугунун бузулушуна алып келип, бейтаптар менен бирге, медициналык кызматкерлер үчүн кооптулукту жаратат.



Мисалы, “Жети-Өгүз” реабилитациялык борборунун кампасында азык-түлүктөр менен катар (чай, кофе, жумуртка, туз ж.б.) кемирүүчүлөрдү жок кылуу үчүн колдонулуучу уулуу заттар төмөнкү текчелерде беш идиште сакталган жана алардан кескин жыт чыгып турган. Кароонун жүрүшүндө шыпта жана дубалдарда агындылар жана көгөрүү табылган, бул сактоо шарттарына туура келбейт жана азык-түлүктүн бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча КР ССМ жана Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментине чара көрүү актылары жөнөтүлгөн. Мекемеге 5 000 сом өлчөмүндө айып салынган, жооптуу кызмат адамы тартиптик жоопкерчиликке тартылган, бирок жаңы кампалык жай куруу маселеси бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келет.

4. Өлкө боюнча кургак учукка каршы мекемелерде квалификациялуу фтизиатр жана фтизиопедиатр адистеринин курч жетишсиздиги байкалууда. Мунун негизги себептери – эмгек акынын төмөндүгү, социалдык кепилдиктердин жетишсиздиги жана кесипке болгон кызыгуунун төмөн деңгээли. Студенттердин, ординаторлордун жана жаш дарыгерлердин арасында да бул адистиктерге карата стигматизация сакталууда. Көпчүлүгү фтизиатрияны тандап, кургак учук менен ооруган бейтаптарды дарылоого даяр эмес. Азыркы убакта системада иштеп жаткан адистердин олуттуу бөлүгү пенсияга жакын же пенсия курагында болуп, заманбап маалыматтык системалар менен иштөөдө кыйынчылыктарга дуушар болууда. Жакынкы келечекте жаш адистердин жоктугу кадрдык жетишсиздик маселесинин курчушуна алып келип, мындан ары күчөө тобокелдигин жаратууда.

5. КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 8-августундагы № 479 токтому менен кургак учукту дарылоодон баш тарткан адамдарды обочолонтуу тартиби бекитилген. Бул тартип, кургак учукка каршы медициналык мекемелерде милдеттүү дарылоого тийиш болгон адамдарды коомдон обочолонтуу аркылуу жугуу коркунучун алдын алууга багытталган. Дарылоодон баш тарткан адам медициналык корутундунун жана соттун чечиминин негизинде мажбурлап дарылоо мекемесине жөнөтүлөт.

Улуттук фтизиатрия борборунун акыркы расмий маалыматына ылайык, аталган тартип кабыл алынган учурдан тартып бүгүнкү күнгө чейин мажбурлап обочолонтуу жана дарылоо учурлары катталган эмес. Мындан тышкары, аталган тартиптин негизинде милдеттүү изоляция тууралуу соттук чечимдер да болгон эмес.

Ошого байланыштуу медициналык мекемелерди кайтаруу жана коопсуздук чараларын камсыз кылуу маселелери практикада ишке ашырылган эмес, күзөт кызматтары менен келишимдер түзүлгөн эмес.

Бирок, келечекте аталган тартип практикалык колдонууга киргизилиши мүмкүн. Мындай шартта, негизги функциясы медициналык жардам көрсөтүү болгон медицина кызматкерлерине, коопсуздукту камсыз кылуу милдети жүктөлүп калышы мүмкүн. Белгилей кетсек, мажбурлап дарылоодо бейтаптар тарабынан каршылык көрсөтүү, чыр-чатактар жана качууга аракеттенүү менен коштолушу ыктымал.

Ушуга байланыштуу мажбурлап обочолонтуу мезгилинде адистештирилген кайтарууну камсыз кылуу жана кургак учукка каршы бөлүмдөрдү тиешелүү коопсуздук чаралары менен жабдуу маселелери чечилиши зарыл.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. 2026–2030-жылдарга карата АИВ-инфекциясын жана гемоконтакттык вирустук гепатиттерди жеңүү боюнча жаңы мамлекеттик программаны бекитүү жана анын ишке ашырылышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.
2. Баткен облустук кургак учукка каршы борборунун, Кемин шаарындагы кургак учук менен ооругандар үчүн паллиативдик жардам көрсөтүүчү оорукананын жана “Жети-Өгүз” туберкулезго каршы реабилитациялык борборунун азык-түлүк сактоочу кампанын жаңы имараттарын куруу жолу менен инфраструктураны жаңылоо маселесин карасын.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:**

1. АИВ менен жашаган адамдарга жана кургак учук менен ооругандарга карата стигманы жана кодулоону азайтуу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн, анын ичинде:
   - калк арасында жана медицина кызматкерлери үчүн бейтаптардын укуктары жана кодулоого жол бербөө боюнча маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү;
   - медицина мекемелеринин кызматкерлери үчүн этика, купуялуулук жана толеранттуу мамиле боюнча милдеттүү түрдө окутууларды уюштурууну.
2. АИВ жана кургак учукту эрте аныктоо боюнча тиешелүү иш-чараларды күчөтсүн, анын ичинде:
   - алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү кызматкерлерин АИВ жана кургак учукту эрте аныктоо маселелери боюнча окутууларды өткөрүүнү;
   - Улуттук фтизиатрия борбору, Баштапкы санитардык жардам жана Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти адамдарды каттоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча бирдиктүү система аркылуу ведомстволор аралык кызматташууну бекемдөөнү.
3. “Фтизиатрия” адистигинин манилүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чаралар комплексин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, анын ичинде эмгек акыны жогорулатуу, социалдык жана материалдык кепилдиктерди кеңейтүү, максаттуу даярдоо, насаатчылык жана кесиптик багыт берүү программаларын киргизсин.
4. Региондогу кургак учукка каршы мекемелерге методикалык жана клиникалык колдоо көрсөтүү үчүн телемедицинаны жана аралыктан консультация берүү ыкмаларын кеңейтсин.
5. Кургак учукту мажбурлап дарылоону колдонууда күзөт маселесин каржылоо үчүн КР Министрлер Кабинетине тиешелүү сунуш киргизүү жана ИИМдин кайтаруу кызматы менен келишим түзүү менен бирге, бейтаптарды мажбурлап дарылоодо медициналык мекемелерди коопсуздук менен камсыз кылсын.

## 7.4. Майыптыгы бар адамдардын эмгек укуктары

2025-жылдын ноябрь, декабрь айларында Акыйкатчы Институту Социалдык кызматтарды өнүктүрүү фонду менен биргеликте майыптыгы бар адамдардын укуктарын толук ишке ашырууга тоскоол болгон көйгөйлөрдү аныктоого багытталган бир катар иш-чараларды ишке ашырды.

2025-жылдын 11-19-ноябрында КР облустарында жарандык коом уюмдарынын, майыптыгы бар адамдардын бирикмелеринин жана жергиликтүү калктын өкүлдөрү менен координациялык жолугушуулар өткөрүлдү.

Аталган жолугушууларда майыптыгы бар адамдарды медициналык каражаттар жана реабилитациялык жабдуулар менен камсыз кылуу, дарылоо жана реабилитациялык кызматтардын, анын ичинде курорттук дарылоонун сапатына байланыштуу маселелер каралды. Ошондой эле, катышуучулар, мамлекеттик имараттардын жана социалдык инфраструктуранын жеткиликтүү эместиги алардын кызматтарды өз алдынча алуу жана коомдук жашоого толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүгүн чектеп келерин билдиришти. Медициналык-социалдык экспертизаны өтүүдөгү кыйынчылыктарга, анын ичинде процедуралык жана маалыматтык тоскоолдуктарга өзгөчө көңүл бурулуп, реабилитациялык кызматтарды өнүктүрүүдөгү кемчиликтер жана адистештирилген борборлордун аз саны да белгиленди.

Катышуучулар инклюзивдик билим берүүгө жетүүдөгү чектөөлөрдү, жумушка орношуу учурундагы тоскоолдуктарды белгилеп, бул алардын социалдык жана экономикалык интеграциясына таасир эте тургандыгын айтышты.

Ушуга байланыштуу, 2025-жылдын 1–2-декабрында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери Социалдык кызматтарды өнүктүрүү фонду менен биргеликте майыптыгы бар адамдардын эмгек укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүштү.

Мониторингдин жүрүшүндө, майыптыгы бар адамдарды жумушка алуу үчүн белгиленген 4% квотанын сакталышы, жумуш убактысынын стандарттарынын сакталышы, пандустарды, лифттерди, дааратканаларды жана унаа токтотуучу жайларды камтыган тоскоолдуксуз инфраструктуранын болушу жана абалы бааланды. Коопсуз жана жеткиликтүү жумуш шарттарын түзүү чаралары, жумуш коллективдеги инклюзивдүүлүктүн деңгээли жана кызматкерлердин инклюзивдүү маданияттын негиздери боюнча маалымдуулугу жана окутуу практикасы да талданды. Мониторинг 18 уюмду, анын ичинде 3 мамлекеттик органды, 8 жеке компанияны жана 7 билим берүү мекемесин камтыды.

Мониторингдин жыйынтыктарына ылайык, 18 уюмдун экөө гана майыптыгы бар адамдарды жумушка алуу боюнча белгиленген 4% квотаны аткарган. Алар, Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети (4,1%) жана Баткен облусундагы №57 кесиптик лицейи (9,4%). Калган жумуш берүүчүлөр муну, адатта, майыптыгы бар жумуш издегендердин аз келиши менен байланыштырышты.

| № | Уюмдун аталышы | Жумушчулардынж алпы саны | Майыптыгы бар жумушчулар | Пайыздык көрсөткүч |
|---|---|---|---|---|
| 1 | КР Агартуу министрлиги | 94 | 3 | 3.2% |
| 2 | КР Финансы министрлиги | 305 | 5 | 1.6% |
| 3 | Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик | 94 | 2 | 2.1% |
| 4 | “Шоро” ЖАК | 784 | 7 | 0.9% |
| 5 | ЖЧК “Куликовский Кондитердик үйү” | 2050 | 5 | 0.25% |
| 6 | ЖЧК “Нур Телеком” | 1100 | 3 | 0.3% |
| 7 | Ош мамлекеттик университети | 3818 | 26 | 0.7% |
| 8 | ЖЧК “Курулуш материалдарынын түштүк комбинаты” | 480 | 0 | 0% |
| 9 | Баткен ш. №57 кесиптик лицейи | 53 | 5 | 9.4% |
| 10 | Кызыл-Кыя консервдик заводу | 12 | 0 | 0% |
| 11 | “Двойняшки” кондитердик фабрикасы | 247 | 7 | 2.8% |
| 12 | Заманбап эл аралык университети | 102 | 2 | 1.9% |
| 13 | Борбордук Азия университети | 102 | 0 | 0% |
| 14 | “Рыскулов” атындагы Нарын драма театры | 140 | 1 | 0.7% |
| 15 | Талас мамлекеттик университети | 105 | 0 | 0% |
| 16 | “Талас сүт” ЖАК | 49 | 0 | 0% |
| 17 | “Тыныстанов” атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети | 389 | 16 | 4.1% |
| 18 | ЖЧК “Нурислам Эмерек” | 90 | 1 | 1.1% |

Ошондой эле, талдоо көрсөткөндөй, мониторингге алынган бардык уюмдарда толук жеткиликтүү инфраструктура дээрлик жок. Жалгыз өзгөчөлүк катары КР Финансы министрлигин айтсак болот. Анда толук жеткиликтүү дааратканa, жабдылган лифт, талаптарга жооп берген пандустар жана кенен, бордюрсуз эшиктер болгон.

Аталган шарттардын жоктугу майыптыгы бар адамдардын мобилдүүлүгүнө, эмгеке жана коомдук жашоого толук катышуусуна олуттуу тоскоолдуктарды жаратат. Жеткиликсиз инфраструктура, майыптыгы бар жумушчулардын башкалар менен бирдей өз милдеттерин аткаруу мүмкүнчүлүгүн чектейт жана алардын мобилдүүлүгүн, өзүнө болгон ишенимин төмөндөтүп, жумуш ордунда социалдык четтетүү жана басмырлоо коркунучун жогорулатат.

Ошондой эле, каралган уюмдарда кызматкерлерди инклюзивдүү маданият боюнча системдүү окутуу жетишсиз экени белгиленди. Адатта, кызматкерлерге ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын муктаждыктарын жана укуктарын толук түшүнүүгө мүмкүндүк бербеген тааныштыруу маектери гана өткөрүлөт. Натыйжада, кызматкерлерде көбүнчө ылайыкташтырылган жана колдоочу жумуш чөйрөсүн түзүү үчүн зарыл болгон билимдер жана көндүмдөр жетишсиз. Системдүү окутуунун жоктугу эмгек жамаатындагы инклюзивдүүлүктүн деңгээлине таасир этет, майыптыгы бар кесиптештер менен өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун төмөндөтөт. Бул кызматкерлердин кесиптик өсүүсүн жана жумуш ордунда толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Мамлекеттин карамагындагы социалдык, билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелеринде тоскоолдуксуз чөйрөнү түзүүнү камсыз кылсын.

2. Ар бир аймакта майыптыгы бар адамдар үчүн мамлекеттик реабилитациялык борборлор түзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Иш берүүчүлөрдүн майыптыгы бар адамдарды жумушка алуу үчүн белгиленген 4% квотаны аткаруусун көзөмөлдөөнү күчөтсүн, ылайыкташтырылган жумуш орундарын жана коопсуз, инклюзивдүү чөйрөнү түзүүгө көмөктөшсүн.
2. Майыптыгы бар адамдар үчүн ылайыкташтырылган кесиптик окутуу жана кесиптик өнүктүрүү программаларын иштеп чыгып, ишке ашырсын.
3. Майыптыгы бар адамдардын социалдык кызматтар жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдуулугун камсыз кылсын.
4. Санариптик куралдарды киргизүү менен медициналык-социалдык экспертизаны өтүүнү жөнөкөйлөтсүн.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине:**

1. Медициналык шаймандар жана реабилитациялык жабдуулар менен камсыз кылуу программаларын кеңейтип, жакшыртсын.
2. Медициналык жана реабилитациялык кызматтардын, анын ичинде курорттук дарылоонун сапатын жогорулатсын.
3. Жарандарды көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалымат менен кеңири камсыз кылсын.

## Кыскартуулардын тизмеси:

**КР** - Кыргыз Республикасы;
**КР ЖК** - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши;
**КР ЖС** - Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту;
**КР ЖС КП** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы;
**КР МК** - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети;
**КР БП** – Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы;
**КР УКМК** – Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети;
**КР ИИМ** - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги;
**КР ТИМ** – Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги;
**КР ЭСММ** - Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги;
**КР ЮМ** - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги;
**КР ССМ** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги;
**КР КМ** - Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги;
**МСК** – Мамлекеттик салык кызматы;
**КР УСК** - Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети;
**КР БШК** - Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы;
**КР ССМ ММКФ** - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду;
**УШК** - Участкалык шайлоо комиссиясы
**БИК** - Балдар иштери боюнча комиссиясы
**МКК** – Мамлекеттик каттоо кызматы
**КР МК ЖАМК** - Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы;
**КМДБ** – Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгы;
**АТФ** - Азиатско-Тихоокеанский форум национальных правозащитных учреждений;
**ДИАУБ** - Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу;
**КМШАУК** - Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Адам укуктары боюнча комиссиясы;
**КМШ** - Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги;
**УУКМ** - Улуттук укук коргоо мекемелери
**БАЭ** - Бириккен Араб Эмираттары;
**РФ** - Россия Федерациясы;
**АКШ** - Америка Кошмо Штаттары;
**ЕККУ** - Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму;
**БУУ** - Бириккен Улуттар Уюму;
**БУУӨП** - БУУнун Өнүктүрүү программасы
**БУУАУЖКБ** - БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы;
**БУУЭСК** - БУУнун Экономикалык жана Социалдык Кеңеши
**МКЮЖ** - Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам
**ИИББ** - Ички иштер башкы башкармалыгы;
**КР ИИМ МАККББ**- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Мамлекеттик адистештирилген күзөт кызматынын башкы башкармалыгы;
**МИ** - Мамлекеттик ишкана;
**КР МК ЖАМК ККД** - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын Кайтаруу жана конвой департаменти;
**КР КК БШ УМББ** - Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабынын Уюштуруу-мобилизациялык башкы башкармалыгы
**АДК** - Аскердик-дарыгердик комиссия
**ЖОПСБ** - Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борбору
**ООПНБ** - Ош облустук психиатрия жана наркология борбору ;
**МСЭК** - Медициналык-социалдык экспертиза комиссиясы
**ЖЖЭИБИ** - Жашы жете электер иштери боюнча инспектор

## Кыскартуулардын тизмеси:

**БИБК** - Балдар иштери боюнча комиссия
**УААМ** - Улуттук алдын алуучу механизм;
**УТРК** - Улуттук телерадиоберүү корпорациясы;
**ҮББКБ** - Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмү
**ЖРТ** - Жалпы республикалык тестирлөө;
**ИИО** - Ички иштер органдары;
**ДПД** - Деталдуу пландоо долбоору;
**САКБ** - Сот аткаруучулар кызматынын бөлүмү
**ПНССМ** - Психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелер;
**РАК** - Райондук аскер комиссариаты;
**РИИБ** - Райондук ички иштер башкармалыгы;
**КР КК РЖП** - Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Республикалык жыйноо пункту;
**РДРБ** - Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору;
**ИИБ ТК** - Ички иштер башкармалыгынын тергөө кызматы;
**АИЖВ** - Адамдын иммундук жетишсиздик вирусу;
**КР ССМ ОААМСЭКД** - Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти;
**УКЖ** - Убактылуу кармоо жайы;
**КММА** - И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы;
**АИЖВ МЖА** - Адамдын иммундук жетишсиздик вирусу менен жашаган адамдар;
**МБ** - Медициналык борбор;
**ОГУБ** - Онкология жана гематология улуттук борбору;
**ЭБКУБ** - Эне жана баланы коргоо улуттук борбору;
**ФУБ** - Фтизиатрия улуттук борбору;
**ПТМЖ** - Психиатриялык тез медициналык жардам;
**ПТР** - полимераздык тизмектүү реакция;
**ПЭГ** - полиэтиленгликоль;
**РПО** - Республикалык психиатриялык оорукана;
**РКАЖВГжАИВКБ** - Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борбору
**РПНБ** - Республикалык психиатрия жана наркология борбору;
**ТИЗО** - Тергөө изолятору;
**КИЖС** - Кабылданган иммундук жетишсиздик синдрому
**КУ** - Кургак учук
**УҮИ** - Ультраүндүк изилдөө
**ҮМБ** - Үй-бүлөлүк медицина борбору;
**АИЗО** - Айып изолятору;
**ВКБ** - Видеоконференцбайланыш;
**ЖОЖ** - Жогорку окуу жайы;
**ЛГБТ** - Лесбиянкалар, гейлер, бисексуалдар жана трансгендер адамдар
**КЭУ** - Коммерциялык эмес уюм;
**ЖМК** - Жалпыга маалымдоо каражаттары;
**АББФЖК** - Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы;
**ЖСУЭАП** - Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
**ЧУА** - Ченемдик укуктук актылары;
**КР ЖАК** - Кыргыз Республикасынын Жаза-аткаруу кодекси;
**КР КЖК** - Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси;
**КР УЖПК** - Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси;
**АМС** - Автоматташтырылган маалыматтык система;
**КБР** - Кылмыштардын бирдиктүү реестри;

## 2025-жылы жарандардын укуктарын бузган жана КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарбаган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги

| № | Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы | Кызмат адамынын Ф.А.Ж., ээлеген кызмат орду | Адамдын бузулган укуктары жана эркиндиктери, ченемдик укуктук актылар (беренелер, жоболор) | Акыйкатчы Институту көргөн чаралар | Көрүлгөн чаралар боюнча натыйжалар (бузууларды жоюу, жоопкерчиликке тартуу ж.б.) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош облусунун Ноокат райондук соту | Судья Ибраева Ч.Н. | КР КЖПКнынн 106-бер. 6-п. талаптары бузулган. | Чара көрүү актысы Судьялар кеңешинин тартип комиссиясына жөнөтүлгөн 13.06.2025-ж. чыг. №108 | КР "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 26-бер. 1-бөл. 3-п. ылайык кароосуз кайтарылган. |
| 2 | Бишкек ш. Октябрь райондук соту Бишкек ш. Свердлов райондук соту | Судья Токтосунов Н. Т., Судья Тургунбекова Г. Р. | КР КЖПКнын 106-бер. 6-п. жана 421-бер. 1-п. талаптары бузулган. | Чара көрүү актысы Судьялар кеңешинин тартиптик комиссиясына жөнөтүлгөн 13.06.2025-ж. чыг. №107 | КР "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамдын 33, 36-бер. ылайык, канааттандыруудан баш тартылган. |
| 3. | Ош шаардык сот аткаруучулар кызматы | Ош шаардык САКБнын сот аткаруучусу Бутаев Э.В. | КР "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Мыйзамынын 40-бер. 2-бер. 2-бөлүм 1,2 п.п., 4-бер. 1-3 б. бузулган. | КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин Ош облустук башкармалыгына чара көрүү акты жиберилген. 07.02.2025-ж. чыг. №66/118 | 25.02.2025-ж. №01-21/285 жана 19.03.2025-ж. №01-21/426 менен келген жооптор, коюлган суроолордун маанисине дал келбейт |
| 4. | Ош облусунун Ноокат райондук соту | Судья Ибраева Ч.Н. | КР КЖПКнин 106-бер. 6-б., 421-бер. 1-б. жана 2-б. 4-п. талаптары бузулган | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун тартип комиссиясына чара көрүү актысы жөнөтүлгөн. 28.05.2025-ж. чыг. №66/458 | Кароодон баш тартылган |
| 5. | Ош облусунун Алай райондук сот аткаруучулар кызматы (САКБ) | Ош облусунун Алай райондук САКБнын сот аткаруучу | КР «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Мыйзамынын 93-бер., КР Конституциясынын 27-бер., Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын 27-бер. жана КР Үй-бүлө кодексинин 86-бер. талаптары бузулган | КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин Ош облустук башкармалыгына чара көрүү акты жиберилген. 08.07.2025-ж. чыг. №66/604 | Сот департаментинин жообуна ылайык, учурда Сот департаменти КРнын Башкы прокуратурасынын карамагына өткөндүгүнө байланыштуу чара көрүү актысы кароосуз калтырылган |
| 6 | Баткен облусунун Баткен райондук прокуратурасы | Баткен облусунун Баткен райондук САКБнын кызматкери Жалил уулу Д. | КР "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Мыйзамынын 93-беренесинин талаптары бузулган. | Чара көрүү акты прокуратурага жиберилген. 24.09.2025-ж. чыг. №65/524 | Келтирилген сунуш боюнча так жооп келген эмес |
| 7 | КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, Ош мамлекеттик университети | КР ИЖБИМнин кызматкери Асан кызы А. ОШМУ ректору Кожобеков К.Г, | КР Конституциясынын 22-бер., КР Граждандык кодексинин 342-бер. жана КР "Күрөө жөнүндө" Мыйзамынын 4-бер. 1-бөл. бузулган | Чара көрүү актысы КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине жиберилген 25.08.2025-ж. чыг. №12/736 | Министрлик чара көрүү актысына көңүл бурган эмес, формалдуу жооп берүү менен гана чектелген. Кийинчерээк Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына 25.09.2025-ж. №175 кат жөнөтүлүп, анын жыйынтыгы боюнча арыз ээсинин укуктары калыбына келтирилген |
| 8 | Нарын облусунун Кочкор районунун Көк-Жар айыл өкмөтү | Көк-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы Абдылдаев Т.Ш. | КР «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамынын 8-бер., 2-3-п.,талаптары бузулган | Кочкор райондук мамлекеттик администрациясына чара көрүү акты жиберилген. 26.03.2025-ж. чыг. №67/119 | Кочкор РМАнан чыг.№01-8/1341 сандуу кат менен СЭД аркылуу келген эместигин билдирген. |
| 9 | Республикалык психиатрия жана наркология борбору | | КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 9-апрелиндеги № 260-т тескемесинин талаптары бузулган | КР Саламаттык сактоо министрлигине чара көрүү акты жиберилген. 12.04.2025-ж. чыг. №18/419 | КР Министрлер Кабинетинин №260-тескемесинин аткарылышы боюнча чара көрүү актысында келтирилген дооматтар аткарылган эмес |
| 10 | Ош облустук Араван РИИБ | Араван РИИБнун жашы жете электер менен иштоо инспекциясынын аймактык кызматкерлери | КР «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамынын 8-бер. 2-п. талаптары бузулган | Араван райондук мамлекеттик администрациясына чара көрүү акты жиберилген. 25.12.2024-ж. чыг.№66 1044 | Араван РМАсынын жообу 05.02.2025-ж. №01-18/328 сандуу кат менен сунуштамада көрсөтүлгөн укук бузууларды аныктоо мүмкүн болбогондугу билдирилген. |

**2025-жылы жарандардын укуктарын бузган, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын сунуштарын аткарган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси**

# Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институтунун 2025-жылга бюджеттик сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет.

к приказу Министерства финансов КР
Приказ №137 от 25 декабря 2018 г.

**Форма 2. Отчет об исполнении сметы расходов по бюджетным средствам**

Учреждение: **4402011101000268- Аппарат Акыйкатчы (Омбудсмена) КР**

Отчетная дата: 12.01.2026

Отчетный период: **Декабрь 2025 года**

Единица измерения:(сом)

Классификация ведомственная: 21110

Классификация функциональная: 70337

| Показатели | Коды статей и элементов | Утверждено по смете на год | Уточнено по смете на отчетный | Кассовые расходы | Фактически е расходы | Обязательства и контракты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **РАСХОДЫ** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| **Заработная плата** | **2111** | **83 603 900,00** | **83 603 900,00** | **77 806 299,43** | **0** | **0** |
| Основная заработная плата | 21111100 | 0,00 | 0,00 | 29 499 905,32 | 0 | 0 |
| Надбавки | 21111200 | 0,00 | 0,00 | 20 938 709,42 | 0 | 0 |
| Дополнительные выплаты и компенсации | 21111300 | 0,00 | 0,00 | 27 367 684,69 | 0 | 0 |
| **Взносы в Социальный фонд** | **2121** | **11 482 200,00** | **11 482 200,00** | **10 694 898,93** | **0** | **0** |
| Страховые взносы в пенсионный фонд, фонд | 21211100 | 0,00 | 0,00 | 10 694 898,93 | 0 | 0 |
| **Расходы на служебные поездки** | **2211** | **1 900 000,00** | **1 842 000,00** | **1 792 840,00** | **0** | **0** |
| Транспортные расходы | 22111100 | 0,00 | 0,00 | 135 545,54 | 0 | 0 |
| Гостиничные расходы | 22111200 | 0,00 | 0,00 | 130 076,32 | 0 | 0 |
| Суточные расходы | 22111300 | 0,00 | 0,00 | 63 200,00 | 0 | 0 |
| Транспортные расходы | 22112100 | 0,00 | 0,00 | 613 877,00 | 0 | 0 |
| Гостиничные расходы | 22112200 | 0,00 | 0,00 | 450 757,44 | 0 | 0 |
| Суточные расходы | 22112300 | 0,00 | 0,00 | 399 383,70 | 0 | 0 |
| **Услуги связи** | **2212** | **1 400 000,00** | **932 100,00** | **855 438,92** | **0** | **0** |
| Услуги телефонной и факсимильной связи | 22122100 | 0,00 | 0,00 | 180 060,80 | 0 | 0 |
| Услуги сотовой связи | 22122200 | 0,00 | 0,00 | 2 742,69 | 0 | 0 |
| Услуги фельдъегерской связи | 22122300 | 0,00 | 0,00 | 520,00 | 0 | 0 |
| Услуги почтовой связи | 22122400 | 0,00 | 0,00 | 190 184,85 | 0 | 0 |
| Прочие услуги связи | 22122900 | 0,00 | 0,00 | 481 930,58 | 0 | 0 |
| **Арендная плата** | **2213** | **180 000,00** | **280 800,00** | **280 600,00** | **0** | **0** |
| Аренда зданий и помещений | 22131100 | 0,00 | 0,00 | 280 600,00 | 0 | 0 |
| **Транспортные услуги** | **2214** | **1 950 000,00** | **903 400,00** | **810 150,57** | **0** | **0** |
| Бензин, дизель и прочее топливо | 22141100 | 0,00 | 0,00 | 72 000,00 | 0 | 0 |
| Приобретение запасных частей | 22141200 | 0,00 | 0,00 | 115 275,00 | 0 | 0 |
| Обслуживание транспортных средств | 22141300 | 0,00 | 0,00 | 124 283,02 | 0 | 0 |
| Прочие транспортные услуги | 22141900 | 0,00 | 0,00 | 498 592,55 | 0 | 0 |
| **Приобретение прочих товаров и услуг** | **2215** | **1 900 000,00** | **2 413 800,00** | **2 281 463,12** | **0** | **0** |
| Услуги в области информационных технологий | 22151400 | 0,00 | 0,00 | 16 300,00 | 0 | 0 |
| Приобретение санитарных услуг в содержании | 22152100 | 0,00 | 0,00 | 42 752,17 | 0 | 0 |
| Приобретение прочих услуг по содержанию зданий, | 22152900 | 0,00 | 0,00 | 84 000,00 | 0 | 0 |
| Представительские расходы | 22154100 | 0,00 | 0,00 | 252 556,24 | 0 | 0 |
| Расходы за изготовление бланков, медалей, значков | 22154200 | 0,00 | 0,00 | 135 645,00 | 0 | 0 |
| Оплата за оказание информационно- | 22154300 | 0,00 | 0,00 | 184 445,00 | 0 | 0 |
| Расходы на обязательное страхование имущества и | 22154500 | 0,00 | 0,00 | 112 019,84 | 0 | 0 |
| Прочие расходы, связанные с оплатой прочих услуг | 22154900 | 0,00 | 0,00 | 1 453 744,87 | 0 | 0 |
| **Приобретение предметов и материалов для текущих** | **2222** | **1 200 000,00** | **1 066 825,00** | **988 368,96** | **0** | **0** |
| Приобретение оборудования и материалов | 22221100 | 0,00 | 0,00 | 480 055,96 | 0 | 0 |
| Прочие приобретение предметов и материалов для | 22221200 | 0,00 | 0,00 | 508 313,00 | 0 | 0 |
| **Приобретение услуг охраны** | **2225** | **3 015 500,00** | **4 380 000,00** | **4 379 991,00** | **0** | **0** |
| Приобретение услуг вневедомственной охраны | 22251100 | 0,00 | 0,00 | 2 189 967,00 | 0 | 0 |
| Приобретение прочих охранных услуг | 22251900 | 0,00 | 0,00 | 2 190 024,00 | 0 | 0 |
| **Коммунальные услуги** | **2231** | **1 226 500,00** | **2 847 900,00** | **2 847 808,25** | **0** | **0** |
| Плата за воду | 22311100 | 0,00 | 0,00 | 34 767,48 | 0 | 0 |
| Плата за электроэнергию | 22311200 | 0,00 | 0,00 | 382 506,28 | 0 | 0 |
| Плата за теплоэнергию | 22311300 | 0,00 | 0,00 | 2 430 534,49 | 0 | 0 |
| **Текущие взносы организациям** | **2621** | **200 000,00** | **185 000,00** | **178 381,56** | **0** | **0** |
| Взносы в международные организации | 26211100 | 0,00 | 0,00 | 178 381,56 | 0 | 0 |
| **ИТОГО текущих расходов** | | **108 058 100,00** | **109 937 925,00** | **102 916 240,74** | **0** | **0** |
| | | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0 | 0 |
| **ОПЕРАЦИИ С АКТИВАМИ И ОБЯЗАТЕЛЬСТВАМИ** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| Машины и оборудование | 3112 | 1 056 100,00 | 920 000,00 | 911 386,00 | 0 | 0 |
| **Приобретение** | **3112** | **1 056 100,00** | **920 000,00** | **911 386,00** | **0** | **0** |
| **Продажа** | **3112** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| Приобретение компьютерного оборудования | 31123230 | 0,00 | 0,00 | 570 871,00 | 0 | 0 |
| Приобретение прочей мебели и оборудования | 31123290 | 0,00 | 0,00 | 340 515,00 | 0 | 0 |
| **ИТОГО нефинансовые активы** | | **1 056 100,00** | **920 000,00** | **911 386,00** | **0** | **0** |
| **Приобретение** | | **1 056 100,00** | **920 000,00** | **911 386,00** | **0** | **0** |
| **Всего расходов** | | **109 114 200,00** | **110 857 925,00** | **103 827 626,74** | **0** | **0** |

**Руководитель:**

**Главный бухгалтер:**

**Руководитель территориального подразделения**

**Исполнитель**

13.01

к приказу Министерства финансов КР
Приказ №137 от 25 декабря 2018 г.

**Форма 2. Отчет об исполнении сметы расходов по бюджетным средствам - Фонд**

Учреждение: **4402011101175878 - Аппарат Акыйкатчы (Омбудсмена) КР**

Отчетная дата: 12.01.2026
Отчетный период: **Декабрь 2025 года**

Единица измерения:(сом)
Классификация ведомственная: '21110'

Классификация функциональная: 70368

| Показатели | Коды статей и элементов | Утверждено по смете на год | Уточнено по смете на отчетный | Кассовые расходы | Фактически е расходы | Обязательства и контракты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **РАСХОДЫ** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| **Заработная плата** | **2111** | **0,00** | **21 547 800,00** | **21 540 113,43** | **0** | **0** |
| Дополнительные выплаты и компенсации | 21111300 | 0,00 | 0,00 | 21 540 113,43 | 0 | 0 |
| **Взносы в Социальный фонд** | **2121** | **0,00** | **3 439 000,00** | **3 439 000,00** | **0** | **0** |
| Страховые взносы в пенсионный фонд, фонд | 21211100 | 0,00 | 0,00 | 3 439 000,00 | 0 | 0 |
| **Приобретение прочих товаров и услуг** | **2215** | **0,00** | **400 000,00** | **339 423,27** | **0** | **0** |
| Представительские расходы | 22154100 | 0,00 | 0,00 | 307 910,99 | 0 | 0 |
| Прочие расходы, связанные с оплатой прочих услуг | 22154900 | 0,00 | 0,00 | 31 512,28 | 0 | 0 |
| **Расходы на текущий ремонт имущества** | **2221** | **0,00** | **100 000,00** | **59 668,40** | **0** | **0** |
| Расходы на текущий ремонт зданий и помещений | 22211100 | 0,00 | 0,00 | 34 668,40 | 0 | 0 |
| Расходы на текущий ремонт оборудования и | 22211300 | 0,00 | 0,00 | 25 000,00 | 0 | 0 |
| **ИТОГО текущих расходов** | | **0,00** | **25 486 800,00** | **25 378 205,10** | **0** | **0** |
| | | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0 | 0 |
| **ОПЕРАЦИИ С АКТИВАМИ И ОБЯЗАТЕЛЬСТВАМИ** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| Машины и оборудование | 3112 | 0,00 | 3 137 200,00 | 3 033 925,00 | 0 | 0 |
| **Приобретение** | **3112** | **0,00** | **3 137 200,00** | **3 033 925,00** | **0** | **0** |
| **Продажа** | **3112** | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| Приобретение прочих механизмов и оборудования | 31122290 | 0,00 | 0,00 | 21 200,00 | 0 | 0 |
| Приобретение мебели | 31123210 | 0,00 | 0,00 | 40 000,00 | 0 | 0 |
| Приобретение компьютерного оборудования | 31123230 | 0,00 | 0,00 | 1 250 465,00 | 0 | 0 |
| Приобретение прочей мебели и оборудования | 31123290 | 0,00 | 0,00 | 1 722 260,00 | 0 | 0 |
| **ИТОГО нефинансовые активы** | | **0,00** | **3 137 200,00** | **3 033 925,00** | **0** | **0** |
| **Приобретение** | | **0,00** | **3 137 200,00** | **3 033 925,00** | **0** | **0** |
| **Продажа** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| | | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0 | 0 |
| **Всего расходов** | | **0,00** | **28 624 000,00** | **28 412 130,10** | **0** | **0** |

**Руководитель:**

**Главный бухгалтер:**

**Руководитель территориального подразделения**

**Исполнитель**

13.01

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ (ОМБУДСМЕНИ)
OMBUDSMAN OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Баяндама, төмөнкү курамдагы комиссия тарабынан даярдалды :**

Джаманбаева Дж.А., Назаралиева А.К., Жоробаев Ж.С.,
Токтосунова Н.Ж., Аралбаев У.С., Абдукеримов А.М.,
Осмонова Р.Т., Доронбеков Ч.Д., Абылгазиева У.Р., Джандаев Э.Дж.
Тункатаров О.А., Касымбекова С.А., Ахметов М.А., Абдрахманова Т.А.,
Мамаев А.А., Сабиров М.С., Андабеков Н.Т., Курманбеков К.Б.,
Узакбаева Ж.А., Бердибаев Р.Ж.

**Форматы А4, - 118 б.**
**Нускасы 110 даана.**

Басып чыгарган жери: "Импрента" басмаканасы,
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Уметалиев көчөсү,127
тел: +996 559 888 348, + 996 559 888 371